ЖАНЫБЕК МЫРЗАИБРАИМОВ

# АТЫҢДЫ КОЙДУМ АТАБАЙ

**Ош – 2014**

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4
М 94

М 94 Мырзаибраимов Жаныбек
Атыңды койдум Атабай . –Ош: 2013 264 б.

ISBN 978-9967-18-072-7

Бул китепте автор өзүнүн эргүүлөрүн досторуна, эли журтуна уул-кыздарына, жаратылышка арнады.

М 4702300100-14

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-18-072-7
© Мырзаибраимов Ж.

# БАШ СӨЗ

Автордун «Атыңды койдум Атабай «ат менен чыгарган ыр жыйнагында бир топ ыр майданында такшалып калгандыгы байкалып турат. Буга чейин «Мен болсом», «Мен таарынбайм тагдырга» аттуу ыр жыйнактары жарык көргөн.

Колуңуздагы сиз таанышып турган ыр жыйнагында ар тараптуу теманы камтыйт. Мекен, ата журт, өмүр,. карылык, тирүүлүк жана башка. «Төөчү» деген ырында:

Көркүнө көзүм тойбой карап турам,
Картайып кеткен сайын өмүр улам.
Күн санап, сен өзгөрүп, мен өзгөрүп,
Качандыр кош айтышып колум сунам.

Мында автор туулган жердин ыйыктыгы, анын баалуулугуна жетишке , жете жашаса да көркүнө тойбой тургандыгын, өмүрдүн акыркы ыйык туткан тоосу менен коштошорун айта алган.

Ошондой эле улуу инсандарды эскерүү ырлары да орун алган. Таттыбүбүнү эскерүү иретинде

Таасири бар талант кыргыз элинин,
Таттыбүбү татпай жашооширинин.
Тагдырына таңкыс өмүр туш келип,
Таппай калды тапкан өнөр билимин.

Бул жыйнак жаштарга акыл насаат, тарбиялык маанидеги ырлардан кур эмес.

Автордун элдик оозеки чыгармаларды терең өздөштүрүп таасирленгендиги ырларынын уйкаштыгынан байкал ат.

Бек. Нур.

# ТУРМУШ, ТАГДЫР-БЕШЕНЕ

Турмуштун агы да бар, көгү да бар,
Тутулуп, көңүл калып чөгүү да бар.
Ташыган толкунуна ташып кеткен,
Туш-туштан ачуу, ширин сөгүү да бар.

Табылып, толкунундай жолугуу бар,
Тартууга кол шилтеген жолугу бар.
Тамаша таасирине кана бербей,
Турмуштун ашыгына оолугуу бар.

Тагдырдын татаалы бар, жоошу да бар,
Тамтаңдап мас болбогон соосу да бар.
Турмуш бул түп-түз эмес кең талаадай,
Ташкыны, тоскоол болгон тоосу да бар.
Туугандын тузак түйүп, кармап жүргөн,
Тор салып, күтүп жүргөн жоосу да бар.

*Автор*



## АТАБАЙЫМ

Өткөрүп, берейин деп турак жайым,
Өтө көп тилегемин атадайым.
Өмүрүм жетимишке жеткен чекте,
Өпкүлөп койгон атым Атабайым.

Өзүмдүн атам болгон Мырзаибраим,
Өксүтпөй жашты берип бир кудайым.
Өзгөртпөй жашын буйруп атакемдин,
Өмүрү жүзгө жетсин Атадайым.

Ой толкуп, ойлор толуп делебеме,
Опколжуп жүрөк батпай жан денеме.
Окуйт деп китебимди тартуу кылам,
Мен күткөн, Атабайдай неберeме.

*12-февраль 2014-жыл*



*Атабайдын атасы Абакир, апасы Нурзат эжеси Алтынай жана өзү*



# УШУНДАЙ БЕЛЕҢ ЖАНЫБЕК

Учуп, күйүп умтулган иш жагы көп,
Учурашчуу дос, тууганы дагы көп.
Улутунуп унчукпастан калыпсын,
Ушундайбы, эмне болдуң Жаныбек.

Урум-бурум үлүш жерим, шагым көп,
Уурдап эмес, сатып алган жагым көп.
Урма-турма ала берген аренда,
Ушул тушта токой жакта багым көп.

Эртели кеч, бекер эмес ишим бар,
Эрмектешеер эл жактырган ишим бар.
Эрикпестен,зерикпестен чайнашка,
Ээгим толгон алтыны бар тишим бар.

Ар кыл ойду ойлой турган башым бар,
Адал иштеп, тапкан эмгек ашым бар.
Арыгыдай,чарчагыдай боло элек,
Азыр мына алтымышта жашым бар.

Унчукпастан басып калган себебим,
Улгайгандай,бир аз өзүм сеземин.
Ушул кезде эки китеп чыгарып,
Үчүнчүсүн бүтүп калган кезегим.
Үйдөн чыкпай, үңкүйгөндөн үңкүйүп,
Үшүбөстөн ыр курутун эземин.

*7-февраль 2014-жыл*

# СЕН БОЛДУҢ ГО

Сен болдуң го, кол тийбеген кайберен,
Салыштырам сени жалгыз айга мен.
Светиңди, жарыгыңды өчүрүп,
Сурап таппай, кала бердим, кайда элең.

Сен бийикте, асмандагы ай белең,
Саймаланган же булуттуу жай белең.
Саар келсем да, кеч келсем да табылбай,
Сагынгандай,издеп жүрсөм кайда элең.
Келгин келет, өрдөк,суксур, каз келет,
Көрдүңбү деп, көңүл ачаар жаз келет.
Көзүң ачып, көз айнектен чыгарып,
Күткөн күндү көрсөтөөрсүн сизге деп.

Көргөн күндө кайра-кайра эркелеп,
Колду сунуп, кучак артып желкелеп.
Күлкү менен, көңүл черин таратып,
Койсоң экен кечиктирбей эртерээк.

*7-февраль 2014-жыл*

# БАТАСЫ ЖОК АЗЫРКЫ ЧЫНДЫК ТУРМУШТАН

Тууп койуп, тулку бойун жалабаган,
Тууп койуп, меники деп карабаган.
Токтунун турмушунан бир үзүмдү,
Турмуштан, өз ичимен кылам арман.

Ташташып төрөп койуп кетип калган,
Тууру деп айта берем болбойт жалган.
Тагдыры татаалданып ымыркайдын,
Таштанды жерде калса кандай арман.

Тескери иштер чыгып келди кайдан,
Темселеп кетип жатат жылуу жайдан.
Тээ алыс, бөлөк-бөтөн элге барып,
Түйшөлүп,түйшүк тартты кыргыз кайран.

Төрөлдү ымыркайлар атасы жок,
Төрт сөздү окуп койгун катаасы жок.
Той-пойсуз үйлөнүшүп өздөрүнчө,
Туугандын, ата-эненин батасы жок.

*6-февраль 2014-жыл*

## НАСЫЙКАТ КҮҮСҮ

Алыстан өткөн күндөн элес берет,
Абалар, аксакалдар элес келет.
Ар дайым насыйкат күү чертилгенде,
Ал күндөр, ал турмуштар элестелет.

Толкуган Ысык-Көлдөй элестелет,
Ала-Тоо бийиктигин элестетет.
Таңшыган күүнүн сыры ачык болуп,
Толгонуп үч кыл комуз күүсүн чертет.

Комуздун үч кылынан термеленет,
Кол шилтеп, элге тилеп эң чоң дөөлөт.
Конушун кыргызымды даңктагандай,
Кылымдан кылымдарга жашай берет.

Кылсаңар насаат ойго, чексиз мээнет,
Кылынан үндөр чыгып айтып келет.
Кыргызым, ынтымактуу болгула деп,
Кылымга үнүн созуп ырдай берет.
Ибарат күүсүн абдан тыңшасаңар,
Илгерки жашоо, турмуш элестелет.

*6-февраль 2014-жыл*

# БИР ӨЗҮҢӨ КЕЗИГИП

Эбим кетет, сени көрүп эзилип,
Элестетем менчигимдей сезилип.
Эмне болуп, абалымдан өзгөрдүм,
Эки, үч жолу бир өзүңө кезигип.

Карай берем кайра-кайра тойбостон,
Келе берем убарамды койбостон.
Кетээримде колду өөдө көтөрүп,
Көңүл тынбайт кол булгалап койбосом.

Караанынды сүрөт кылып тартамын,
Качан сага колду сунуп артамын.
Кылчактабай көңүл толук ишенип,
Качан болот кумар жазуу таркамым.

Сенден ичип көк чайыңдын чайкамын,
Сезип жүрөк, түңүлтпөшүң байкадым.
Суранычым качан болоор экен деп,
Сунушумдан чыгаар бекен кайтарым.
Сугум артып, эзилгенден эзилип,
Сага деген сөзүм ушул айтаарым.



# ЖЫЛДЫН МЫКТЫ АКИМИ

*Кара-Кулжа районунун акими*
*Алиязов Каныбек Эшейбаевичке*

Калыс болуп, алыс-жакын дебестен,
Качан болсо калк аралап кеңешкен.
Жетекчисин Кара-Кулжа райондун,
Жылдын мыкты акимине теңешкен.

Элиме деп, дайым тынбай жүгүргөн,
Эсебин таап, эмгектенген күжүрмөн.
Эл башкаруу эрежеси такталып,
Эчак эле көч башында түзүлгөн.

Эки айылга эң чоң мектеп курулду,
Эске алынып болбосун деп урунду.
Эсеп кылып келечегин жаштардын,
Элге журтка, тегиз көңүл бурулду.

Ташы чыгып, болбой калган жолдорду,
Таң калгыдай асфальт төшөп оңдолду.
Таамай жазып, инвестиция тартышка,
Түндөп, күндөп түзгүлө деп долбоорду.

Өйүз-бүйүз шарттар эске алынды,
Өтүш үчүн көпүрөөлөр салынды.
Өдө төмөн тегеренип кыйналбай,
Өткөргөнгө оңой болду малыңды.

Канча жылдар элдер жүргөн калбалап,
Койо албастан суу ташкындан далдалап.
Калкым үчүн жерди сакташ керек деп,
Койуп жатат чоң күч жумшап дамбалап.

Иш, кызматы жүрүп жатат алгалап,
Ийменбестен жумуш кылат кармалап.
Ийилбестен чарчадым деп чалыкпай,
Иштеп жатат бекинбестен далдалап.
Иним сенин ишиң дайым жүрсүн деп,
Ишенимден ушул ырым арналат.

*Эркин-Тоо гезитинин маалыматы боюнча.*
*15-февраль 2014-жыл*

# КЕҢЕШ КЕП

*Алым тагаман калган рават эшик жөнүндө*

Айтылчы эле аты рават дарбаза,
Ачылчы эле оңго карай кармаса.
Алтымыштан жашым өтүп турганда,
Ал чыккандыр токсон, жүзгө жармаша.

Абдан бекем жасалыптыр дарбаза,
Ашык эмес, жүздөй жашка барбаса.

Азыркынын шартына төп келбейт деп,
Алып таштап, жулуп таштап салбаса.

Тура бермек, ачылып да жабылып,
Турган кези бул турмушка кабылып.
Тулку бойу тура берип сакталып,
Тутурукка, калбаса дейм жагылып.

Туткан ээсин кээде калам сагынып,
Туш болгонмун мен тагамда багылып.
Тагдыр деген ар башкача экен го,
Туруп калгам таенеме багынып.

Тиктеп турам, өткөндөрдү элестеп,
Тээ алыста калаар күндөр мени эстеп.
Такта жыгач жонуп түзөп жасалган,
Тура берсин эстеликке сакталып,
Талкалаба, бузбагыла, кеңеш кеп.

*15-февраль 2014-жыл*

## ТУУГАНДАР БАР

Өмүр кыска болот экен туугандар,
Өзгөчөрөөк өтө жакын тууган бар.
Өмөчөктөп көрсөң дагы көп сынап,
Өкүнүчтүү өткөн көңүл сууган бар.

Эл ичинде ар кыл жашоо туугандар,
Эркелешип эрмек көңүл жууган бар.
Эсин билбей, бир атанын балдары,
Эртеби, кеч жолун тосуп бууган бар.

Суктанаарлык суурулушкан тууган бар,
Сыйлуу болуп , сылап колун жууган бар.

Санаалашпай, сагынышпай сурланып,
Сакалына карабастан кууган бар.

Өмүр кыска өтөт экен түгөнүп,
Өткөн эмес, эч ким жашап түбөлүк.
Өкүнбөгүн көзүң өтүп кеткенде,
Өкмөт эмес, кудай берсе күбөлүк.
Кайтып келбейт кеткен өмүр кайрылып,
Кыйыр бастың , калам дебей айрылып.

*1-март 2014-жыл*

## КӨЗ ТИРҮҮДӨ

Көз тирүүдө, ары-бери басайын,
Көркөм-өнөр иштеримден жасайын.
Кыш мезгилдин татаал кезин өткөрүп,
Кумарланып, күткүм келет жаз айын.

Көз тирүүдө, көп алыстап басайын,
Көңүлдөгү ойду кантип катайын.
Кашаңдабай,ылдам басып оорубай,
Кемпир менен кант ширинин татайын.

Көз тирүүдө, жердин берип сазайын,
Көчөт эгип, жер чукуйун казайын.
Көргөнүмдү, көргөнүмдөй өзгөртпөй,
Көөдөнүмдөн көптөгөн ыр жазайын.

Көз тирүүдө, Бишкек, көздөп басайын,
Көңүл черин сүйүнүчтөн ачайын.
Күтүп жатат неберелер  сагынып,
Кудай берсе дасторкон даам татайын.

Кучактаса Нурсултаным, Атабай,
Кубанычтан моокум жазып атайын.

*1-март 2014-жыл*

## БИЛЕСИНБИ

Билесинби сен үчүн ыр жаратам,
Барган сайын чыдай албай баратам.
Билген болуп максатыма түшүнсөң,
Басанчалап көңүл черин таратам.

Билесинби, чыдамым жок күткөндү,
Башым ооруп, жүрөк жанып өрттөндү.
Баякындай келип жүрсөң болбойбу,
Баркын билип көңүлгө алып өткөндү.

Бир башкача жан экенсин карасам,
Болуп кетем суудай кайнап арашан.
Боор оорутуп койуп мага азыраак,
Бойуң таштап, бир ишиме жарасаң.

Баргым келип, көргүм келет төрүңү,
Бышыптырсын Баткениндей өрүгү.
Байкай билчи бул жашоонун эң азы,
Бат өтөөрүн адам заттын өмүрү.
Билгим келет жаркыраган жарыктын,
Барбы жокпу чындап мага көңүлү.

*2-март 2014-жыл*

## БАШКА ЖАККА КЕТПЕГИН

Жакшы эмес, өтө жакшы көрөмүн,
Жакындабай алысыраак жүрөмүн.
Жаркылдаган мага жаккан жүзүңдөн,
Жок деп сезем, бир өзүңдөн күмөнүм.

Жарашканын көрүп турам мүнөзүң,
Жарашсам дейм, жака болуп мен өзүм.
Жаңы гана кийингендей көрүнүп,
Жакшы эмес, өтө жакшы көрөмүн.

Жакын болуп уккум келет сөзүңдү,
Жалжылдаган карагаттай көзүңдү.
Жараат алып калганыңда өкүнүп,
Жан ачытып, капаланттым өзүмдү.

Жапа чегип жарым айдай көрбөдүм,
Жакшынамсын, чүрөгүмсүн өрдөгүм.
Жарык чачып ай нурундай созулган,
Жаңыланып сен болосун төрдөгүм.

Айыксын деп көздөрүңдөн өпкөмүн,
Абалым жок андан кийин өтпөдүм.
Айдай болгон нуруң тийбей башкага,
Алыс жакка, башка жакка кетпегин.

*5-март 2014-жыл*

## БИР КЕЛЕТ

Жетелешип жетим калган немедей,
Жаш кездерин өткөрүшкөн кенебей.
Жарым өмүр өткөрсө да какайып,
Жашоо тилеп берсе экен деп ченебей.

Кетип жатат угуп, укпай сүйлөшүп,
Көргөндөрүн ким эле деп ким дешип.
Качанкы бир, уккан ушак айтылып,
Каргап, шилеп күңкүлдөнөт тилдешип.

Бара-бара баскан сайын энтелеп,
Байбичеси мойун сунуп эркелеп.
Балалыгын жаш кезегин эскерип,
Бассаң боло, нымтырабай темселеп.

Билгин деди, карылыкка эрте деп,
Боло бергин жаш кезиңдей эркелеп.
Башың ийип, карыдым деп ойлонбо,
Балалык да, карылык да бир келет.

*5-март 2014-жыл*

## КУТТУКТАЙЫН

Туурусун айткым келди Жаныбегим,
Тура бер  узак жашап жаны  бегим.
Туйлаган  жүрөгүмдөн чыгып  кетти,
Туулганың куттук айтып менин  дегим.

Туулупмун март  айынын  аягында,
Толготуп апам  төрөп баягында.
Туш болуп жарык көрүп, келгенимде,
Темселеп бастым экен  каягында.

Телчигип элдей  болуп  адам  болдум,
Термелип  билип  басып  тегиз  жолдун.
Турмуштан көптү көрүп, баштан  кечип,
Тааныдым, тууган, урук оңду, солун.

Туулган күн  өзүмдү өзүм куттуктайын,
Тултуйуп  жан  адамга унчукпайын.

Турмуштун  таттуу даамын насип кылып,
Туш  кылсын  мага  дайым  бир кудайым.

*29-март 2014-жыл.*

## АЙОО  КЕРЕК

Көп издеп  таппай  калып  зарыккамын,
Көзүмдөн  калдым  дедиң  жабыркадым.
Кыдырып  көп  жерлерден  таппай  жүрүп,
Көзүңө  дары  алып барып калдым.

Табигат  койгон  экен  тушташтырбай,
Татмакмын жытың  искеп мушташ  кылбай.
Табылып мага  неге жолуктурбай,
Тагдырдын  жолу  тура  мына  ушундай.

Табийгат койдуң неге  туш  бастырбай,
Табылтып  сени  мага  учкаштырбай.
Тебелеп, тепсеп  сени капа кылбай,
Тагдырың бөлүп койгон  тушташтырбай.

Тотуктуу тоту  куштай куш  экенсиң,
Таптаза  абасындай кыш  экенсиң.
Таарынтпай  такыр  сени жүрө  турган,
Табылдың  эми  мага  туш  экенсиң.

Турпаты аял заттын байоо келет,
Түздөнтүп, кыйшайтпастан  тайоо керек.
Турмуштун  талуу жерин  көрсөтпөстөн,
Таптаза назик бойдон  айоо  керек.

*28-март    2014-жыл*

# ЭЛТРДИН АЛДЫНДА

Кызыл көйнөк кийинген жаш келиндин,
Кимиң десе, мен деп чочуп эңилдим.
Карылыктын байкоосузун карачы,
Катаа кетип, карбаластап жеңилдим.

Кадимкидей карап бизди калтырбай,
Каш, кабагы жарык чыгып алтындай.
Калган кезде карбаластап шашылып,
Ким экенин билбейм дедим тартынбай.

Көрсө анын издегени башка экен,
Көркөмүрөөк картаң эмес жашта экен.
Кара тору шапке кийген обончу,
Караганга, бир көргөнгө шашма экен.

Күткөн элем Абдрахманов Султанды,
Күүгүм кирип, белим ооруп бут талды.
Кечки убакыт алты жакка жылганда,
Кеттик дедим бирге күткөн кыздарды.

Канткен менен чогулушу бүтпөдү,
Карыган чал чыдабады күтпөдү.
Күзөтчүгө рахматты чоң айтып,
Карбаластап саат алтыга түтпөдү.

Кеттим деди, тура бербей темселеп,
Келсем окшойт кийинкиде эртелеп.
Кары чалга Кара-Кулжа алыс деп,
Катуу басып чыгып кеттим энтелеп.
Кайра бир күн келермин деп үшкүрүп,
Кудай ошол күндү буйруп берсе деп.

*11-март 2014-жыл.*

# ЧАЛ ТУРМУШТУН АРМАНЫ

Кезегинде келгин куштай талпынган.
Келме кезек келет тура калкыңдан.
Картайганда карылыкты кут кылып,
Канаат берип, сабыр кылсын алкымдан.

Кечээ эле жүргөн өңдүү талпынган,
Кечиримди көп сурагам жалпыңдан.
Кээде сөгүп, кээде кейип койгонду,
Кектеп келип, кармап жүрбө алкымдан.

Калды азыр картайгандан картайып,
Кабырганын эти качып тартайып.
Качандыр бир жүргөн күндөр эми жок,
Күчкө толуп, күржүңдөгөн балкайып.

Калды буттар чийне болуп тартайып,
Кетти белдер, түздөнө албай кайкайып.
Кееде угуп, кееде укпай сөзүңдү,
Калчы болду турган бойдон аңкайып.

Караңгылап жүрүм болуп баштады,
Көздүн нуру кеткен кайран жаш чагы.
Кемпиринин кейүүсүнө көп калып,
Калтаң-култаң этип калды баш жагы.

Көчөдөгү кыз-келинге жакпады,
Көркү кетип көпчүлүккө батпады.
Кее күндөрү жалгыз калып үйүндө,
Кант салынган чайдын даамын татпады.

Көңүл алып коңшу эшигин ачпады,
Кечтеп келет ичип алып акмагы.
Качанкы бир чогултулган каражат,
Кайда экенин билбей калды тапканы.

Көрүп билген чал турмуштун арманы,
Көңүл бөлүп тийсин дедим жардамы.
Кете турган эчки жашы калганда,
Күтүшсө дейм, күйүп бышып балдары.
Көңүлүнө көө сүйкөбөй оорутуп,
Көрктүү болсун кыргызымдын чалдары.

*15-март 2014-жыл.*

# АШЫКЕМЕ

Башталчуу ырың «дой» менен,
Бар эле сенде ой кенен.
Боздогон моокум канбаса,
Бошотуп орун койбогон.
Бооруңан комуз түшүрбөй,
Болду деп ырдап тойбогон.
Болчу эмес сыйсыз журтунда,
Бордоку койун сойбогон.

Айтышчуу чыгып эгиздей,
Алдырып ашын жегизбей.
Адашпай төкмө Эстекем,
Ар дайым оңдоп тегиздей.
Ашыкем турчуу сезилип,
Артыкча эткел семиздей.
Аянбай тыңшап укчуубуз,
Ашыкча кетти дегизбей.
Ашыкем менен Эстекем,
Ааламдан өттү деңиздей.

Ашыкем чабан, жылкычы,
Атактуу кыргыз ырчысы.
Ар дайым эстен кетпейт го,
Айрыкча ошол жылкысы.

Ак шоокум айтып даттанган,
Айтали уулу ырчысы.
Аянбай дайым айтышкан,
Эстекем болуп сынчысы.

Карагул дедиң боздодуң,
Кайгыны ырдап козгодуң.
Качанкы өткөн турмушту,
Кайтарып обон созгонуң.
Кантсе да калды элиңде,
Канатчан учуп оозгонуң.
Нарындан айтып саламды,
Ашыкем ырдап коодзодуң.
Ар дайым кетпейт эсимден,
Арбыта обон чозгонуң.

*15-март 2014-жыл.*

## КИМ ДЕП КЕЛЕМ

Сен белең башка жерден табылбаган,
Секелек кезде мага кабылбаган.
Саар эмес түш оогондо жолуктуң го,
Сакталып жүрөк турат жабырлаган.

Жай кылып бийик тоонун чокуларын,
Жашайт деп китептен мен окуганмын.
Жаз алды таш бетинде гүлдөйт экен,
Жактырып Баткен жердин топурагын.

Айгүл таш айыл деген жердей белең,
Асманда айга, күнгө теңдей көрөм.
Ачылып гүлдөп турган мезгилиңе,
Ашыгып канат күүлөп сермей берем.

Алыстан учуп, күйүп сен деп келем,
Ар күнү уйку көрбөй термеп келем.
Ачылып көңүл черин жаза турган,
Айгүлүм өтө кымбат эрмек белең.

Айтылаар сөз жаңылап камдап келем,
Акылың жетишеерлик абдан терең.
Алышка куштар болсоң сен эгерде,
Аманат жүрөгүмдү арнап берем.

Абалга жараштырып күндө келем,
Абайлап бирден үзүп, эрмектенем.
Ал учур бизден өтүп кетпесин деп,
Айгүлүм, айдай гүлүм сендей менен.

Антсе да жакшы көрөм бил деп келем,
Алыстап өткөн жашты тилдеп келем.
Аманат өмүр өтүп баратса да,
Ашыктык ырлар жазып сага дегем.
Ар күнү бир өзүңө жатсам, турсам,
Айгүлдөй бир сулуу ким, ким деп келем.

*16-март 2014-жыл.*

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Жаз жамгырын жакшы көрөм жанымдай,
Жаркылдаган жарың болсо жаныңда ай.
Жакшы сүйлөп көңүлүңдү көтөрүп,
Жүргөн кандай жароокерлеп жалынмай.

Жаз жамгырын жакшы көрөм жанымдай,
Жандуу сүйлөп, адашпай да жаңылбай.
Жалаңданып жеңил кийим кийинип,
Жаштыгымдай чатыр кармап жамынбай.

Жаз жамгырын жакшы көрөм жанымдай,
Жаш баладай калмак белем сагынбай.
Жарашыктуу жүргөнүңө сүйүнүп,
Жаңыланып бейил күтөм багынбай.

Жаз жамгырын жакшы көрөм жанымдай,
Жан жыргаган жаштык бозой чагымдай.
Жүргүм келет бир өзүңдү жетелеп,
Жааган сайын жамгырыңа багынбай.

Жаз мезгили кандай сонун жыргал ай,
Жарык тийип булуту жок, күн дагы ай.
Жакшы жашоо ар бир адам өзүнөн,
Жан болбостур бул күндөрдө жыргабай.
Жаштыгыңдын мезгилин бил, ордун бил,
Жарашпайт го күндөр өтсө ырдабай.

*1-март 2014-жыл*

# ТАТТЫБ/Н/ ЭСКЕРЕМ

## ТАЛАНТЫНА ТАН БЕРИП

Таасири бар талант кыргыз элинин,
Таттыбүбү татпай жашоо ширинин.
Тагдырына таңкыс өмүр туш кылып,
Таппай калды тапкан өнөр билимиң.

Театрдын көркөм жолун окудуң,
Татаарында таттуулугун окууңун.
Талаш, тартыш көрө албастык аралап,
Таасиринде алды кудай кулунун.

Эркиң жетти Уркуядай болууга,
Эч болбосо элүү жашка толууга.
Көрө албаган көзү жаман бирөөлөр,
Койушпады бийик учуп конууга.

Кызыл алмаң бышкан чакта кызарып,
Кырчын жашың жашоо бербей узагып.
Көрөөрүңдө көркөм өнөр ташкынын.
Калдың жатып жер астында узарып.

Ак боз аттан түшпөй төрлөп жүрө бер,
Актриса, өчпөй турган бул өнөр.
Арнап сага эскерүү деп жазганды,
Ашыкча деп койбосо дейм бирөөлөр.

*8-март 2014-жыл.*

# САБЫР КЫЛГЫН

Качан болсо сабыр кылгын бүгүл деп,
Кудайыңа ушунчалык жүгүр деп.
Канат кылып, капаланбай болбоско,
Кабак ачып жакшы жакка жүгүр деп.
Келген турмуш жашоосуна ынанып,
Калгын деймин жашап турам бүгүн деп.

Катуу сүйлөп , капа кылды бүгүн деп,
Кайран сага, сүйлөп турган үнүм деп.
Карабастан катуу басып кетип кал,
Көңүл бөлүп сүйлөбөгөн үнүм деп.
Канат кылып, сабыр кармап өзүңдү,
Басып кеткин, өзүңдү өзүң жүрүң деп.

Кадырлагын алган жарың гүлүм деп,
Кечиргин де, катуу чыкса үнүм деп.
Карбаластап шайтан менен арбашпай,
Келген тура бүгүн сенин жиниң деп.
Көңүл бөлбөй сабыр кылып басып кет,
Күнөөм болсо кечир мени бүгүн деп.

Көп ойлонгун сабыр түбү сары алтын,
Качан болсо сабыр кылсаң баары алтын.
Кудай кошкон, бул жашоого жаратып,
Койнуңдагы кучак жайган жар алтын.
Канат менен, ачууланбай жашасаң,
Кышта тоңгон, муз үстүндө кар алтын.

Кылсаң сабыр баары келет кайгырба,
Катар басып, катуу жолдон тайгылба.
Кайран өмүр токтоот турбай өтөөрдө,
Кимден болсо , көңүл калып айрылба.
Кармап сабыр, кадырыңды сактай бил,
Качан болсо, үй-бүлөңдө, айлыңда.

*25-март 2013-жыл.*

# КЫЗЫМ КЕЛДИ

Алыс кеткен кызым келди сүйүндүм,
Ачылгандай көркү чыгып үйүмдүн.
Айнур айтты ой-максатын билдирип,
Ачык сүйлөп, чечти боосун түйүндүн.

Ата, деди үй алайын деп келдим,
Алыс жердин өдө-ылдыйын көп көрдүм.
Акча жыйнап, үмүтүмө жетсем деп,
Аралатып үч, төрт жылды өткөрдүм.

Ал десеңиз Оштон бир үй алайын ,
Арзан, кымбат болсо менин маанайым.
Ара жолдо отурбастан бекерге,
Алып кетип балдарымды багайын.

Алды үйдү отуз эки долларга,
Адашпастан үй табылды жол барга.
Анча –мынча үй ичине эмерек,
Алам деди чөнтөгүмдө пул барда.

Ай кызыма алган үйү кут кылсын,
Арым таштап алга дагы умтулсун.
Адаштырбай алла –таала кудурет,
Арнап берип айран-сүтүн жуткурсун.
Акыл-эстүү, өмүр берип токсонду,
Алтын аяк, казан, очок туткурсун.

*20-март 2014-жыл.*

# БЕЛГИСИ БАРБЫ САКАЛДА

**Ой-пикир**

Жүрсө да мейли чапанчан,
Жүрүүчү болгон качантан.
Жарашпайт экен неберең,
Жанаша басса сакалчан.

Жыйырма жашта эсеби,
Жетимиш чыктым дешеби.
Жарашкан жолду кылышпай,
Жаштардын болду кесели.

Көчөдөн көрүп жатамын,
Көркү жок койгон сакалын.
Тартынбай кошо жарышып,
Талашып оордун атанын.

Билгениң сүйлөп такалба,
Болот да сакал атаңда.
Берилсең берил илимге,
Белгисин койбо сакалга.

Жакшылык тилек ойлойлу,
Жаштыкта жаштай ойнойлу.
Жарашкан жаштык мүчөгө,
Эби жок сакал койбойлу.

# КАЙРАН МЕЗГИЛ

## БИР КЕЗДЕГИ КУРДАШКА

Көргөн элем деңгээлинин ашканын,
Колду шилтеп ошол кезде басканын.
Көзгө илбей өзүн бийик көтөрүп,
Келгендердин сөзүн укпай башканын.

Колду сунуп, учурашкан кардалга,
Курдашым деп жумуш сурап барганга.
Каадаланып көз карашын өзгөртүп,
Көңүлү жок, сен сураган жардамга.

Какайгандан какайганы башка эле,
Кызматында отуз, кырктай жашта эле.
Кыйраткансып, кабак бүркөп чыртыйып,
Качан болсо ой-пикири ашта эле.

Курсак салып, кадырым деп чиренип,
Кошоматчы туш тараптан имерип.
Короо жайы, кампалары толтура,
Керектөөсү дайым турчуу тирелип.

Кээде салам,айтсаң такыр алчы эмес,
Качан болсо сыйлуу жерден калчуу эмес.
Көңүл бөлбөй анча-мынча  адамга,
Карамалап, көздүн кырын салчы эмес.

Көрдүм ошол кыйын досту көчөдөн,
Көпкө чейин тиктеп турдум кечээ мен.
Көрүнүштөн, көркөмүнөн ажырап,
Келбети жок мурдагыдай күчөгөн.

Көрүп көрбөй салам айтты ийилип,
Кантсе дагы калдым кыйла сүйүнүп.
Кайкаңдаган басыгы жок баягы,
Кыйналышта калган өңдүү үйүлүп.

Курсагы жок, кадырым деп чиренген,
Кайда калган кампалары тирелген.
Кийинкисин ойлонгонбу, жокпу деп,
Калдым сурап мен өзүмдөн терең мен.

Кайран мезгил өтөт экен сезилбей,
Курут болуп, калам го деп эзилбей.
Калаарлыгын мезгилинде сезбеген,
Кайран досум, калбай ошол кезиндей.
Кошо басып кошо көрүп жүрсөм да,
Кадимкидей а мен жүрөм өзүмдөй.

*22-февраль 2014-жыл*

# ӨКҮНБӨ ТӨӨЧҮМ КАРАП ТУРАМ

*Ичтеги арман*

Көркүнө көзүм тойбой, карап турам,
Картайып кеткен сайын өмүр улам.
Күн санап, сен өзгөрүп, мен өзгөрүп,
Качандыр кош айтышып колду сунам.

Төрт мезгил, сен өзгөрүп кийинесин,
Таптакыр көз ирмебей тигилесин.
Таштарың, топурагың жалтанбастан,
Томсоруп күн нуруна ийилесин.

Кымтынып аппак тонуң жамынасың,
Кыйналып кыш чилдеге багынасын.

Калтырап сууктан жадап, келсе экен деп,
Кылчактап жазды күтүп сагынасын.

Жапжашыл килем болуп тагыласын,
Жаркырап ай тийгендей жагыласын.
Жайлооңо жапырт чыккан адамдарга,
Жалооруп, жакшы тилеп жагынасын.

Күз келип, кош айтышат адамдарың,
Күүлөнүп мен бир өтүп, бара албадым.
Кайгылуу капа болуп карай берем,
Катарда мен алардай жаралбадым.

Өмүрүм өтүп жатат көрүп турам,
Өтө албай суу кечүүнү карап улам.
Өксүбөй,өкүнбөгүн кайран Төөчүм,
Өлгүчө жете албасам кандай кылам.
Өрт болуп, жүрөк күйүп турган менен,
Өтө албай, картайды го кетип чыдам.

*20-февраль 2014-жыл*

## ЭКӨӨҢӨРГӨ

### Акылбек менен Элдиярга

Жаздым ырды, жазыптыр деп билип кой,
Жарашыктуу жерди тандап илип кой.
Жалгыз мага жазган экен дебестен,
Жакын агаң Акылбекке бөлүп кой.

Жакшы экенин ишиңерди билемин,
Жаныбектин билгиле деп тилегин.
Жакын болуп экөөңөргө иш менен,
Жаңы жылдан тынбай басып келемин.

Экөөңүн тең мага тиет керегиң,
Эл аралап ырлар жазып келемин.
Эртеңки күн китеп толук бүтөт деп,
Эң чоң сыйлык,ак батамды беремин.

Элдиярды жалгыз жүрбө дегемин,
Эртеби, кеч кудай берсин керегиң.
Эртелетип тойду кылсаң үйлөнүп,
Эки бүктөм конвертим бар, беремин.

Акылбекти ак үйүңдү бүткүн дейм,
Агаң келет, үй тойуңда күткүн дейм.
Айткандарды аткарсаңар экөөлөп,
Алкыш айтып, максатыма жеттим дейм.

*11-сентябрь 2013-жыл*

## АЙЫП ЭТПЕЙ

Келесинби мен жакка берке десем,
Көнөсүнбү ченемсиз эркелетсем.
Көзү түшүп башкалар карабасын,
Көрүнбөстөн сен  мага эркелесең.

Карайсынбы кайрылып берке десем,
Каршы болоор мамиле эч дебесең.
Канаат алып жактырган иштериңе,
Кубаттанып мен дагы эркелетсем.

Күлөсүнбү жакшылап, жакшы көрсөм,
Кадимкидей жактырам эгер билсең.
Каалагандай жактарга мени менен,
Катышсаң дейм, мен үчүн чындап билсең.

Каласынбы жанымдан алыс кетпей,
Калбаймынбы, кайгырып сага жетпей.
Кыйла мезгил арадан өтсө дагы,
Көңүлдөшүң болойун айып этпей.

*9-март 2014-жыл*

## ТУМАРЖАН

Көп тердим гүлдү кызарган,
Көркөмдүү бойуң узарган.
Койкойуп бассаң чубалып,
Куп сулуу элең кыздардан.

Гүлкайыр сындуу буралган,
Гүлкүңдөн чыкпай кумардан.
Күн түнү ойноп бир жүрчүү,
Күкүгүм элең Тумаржан.

Саамайың турса жарашкан,
Сестенип кетчүүм караштан.
Сергитип көңүл чөктүрбөй,
Сен элең сүйкүм карашкан.

Мээримге тойбой карашкан,
Мени издеп далай бел ашкан.
Мемиреп калчуу күндөрүң,
Мага да сага жарашкан.

Алыстап кеттиң, ыйладың,
Абыдан мени кыйнадың.
Арманда калбай жүргүн деп,
Акыркы жолу сыйладың.

Арадан көп жыл өтүптүр,
Айтымда көпкө күтүптүр.

Арманы батпай ичине,
Аппагым өтүп кетиптир.
Ачылып турган кезине,
Асылып ажал жетиптир.

*1970-1972-жылдар*

## ЖАЗ КЕЛИП

Жаз келчи, бала кезим жаштыгымдай,
Жадырап тосойунчу баштагымдай.
Жакама тагып алып сүйүнөйүн,
Жаңыдан байчечекей ачканыңдай.

Жаз келчи, жамгырыңды чачып койуп,
Жаңыдан келгин куштар учуп конуп.
Жапжашыл көктөмүңдү сагынгамын,
Жамгырга көкүрөктү ачып койуп.

Жаз келчи, кыштан чыктым өңүм азып,
Жарышсын жапырт элим арык казып.
Жарыгың булут тосуп калбасын деп,
Жакшылап калайынчы мен ыр жазып.

Жаз келчи, жер казалы санаасы ток,
Жакшылык кошо келсин жалаасы жок.
Жакында Украиндер кагылышып,
Жакшыбы бөлүнүшүп, кармаса чок.

Жаз келчи, ынтымакты сүрүп бизге,
Жарашып оппазиция кирип изге.
Жакшылык ырыскыңды чачып тегиз,
Жамандык унутулсун такыр бизде.
Жаңы жыл Ноорузумдун тилегиндей,
Жакшылап жарашыктуу жолун изде.

*1-март 2014-жыл*

# КӨКТӨМДӨ УЧКАН КӨГҮЧКӨН

Көкөлөп көктөмдөгөн көгүчкөнүм,
Кубанам,  сени менен көрүшкөнүм.
Кучактап, кумар жазып сагынычты,
Куп келип, күн чыккыча өбүшкөмүн.

Өгөйсүз , өздүк болсоң көнүшкөнүм,
Өйүздө, бак ичинде көрүшкөмүн.
Өзүм деп, өтө жакын сырдаш болуп,
Өзгөчө ар күн түнүн бөлүшкөмүн.

Кыймылың көз талдырбай карагамын,
Кам көрүп, кумар жазып тарагамын.
Кол тийбей, көз тийгизбей бир өзүңө,
Колдоого, коргогонго жараганмын.

Койдурбай бирөөлөргө уйпалатып,
Колдоруң, канаттарың сыйпалатпай.
Кабарсыз кетип калба башка жакка,
Калтырып жүрөгүмдү куйкалатпай.
Калбайын бир өзүңдөн алыс болуп,
Көктөмдү тиктей берип айла таппай.

*8-март 2014-жыл*

# КАЙДАН КЕЛДИҢ

Көп кыздар  көзүн кысып жүргөн кезде,
Көркөмдүү көпөлөгүм ошол кезге.
Калыпсын туш келишпей тагдырыма,
Калыстык кылбай турмуш экөөбүзгө.

Көрбөпмүн сендей жанды элибизде,
Көп мезгил өтүп турат кезибизде.

Көңүлдөш болоор мезгил туш келбептир,
Кош жылдыз чыкпас бекен эми бизде.

Кокустан жолугуштук жерибизде,
Калганда бул өмүрдүн теңи бизде.
Кайрадан өткөн күндөр кайтарылып,
Келтирсе оңдоп, түзөп эми бизге.

Кыялың кыргызымдын күлүгүндөй,
Келбетиң кабак ачып  жай күнүндөй.
Каяктан келип мага жолугуштуң,
Кадимки Баткен гүлү Айгүлүндөй.

*9-март 2014-жыл*

## КАРЫДЫМ ДЕП

*Карыялар күнүнө карата*

Карыдым деп, карылыкка кайгырба,
Карылык деп, күч кубаттан тайгылба.
Келе жатат карыялык  күнүңөр,
Күтүп алгын сабыр кылып ай жылда.

Карыдым деп, ийрейбе да майрыйба,
Көрүп калам карыялар айлымда.
Кайраттанып,кубаттанып эңкейбей,
Кадимкидей жүрүшүңдөн айрылба.

Билип отур көпчүлүктө төрүңдү,
Көп ойлонгун көрүп келген өмүрдү.
Кошо кармап кетишиң жок түшүнсөң,
Кармап турган буюм терим, сөрүңдү.

Таштай көрбө таарат алчуу чөгүңдү,
Тартуулагын тийген мүчө сөөгүңдү.

Таарынтпастан артыңдагы балдарды,
Түздөп сүйлө ошолорго көөнүңдү.

Таштап кеткин таттуу ширин сөзүңдү,
Таасири бар тута билгин өзүңдү.
Тагдыр сага байлап бербейт түбөлүк,
Тутсун эсте элестетип көзүңдү.

Тирүүлүктө элиңди түз башкаргын,
Тиктеп турат кылгандарың жаштагың.
Тутка эмессин бул жараткан жарыкка,
Тартуу кылып көп жакшылык таштагын.
Түбөлүккө таасири бар иш кылсаң,
Түгөнбөгөн байлык болот баштагың.

*1-октябрь 2013-жыл*

# ӨТКӨНДҮ ЭСТЕП АЙТАМЫН

Көргөнүм билген, дегеним,
Көркөмдөп жатат дебегин.
Комузун чертип мезгилдин,
Көмөчүн, нанын жегемин.

Катуулап, тартип иштеген,
Колдору тийбей иш менен.
Контрол күчтүү көзөмдөп,
Катынсын ,эркек дешпеген.

Кымтылап тамак жешпеген,
Калтырбай кызмат иштеген.
Калтырап колдор титиреп,
Капканда катуу тиштеген.

Күкүртү болгон бир тыйын,
Көңүлдө болбой кымтыйын.

Катарлап тизип буюмун,
Кылдаттык кылган эң кыйын.

Тартипти кармап тартынып,
Ташылчуу эмес артынып.
Тамеки турчуу беш тыйын,
Талашчуу эмес алкынып.

Автобус каттап тынбастан,
Ар дайым жүрчүү сынбастан.
Ашыкча тыйын алчы эмес,
Ашибка, айып кылбастан.

Керегиң турчуу тизилип,
Келгенде достор кезигип.
Кеңири, арзан баалары,
Көңүлдө калган сезилип.

Сыйлашчуу урмат дайыма,
Сыгылып сындуу жайына.
Саламын айтып ийилип,
Сагынсак келип айына.

Сакталбай ошол сыйлашуу,
Сапарды тартып кыйла ашуу.
Союзду жойдук жактырбай,
Сапатсыз болуп тайлашуу.

Уруу-уруу болдук бөлүнүп,
Урматсыз, сыйсыз көрүнүп.
Умтулуп уурдап жегенге,
Уул, кыздар калды көнүгүп.

Балдары кетти ашынып,
Чалдары калды жашынып.
Бакылдап аял, эркеги,
Бакалды кармап ашыгып.

Кыздары кийип кысканы,
Кетирди өткөн нусканы.
Катардан чыгып бөлүнүп,
Катындар турат учканы.

Төбөгө чыгып алышты,
Тоготпой таштап намызды.
Тегиздик заман келди деп,
Теңтушка теңтуш жабышты.

Карабай калды калысты,
Кайың деп айтып камышты.
Кой десе койбой тентектер,
Керексиз салтты табышты.

Кайталап кайтпай жарышты,
Кармашып курук намызды.
Күнүмдүк өткөн күндү эстеп,
Көрүшпөйт такыр алысты.

Үйлөнүү үлпөт өзгөрдү,
Үндөбөй карап көз көрдү.
Үч эмес он беш машина,
Үч катар жолдо түздөлдү.

Ашыкча чыгым тепселип,
Ашык жар бир күн сеңселип.
Алдырып тапкан тергенин,
Аңгырап калат теңселип.

Эркиндик келди бизге деп,
Эп келбес жолду тизмелеп.
Эбинен чыгып кетпестен,
Эстейли оңдоп сезмелеп.
Эс акыл жыйып жашайлы,
Эскертүү албай кезге кеп.

*26-август 2013-жыл*

# МЕН ЫРААЗЫ

Мен жаралып, ата менен энеден,
Маңдай жарык кайгы-капа жебеген.
Миң мертебе кудайыма ыраазы,
Мага арнап түрдүү өнөр береген.

Баккан мени Жамбы деген таенем,
Билем өзүм, кежирликке бай элем.
Бассам турсам, бир нерсени ойлонгон,
Балалыктан атка жеңил тай элем.

Мен таарынбай тагдырыма сүйүнөм,
Эл катары чыккан сайын үйүмөн.
Эрке болуп өспөсөм да жашымда,
Эл катары эрмек тапкам сүйүүмөн.

Эркин өстүм ар кыл билип өнөрдү,
Эр жетилип, бирок азыр көөнөрдү.
Ээрчип жүрүп көп нерсеге такшалып,
Эл ичинде атчан менен жөөлөрдү.

Мен сүйүнүп калың журтту чыкырып,
Каалоо айтып калгандарга бакырып.
Кыйналсам да кубанычка толукшуп,
Калайыктын сөзүн турам батырып.

Мен ыраазы досторума тууганга,
Сакта кудай көңүл чөгүү, сууганга.
Сурабастан сузуп алып тунугун,
Суктандырып жүрөк черин жууганга.

Чоң рахмат, алыс жакын келишти,
Чакан талант, ыр жазганым билишти.
Чочуп туруп уйку көрбөй көп жолу,
Өткөрөм деп, оңой эмес бул ишти.

Кара-Кочкор кайын журтум келишти,
Колдоо берип, колдон алып чоң ишти.
Качан болот бет ачаарың деп жүрүп,
Коштоп, коштоп ой тилегин беришти.

Мундуздарда эң аксакал Тургунбек,
Мен сүйлөймүн тез оордуңдан тургун деп.
Сүйлөгөндө сөзүн угуп ынтызаар,
Сүйүнгөндөн көңүлүмдү бурдум көп.

Китебимдин чыгышына жардамчы,
Кайрып айтып болбойун деп жалганчы.
Губернатор Сакем мени чакыртып,
Колго берди мага ылайык чоң камчы.

«Өзгөн нуру» өзгөчөлөп жетелеп,
Өзүм зорго турган кезде энтелеп.
Өзү билип Жоке берип жардамды,
Ошол күндөн, ушул күнгө кете элек.

Айткым келбейт сыныгы бар бир жерим,
Атап кетсем Айдай менен Айгерим.
Аябастан толкунданып турамын,
Араңардан көрүп кыздар келгенин.

Билбей бир аз кетип калса катаасы,
Балдарымдын пешенемде апасы.
Бардык ишти көңүл бөлүп бүтүрсө,
Болуп турат чоң ыраазы атасы.

Менин ойум, көп тилегим чектелбей,
Мээнеттерим, максаттарым четтелбей.
Ыраазымын уул, кыздарым мени деп,
Москвадан, Бишкегинен кеч келбей.
Көрүп элим, бүтүн айыл, журтума,
Кубат берип турат дене тулкума.

Картайсам да чарчабастан жазайын,
Кайрат алып мен сиздерден булкуна.

Ыраазыбыз үй-бүлөмдүн атынан,
Ырды жазат эми тездеп батынан.
Ырахмат деп, улуу кичүү баарыңа,
Ырыс каалап, жакшы тилек батынам.
Бүгүнкүдөй көңүл өскөн каалоону,
Бүтүн сактап жүрөгүмө батырам.

*29-сентябрь 2013-жыл*

## КАТЫН АЛСАҢ
**Жаштарга**

Катын алсаң, терең ойлон шашылба,
Катаа кетпе, жаштык кылба жашыңда.
Карегине, кирпигине кызыгып,
Кыз экен деп көп берилип ашынба.

Жылтыраган жүзү болот башында,
Жыпары бар, жыт жыттанат жашында.
Жактырдым деп шашкалактап үйүңө,
Жаның калбай, жула качып качырба.

Кылтылдаган кылык эмес кашында,
Кымбат баалуу акыл болсун башында.
Кызыктырып ар кыл өнөр көрсөтөт,
Карбаластап катуу кетип шашылба.

Катын заттын сулуулугу бир тыйын,
Кармап калып, турмуш кылыш эң кыйын.
Кадырыңа жете билбей жарабай,
Күтө билип көрсөтпөсө жөн сыйын.
Калаа жактан келсең тосуп чыкпаса,
Караңгылап үйдө кечке уктаса.

Кабак бүркөп, күтүп алган неменин,
Кереги не, сенден алыс ыктаса.

Сүйлөбөсө колдоо берип сөзүңө,
Сүртүп алып көп нерсени көзүнө.
Сүйкүмү жок, кара көңүл болгонун,
Сүйрөп кетир келген жакка өзүнө.

Жүргөнчөктү өмүр бою кыйналып,
Жүрө албаса ызат, урмат сыйга алып.
Жарашпаган жашоо куруп өткүчө,
Жакшы эмеспи ажырашып, жыйналып.

*26-август 2013-жыл*

## КӨРГҮМ КЕЛБЕЙТ

Бул сагызган сайрайт ар кыл үн менен,
Бирге басып, бирге туруп күн менен.
Буту тынбайт секиргенден секирип,
Буруп турат бузукулук тил менен.

Шакылыктап үнүм кооз дейт ойунда,
Шамалкөй деп агын суунун бойунда.
Шыпырылтып жалган айтып сүйлөнүп,
Шымаланып кирип чыгып коюнга.

Сагынгансып сайрап калат секирип,
Сактыгынан далдоо издеп бекинип.
Сайраганда жакшы жаман аралаш,
Сүйүнчүлөп түркүн ушак жеткирип.

Көргүм келбейт сен сагызган элесиң,
Көркөмү жок сасыган бир немесин.
Кесибиң бар ушак ташып жеткириш,
Кур калгансып кайкып учуп келесиң.

Кайрымың жок, мээримиң жок жүзүң жок,
Көз көрүнө көзгө бойок себесин.

*22-сентябрь 2013-жыл*

## ЧЫҢГЫЗ АВА

*Сексен беш жылдыгына карата.*

Дүйнөгө түбөлүктүү түркүк болбой,
Деңизде сүзө бербей даңгыр жолдой.
«Ак кеме» өзүң болуп түбөлүккө,
Айланып Ысык-көлдүн суусу тоңбой.
Акыры алып кетти өмүрүңдү,
Айоосуз мээрими жок ажал оңбой.

Артыңда сүрөт калды киноң калды,
Ааламга таркаткансын сен буларды.
«Ак жааның» жааган бойдон токтобостон,
«Гүлсарат» көрүп калам жаныбарды.
«Атадан калган туяк» арман айтып,
Актерлор жаратат го жаңыларды.

Жамийлаң жап-жаш бойдон дагы калды,
Жактырат бүгүн элиң Даниярды.
Кыпкызыл бышкан бойдон алмаң турат,
Кыйылбай таштап кеттиң сен буларды.
Кетеерде кейиш тартып ойлондуңбу,
Калтырып бирге болгон курбуларды.

Өлүмгө кеткен жоксун Чыңгыз ава,
Өмүргө эч табылбай такыр дава.
Өлбөгөн чыгармалар таштап кеттиң,
Өчпөгөн китеп жазып сага мага.
Өзүңдү тирүү сезип жүрө берем,
Өзгөчө көңүл бөлүп чыгармага.

Дүнүйө таанып, билип атың калды,
Дүйшөнүң, Бетме-бетиң, Кызыл алма.

*2-декабрь 2013-жыл*

## ЭКИ ТАРАП БУЛКУМАЙ

Эй кыргыздар, аянсаңар болбойбу,
Этияттап эли журтту коргойлу.
Эки тарап, үч тарапка бөлүнбөй,
Эсти жыйып, эл бийлигин колдойлу.

Эскиргенди жаңылантып оңдойлу,
Элибизге жакшылыкты ойлойлу.
Эсти жыйып жеп ичкенди токтотуп,
Эми болду деп койушса болбойбу.

Элдин акын кымтыгандар тойбойбу,
Эркелештер эмдигиче ойнойбу.
Эртең, эртең, эртең делип күн өтүп,
Эл аралап алдашканын койбойбу.

Эч убакта ууру тойдум дебеген,
Эл башкарсын элдин мүлкүн жебеген.
Эми качан кутулабыз айткыла,
Эбин издеп, жегич жуткуч немеден.

Эл жадады, журт жадады тынчыбай,
Эркелешип ойношкондон чымчымай.
Эстен кетип, картайгандар ойлойсун,
Эмдигиче токтобосо кымтымай.
Эрегишип эпсиз болуп баратат,
Эгемен деп,  эки тарап булкумай.

*2-декабрь 2013-жыл*

# БИРИККИЛЕ ӨТҮНӨМ

Азыркы кырдаалга карата.

Башталган иш аягына чыкса дейм,
Башкаргандар бири-бирин укса дейм.
Башаламан боло бербей, бөлүнбөй,
Башкачалап бардаштыкты тутса дейм.

Бийлик деген калың элдин милдети,
Башчылардан көңүл калып кирдеди.
Биригишпей көрө албастык, күч алып,
Бирин-бири сый оордуна тилдеди.

Бөлөктөнүп бөлүнүшпөй акыры,
Башкалардай болбойт неге акылы.
Бала-чака  күтүп турса зарыгып,
Биригишпей көбөйдүбү бакылы.

Бир ууч кыргыз бириккиле өтүнөм,
Бүтпөй калып ташталбасын көпүрөң.
Бир тууганбыз, бөлүнгүдөй жайы жок,
Баштап ирсең чоң тополоң өкүнөм.
Бата берем эрегишпей чогулсаң,
Бек кучактап өпкүм келет бетиңен.

*3-декабрь 2013-жыл*

# ЧЫНЫН АЙТАМ СҮЙҮНҮП

Айтчы элем абдан сонун балам деп,
Айтпасам да ашыгыраак жаман кеп.
Акыл берип кой ичпегин деп айтсам,
Алаң-булаң карап койчу Анарбек.

Алтынчы күн достор менен чыкканда,
Аа дечүүмүн той дегенди укканда.

Адат кылып келбей койду жумушка,
Арак, вино ичкиликти жутканда.

Арык чырай сулуу жигит укканга,
Абдан тыкан, турмуш жайын тутканга.
Айып болот, тыйгын дедим көп жолу,
Азгырылып түшпөсүн деп капканга.

Чындап кийин таштадыбы жутмайын,
Чыгарууда иштин жасап сүт, майын.
Чарчабастан мындай катуу иштесе,
Чексиз акча таап койот го ай сайын.

Бети башы аппак болуп баратат,
Бекинишип, кыздар тиктеп карашат.
Башындагы азыр кийген тумагы,
Башкача эле, куп өзүнө жарашат.

Чексиз тынбай студенттер үйүлүп,
Чынын айтсам калам абдан сүйүнүп.
Чымчылашып, кылыктанып, бир-бирин,
Чынбы, жалган сөз айтышып күлүшүп.
Чак түштөгү күндөй болуп ачылып,
Чыкчуу болду сумкаларын түйүшүп.

*4-январь 2014-жыл*

# ОН СЕГИЗ ЖАШ

Оңой дебе, он сегиз жаш өмүрүң,
Ойго, кырга көп бөлүнөт көңүлүң.
Ошол күндөр өтө качып кеткенче,
Оңдун, солдун байкап көргүн төгүнүн.

Он сегиз жаш опурталдуу мезгилиң,
Окуп алгын оордун билип кезиңин.

Оңой оокат, оңой турмуш табылбайт,
Ошол жакка оңдоп түзө сезимиң.

Он сегиз жаш, көбүктөнгөн учуруң,
Ойку кайкы баскан мезгил бутуңун.
Оомат сени сынай турган учурда,
Сезбей калба келген кезин кутуңун.

Он сегиз жаш күйгөн кези отуңун,
Очок үчүн жыйнай билгин отунуң.
Оолак болуп арак ичпей, бозо ичпей,
Оордун билгин алкаш менен сопунун.

Он сегиз жаш болсун ызат, урматың,
Ойлоп жүргүн ата-эненин кызматын.
Оң тетири жаман жолдон сактанып,
Ойноп күлгүн, билип өмүр кымбатын.

*3-январь 2014-жыл*

## ЖЫЛ МЕЗГИЛИН ПАЙДАЛАН

Түк-түк этип жүрөк соксо денеңде,
Түрлүү түмөн даамдар бышат жегенге.
Түн өткөрүп, күн өткөрүп кетирбей,
Талбай иштеп, кышка тамак беленде.

Жашоо деген күндөр өтсө билинбей,
Жер жок тура менин кыргыз жеримдей.
Жыл мезгили жылып турат алмашып,
Жаңы гана келген сулуу келиндей.

Күркүрөгөн күз да берет мезгилин,
Күн кыскарып, суук келишин сезгиниң.
Камдап алып курут, майын кышкыга,
Кыйналбастан кыш чилдеде эзгиниң.

Кыш деген кыш,суугун берет тоңдурат,
Көйнөк эмес, калың кийим тон кылат.
Кылчылдатып суугу күчөп үшүтүп,
Кымтылантып жылуу үйгө кондурат.

Көрүп турат кимдин кандай экенин,
Камдууларын, бошотойлор, бекемин.
Кыйналбастан кыштын суугун өткөрөт,
Күз күрөштө аккан терин чекенин.

Жаз да алат өз кезегин кышынан,
Жарык чыгып жылуу келип тышыңан.
Жаз жарыш деп бекер эмес айтылып,
Жер көгөрүп, мезгил келет ысыган.

Жамбаш төшөп жата калбай иштегин,
Жан жыргатып келтиргиниң иштегиң.
Жалкоо болбой эгип койсоң эгинди,
Жакырланбай жеерге оокат ичкениң.

Жай мезгилин жакшы болот сезгениң,
Жаз эккениң күтө билип тездегин.
Жарым сааты бекер болуп өткөрбөй,
Жаштык күчтө иштей турган кездериң.

Белди байлап билек жеңди түрүнгүн,
Бекем болуп калк ичине билингин.
Баланчанын баласындай болгун деп,
Баркың чыгып, эл оозуна илингин.

Күзгө жетип эгиниң мол болтурсаң,
Кандай сонун кампаңды жык толтурсаң.
Камсанабай жыйганыңды коротпой,
Камдуу болуп кышты күтүп олтурсаң.
Көчө бойлоп басып жүрсөң жарашат,
Кайдан келмек бул береке жөн турсаң.

*1-декабрь 2013-жыл*

## КЫЗЫМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Келди кызым, кабар алып сурагым,
Кандай экен барган жериң турагың.
Кош ата деп, көзүң ачып сүйлөбөй,
Колдон кеттиң, кол булгалап чырагым.

Жалп деп өчтү жанып турган чырагың,
Жаным кейип, келди балам сурагым.
Жаркылдаган жалбырттаган кезиңде,
Жар түбүнө барып неге куладың.

Кышты кынап оозуң бекем жабышты,
Колго уучтап топурак, кум салышты.
Кыйын болуп,кандай айла кылам деп,
Күйгөн чоктой, курган жаным кайышты.

Ошол кезде ойлондуңбу, билдиңби,
Ойуңда жок түш уйкуга кирдиңби.
Отура албай үйгө барып сени жок,
Оо кудайым кайра өзүңө бердимби.

Эки кызың эч нерсени биле албай,
Эңкейишип эшик түртүп кире албай.
Эркелеткен кыздар сени күтүшүп,
Эңшерилип эне доорун сүрө албай.

Эшик ачып издеп сени таба албай,
Эндирешип кайра артка жаба албай.
Эркелеткен эки кызың күтүшүп,
Эмдигиче жүрөт кирпик кага албай.

Апаң калды айтаар сөзүн таба албай,
Айланышып издеп сага бара албай.
Атаң болсо аңкыйгандан аңкыйып,
Айтаар сөзү, койсом болмок жаралбай.

Сен кеткенден жыл өткөрбөй оорудум,
Сеп кылчуусу Сайра болду оорумун.
Сезип-билип сылап –сыйпап балдарым,
Сактап калды бузулаарда форумум.

Айтчы кызым неге бизди таштадың,
Ардак менен өтөөр кезде жаш чагың.
Айтпай кеттиң арыз арман иштериң,
Аттиң кылып өтө  кыйын чарчадым.

Атам бар деп аябадың кордодуң,
Ал тарапка неге өзүңдү зордодуң.
Алтынчы күн келемин деп Өзгөнгө,
Айткан сөздүн өтүлүндө болбодуң.

Турган кезде келе турган оң жолуң,
Туура басып неге мойун толгодуң.
Табышмактуу ишке башың туш кылбай,
Калаарбы деп азыркыча болжодум.

Айтчы кызым мынча неге шашылдың,
Айла таппай колуң  кармап асылдым.
Ачпай койдуң жалдыратып көзүңдү,
Келип көңүл мойнуңа бек асылгым.
Акыл-эсиң бардыгына жетчи элең,
Ар жумада бирден келип кетчи элең.
Атам-апам кыйналбасын деп жүрүп,
Алаксытып атыр-упа сепчи элең.

Айтчы элең го үйлүү болдум эми деп,
Оңдой турган, түзөй турган кеми көп.
Ошол бойдон таштабастан бүткөрүп,
Айрым жерин айттың эле белгилеп.

Баары калды кыздар калды Нурланың,
Бекем сактап,тапкандарың курганың.

Жазга чыгып үй той кылам дечи элең,
Жатып алып ушул болду кылганың.

Көрбөй калдың кыздарыңдын кылганын,
Китептерин атаң жазган ырларын.
Көрбөй калдың көрөөр кезде турмуштан,
Көркү чыккан бул жашоонун жыргалын.

Көйкөлүшүп кыздар бойго жетишти,
Кайгылантып кылдың ушул чеки ишти.
Канаттары темир канат балапан,
Калды эми жашоо улап кетишти.

Нурлан балам аял алды үйлөндү,
Ээлеп калды сен тутунган үйлөрдү.
Эске албай көрөйүн деп кыздарды,
Эстеп барсам тескерилеп сүйлөндү.

Араң туруп куран окуп кириштим,
Айласыздан болгон дедим бул иштин.
Акылы жок амал издеп түңүлтүп,
Айла кылды акыры деп келиштин.

Айттым Зина сенден мындай күтпөгөм,
Арманым бар өмүр өтөп бүтпөгөн.
Аралашып отургандын ордуна,
Айдап чыктың өз үйүм деп күч менен.

Акыркы ирет көрдүм кармап тутканың,
Айласыздан ыйлап-ыйлап чыккамын.
Араң келип машинама отуруп,
Арман айтам адырыңа чыкканым.

Аңтарылып ыйга баттым кайгырдым,
Аңдадыңбы ошол күнкү кайгымдын.
Ашып ташып жүрөк туйлап токтобой,
Аттиң кылам неге сенден айрылдым.

Ошол бойдон барбай калдым үйүңө,
Оңдум го деп жүрсөң керек сүйүнө.
Омкоромун эми барсам кайрылып,
Ойлоп жүрөм жиним келсе түйүлө.

Кыздарыңды кыйналсам да чакырам,
Кырга чыгып кыйкырамын бакырам.
Канчалаган оордуң толгус күндөрдү,
Кызым айтчы кантип ичке батырам.

*1-январь 2014-жыл*

## УБАЛЫҢ БАР

Бет келсем бешенеңде чырагың бар,
Бекинип бир күн түнөп чыгаарым бар.
Берметтей аппак болгон көкүрөктө,
Берилгис сактап койгон тумарың бар.

Берилген сага деген кумарым бар,
Белгилүү аппак сулуу уларым бар.
Бетинен жыттап коюп моокум канаар,
Беш көкүл, мезгил күтүп тураарым бар.

Беш убак сени издеп чыгаарым бар,
Берметиң бек кучактап тынаарым бар.
Берилдим чын жүрөктөн бир өзүңө,
Байкелеп айтаар үнүң угаарым бар.

Баркырап күтүп жанган чырагым бар,
Башкача жарашыктуу ыраңың бар.
Болоттун сулуулугу Ак мөөрүндөй,
Бой жеткен, жыты кетпес бурагым бар.

Берилип кучагыңдан чыкпагым бар,
Бекинип бир өзүңө ыктагым бар.

Бешикке бөлөп алып жаш баладай,
Бешимден таң атканча уктагым бар.

Бойунда аккан суунун турагың бар,
Бой жеткен бойтоңдогон убагың бар.
Боорума кысып алып жүрсөм десем,
Боло албай, боорум ооруйт убалың бар.
Болпойгон боорсок беттүү жакшынасын,
Баары бир, бир сен үчүн кумарым бар.

*11-октябрь 2013-жыл*

## УШАКЧЫЛАР

Ушакчылар ,
Жанын жеген.
Тушакчылар,
Аркы дүйнө,
Тозогуна,
Абдан күйүп,
Бышат булар.
Адам затын,
Бастырбастан,
Эки буттан,
Тушап тураар.
Угуп турат,
Адам болуп.
Ошол жакка,
Кадам коюп.
Төкпөй чачпай,
Айтып барат.
Бычагы жок,
Муунтуп сойуп.
Уландырып,
Кайтып калат.

Көңүлүндө,
Абдан тойуп.

Уккан сөзүн,
Көркөмдөтөт.
Унчукпастан,
Төрдөн кетет.
Учуп күйүп,
Чыдай албай.
Ошол саатта,
Дароо жетет.

Бышпаган сөз,
Бышып жетет.
Таптазасы ,
Кычып кетет.
Канаты жок,
Болсо дагы.
Кайран сөздөр,
Учуп нетет.

Ачык күндү,
Бүркөк кылат.
Минген атты,
үркөк кылат.
Жакшы жүргөн,
Досторуңду.
Ороп,чулгап,
Чүрпөк кылат.
Жерди түрүп,
Асман кылат.
Жээн таганы,
Душман кылат.
Ушакчыга көңүл бөлүп,
Угуу берген,
Кайран кулак.

# АТАМ АЙТКАН СӨЗҮ ЭЛЕ ДЕГИЛЕ

Адал иштеп, ак нан тиштеп жегиле,
Актап көңүл сезим ташта элиңе.
Акыл насаат айтканыма ынанып,
Атам айткан бул сөз эле дегиле.

Дарак-таш эк, аккан суунун жээгине,
Талбай иште сакал бүтпөй ээгиңе.
Дардаңдабай, даарып кетпей байлыкка,
Дыкат көңүл көнгүн айткан кебиме.

Үйдү куруп, бекемделип турмушка,
Үндөбөгөн, кошулбагын кылмышка.
Үнөмдүү бол ысырапка урунбай,
Үнүң жетип турса дагы жылдызга.

Кичик болгун, кичи пейил элиңе,
Кас душманга колуң бербе жеңиле.
Качан болсо көкүрөктөн кетирбей,
Кайран атам айткан эле дегиле.

24-август 2013-жыл

# КӨЗ ИРМЕЛИП

Көз ирмелип өткөнүн бил өмүрүң,
Ар кыл сезим, өзгөрүлөт көңүлүң.
Адашасын унутасын азыраак,
Айтаар сөздүн тактай билбей төгүнүн.

Өткүрлүгү кетип кара көзүңүн,
Өтүмдүгү төмөн болуп сөзүңүн.
Тырыштары чекелериң калыңдап,
Тытмаланып түсү кетип жүзүңүн.

Бара-бара башың турбай кылтылдап,
Барган сайын бутуң баспай кылтыңдап.
Баякындай кайрат күчүң жоголуп,
Башың ооруп, бутуң ооруп кыңкылдап.

Өдөлөнүп жүргүң келет зыңкылдап,
Өзгөрүлүп күлгүң келип шыңкылдап.
Колдон келбейт, аракетиң болсо да,
Кош бол дейсин өткөн күндөр кыр-кырлап.

Кайран мезгил кошок ырын ырдайбы,
Коштошоор күн келип калган турбайбы.
Көптү көрүп, көптү билип жашадык,
Көп ойлонуп, жесек болбос кур кайгы.
Күткөн күндөр бешенеге келгенде,
Койо тур деп , кыйылып кол сунбайлы.

*24-август 2013-жыл*

## ЖАШТЫГЫНДА АЛМАШСАҢ

Жаман аял, жармашканы жармашкан,
Жакшы болмок жаштыгында алмашсаң.
Жакаларың агартып жууш оордуна,
Жаңжалдашып, жагжаңдашып кармашкан.

Түшкө чейин уктайт жумуш кылбастан,
Төшөктөрү үй-ич калат жыйбастан.
Тескей билип, тамак бериш ордуна,
Тентип кетет бир чайнек чай куйбастан.

Бети башы кееде жуулат, жуунулбайт,
Бет карабай кабак салып дулуңдайт.
Басса турса, көрүнгөнгө алжаңдап,
Баш этексиз сүйлөп оозу жумулбайт.

Үй-ичим деп үңүлүп иш кылбаган,
Үй турмушка аракет жок чындаган.
Үйрөнбөстөн башкалардан түзөлүп,
Үшкүрүнүп уят болуп сынбаган.

Кандай болду казан аяк тутканы,
Качан көрсөң арак болуп жутканы.
Картайганда карып болуп жашоосу,
Кагып турса, сүзүп турса бутканы.

*23-август 2013-жыл*

## КЫЗ КЫЯЛЫ

Кыздуу үйдө кыл түшпөгөн жай болот,
Кымызы бар, айраны бар, чай болот.
Качан болсо эшик төрү жыйналып,
Күн чыгарбай таң эртелеп ойгонот.
Кыз деген сөз кымбат баалуу аталат,
Кымбат сезип , кыймылы жай аталап.
Кылып жумуш, айыбы жок чеги жок,
Качан болсо сүйүп турса апалап.

Кыз баланын кылыгы бар кынтыксыз,
Кылып турса үй жумушун кылтыксыз.
Качан болсо кармаганын тутканын,
Карай билсе, кармай билсе жыртыксыз.

Карегинен агып турса сулуулук,
Кыш дебестен, күз дебестен жылуулук.
Кылдат сактап мамилесин дайыма,
Качан болсо кичи пейил кылуулук.

Кичи пейил кирпигинин чаңы жок,
Копол болбой олдоксондук жагы жок.

Кармай билип өзүн сактап жүрбөсө,
Келечекте бул кыздардын багы жок.
Кандай жумуш , кандай кызмат кылбасын,
Кайра келбейт, кыз кез мезгил чагы жок.

*24-август 2013-жыл*

## БОЗОРО ЖОРТУП КЕЛГЕМИН

Боз атты токуп мингенмин,
Болоорун болжоп билгенмин.
Балдарды багып чоңойтуп,
Бозоро жортуп келгенмин.

Гүрөң ат токуп бергенин,
Гүлмүңдөп минип келгемин.
Күнүгө Өзгөн аттанып,
Күткөндөй болгон эрмегим.

Көркөмдүү көзүң ирмебес,
Колума тийди мерседес.
Канчалап алыс чапсам да,
Каныккан экен тердебес.

Тандашып жорго мингизди,
Тон, ичик, сарпай кийгизди.
Боор этим болгон балдарым,
Булутка башым тийгизди.

Өмүрүн тилейм кудайдан,
Өтсө да жашым улгайган.
Кыздарым,келин,неберем,
Күнүм го дегем,жылмайган.
Колдоосун тилеп өтүнүп,
Кудайдан тилейм кудайдан.

*26-август 2013-жыл*

# КАДЫРЫН БИЛ КАЛКЫҢЫН

Бизге берген кең Ала-Тоо конушун,
Бийик чыгат кылым улап добушуң.
Бир максатта кол кармашып көп улут,
Баса турган келечектүү жол узун.

Бир тууганбыз өзбек,кыргыз орусуң,
Бирге басып жүрө турган жол узун.
Баарыбыздан эгемендик өтүнөт,
Бактылуу күн тең барабар болушун.

Бирдей тегиз эркин жашоо сезилип,
Бала-чакаң жүргөн иштеп эзилип.
Баякылар өтүп кеткен оордуна,
Бай турмушуң келет билгин сезинип.

Азыр мына кандай бассак жарашат,
Анткен менен бийлик байлык талашат.
Акыйкаттык,адилеттик адашып,
Алсыз тиктеп, ак үй жакты карашат.

Кыргызстан көп улуттан таралган,
Кичи пейил ак көңүлдүү жаралган.
Көркөмдөлүп тегерете курчалып,
Көк мелжеген тоодон тосмо кадалган.

Куп келишип туш тарабы жарашкан,
Кум, топурак, алтын кенин санашкан.
Кудай берген чексиз байлык кендери,
Кайда кетти эсин таппай талаштан.

Тегиз болуп, тең барабар жандашсаң,
Теңтуш,достук,жакындыкка жармашсаң.
Тынч турмушка, тынч жашоого умтулуп,
Тескерини оңго буруп алмашсаң.

Элдин билгин, жердин билгин кадырын,
Элеңдейли эл, жер көрүп акырын.
Эски ооруну эске салбай кайрадан,
Эй туугандар эпке салгын акылың.

Коргоп калгын,кор кылбастан алкымың,
Колдоп туура колдо казган алтының.
Кыргызстан улут болуп ынтымак,
Кадырын бил, көп улутуу калкыңын.

*21-сентябрь 2013-жыл*

## ТЕҢДЕШИ ЖОК МЕЗГИЛИҢ

Айга, күнгө теңдеши жок өмүрүң,
Абайлай бил, жаштык мезгил бөлүгүң.
Ар бир күнүң, ар бир минут, секунта,
Ак тилектен, аппак мээрим төгүлгүн.

Алтын, күмүш тең келбеген өмүрүң,
Астрадай ачык болсун көңүлүң.
Аралашпай, каралашпай жаманга,
Алыс болгун билип оң, терс төгүнүн.

Бүгүнкү күн, эртең келбейт кайрылып,
Бүгүп жүргүн, улуулардан айбыгып.
Башты ийип, салам айта билбесең,
Бир кезекте өкүнөсүн кайгырып.

Жаркылдаган жарың турса жаныңда,
Жаман тамак, ичкиликке малынба.
Жакшы жашоо, жарашыгын кармагын,
Жыргап, куунап көңүл ачаар маалыңда.

Кучак жайып, кумарлашаар чагыңда,
Куштап билип, көңүлүн тап жаңылба.
Катар басып, күлүп турса алганың,
Кандай жыргал, ар бир күндүн таңында.

Күлгүн кезиң өз мезгилин өткөрөт,
Күлүп жайна бала-чакаң өпкүлөп.
Кайран күнүң күтүп турбай кеткенде,
Калган бекер жерди муштап тепкилеп.
Картайасын байакындай ажырап,
Куру бекер, кайгырганың бекер кеп.

*2-август 2013-жыл*

## ДОС БЕЛЕ

Каяктагы кайберенге кабылба,
Кереги жок, керексизге жалынба.
Кадырыңды биле турган ким дебей,
Кармап калгын жан досуңду жаныңда.

Көбөйөт дос амал барда колуңда,
Көтөрүп жүк, жеңилденип жонуңда.
Качан болсо саламдары көбөйүп,
Кошоматтар чыгып турат жолуңда.

Кол куушуруп эки колун бир сунат,
Катташтырып катар-катар пул сурап.
Кызмат бер деп баласына кызына,
Кастюмуңдун жакаларын кумтулап.

Көпчүлүктө жакын болуп умтулат,
Көркөмдөнүп көпчүгүңдү кумтулап.
Кызмат кетсе, амал кетсе колуңдан,
Каалгасын тозуп койот кулпулап.

Каяктагы кайберенди дос дебе,
Калыс сүйлөп айта бербе эчтеме.
Катаа кетип, адашпастан урунуп,
Качанкы бир каймананы эстебе.
Карап койбойт кызмат колдон кеткенде,
Көчөдөгү көрүнгөндөр дос беле.

## ДЕН СООЛУК

Кайда кеттиң күржүңдөгөн ден соолук,
Катуу басып жүгүрбөйсүн томсоорук.
Көркүң кетип жүдөгөндөй абалың,
Көрүнбөйсүн, көзгө түшпөй комсоолуп.

Каяктасын кадыр барктуу ден соолук,
Колтугуңдан чыкпай жүрчүү ак жоолук.
Карабастан көңүл бөлбөй алыстап,
Калтырыптыр го жалгыздата жол тоолук.

Кайда сенин карышкырдай көздөрүң,
Катуу чыккан чагылгандай сөздөрүң.
Кошоматтап кошо сүйлөп калыпсын,
Колдоо берип сөзүн сыйлап өзгөнүн.

Кашты керген, кайда сулуу чырайың,
Кайда кеткен жай саратан ырайың.
Каргылданып үнүң такыр окшошпойт,
Ичкен белең, суунун сузуп ылайын.

Кайран жанды капаланткан ден соолук,
Кайра кайтып келбей турган окшодук.
Кантсең дагы караштырып ойлонгун,
Карылыкка кылып койбой тоскоолдук.
Карып кылбай картайганда оорутуп,
Кайрат бергин аксакалдык боштондук.

*2013-жыл*

## ЭПКЕ КЕЛЕТ

Эпке келет тил билбеген сакоосу,
Эң бир жаман адам заттын макоосу.
Элди бөлүп, жерди бөлүп култуңдап,
Эртели кеч ошол  турмуш жашоосу.

Сакоо көнөт эптеп ымдап түшүнтсөң,
Саарбы, кечпи үйгө сыйлап түшүрсөң.
Сары чайың, жарты наның койсоң да,
Сабыр кылат барды –бардай ичирсең.

Мойнуң созуп эшигиңди ач дебейт,
Макоо деген макоолугун эстебейт.
Мас адамдай кирип барып төрүңө,
Мейманмын деп, бутун чечпей тепселейт.

Макоо адам эрте дебейт, кеч дебейт,
Маани берип , түшүнүксүз кеп жебейт.
Миң мертебе жакшылыкты кылсаң да,
Мен бул сени көрбөгөм деп , эстебейт.

Болсун сакоо, макоо эмес жолдошуң,
Болбо жакын, кудайлашкан жан досуң.
Бул жашооңдо эсиң болсо урунба,
Болуп бербейт, бирге жүргөн колдоочуң.

*15-октябрь 2013-жыл*

## РУЧКАМ МЕНЕН

Айтылганды айтылгандай жазамын,
Аккан суунун булагындай тазамын.
Акыйкатты ак ниетимден изилдеп,
Арам ойдун бергим келет азабын.

Көргөнүмдү көргөнүмдөй жазамын,
Көпчүлүктүн тилегиндей тазамын.
Карапайым элдин акын жегенди,
Каргап шилеп кудук издеп казамын.

Укканымды укканымдай жазамын,
Ууруларга терең чукур казамын.
Унчукпастан унут кылып жегенди,
Уулындырып берем катуу азабын.

Ушактарды укпайын дейм ылайым,
Угуп укпай чыгарбастан ылайын.
Уручкемдин учун сөздөп курчутуп,
Ушакчыны ушак айткыс кылайын.

Жалганчынын жаагын кайрып бурайын,
Жакындашып коңшусунан сурайын.
Жалпаңдаган жаны жокту тынчытпай,
Жаным чыдап, кантип карап турайын.

Кошоматтын сөзүн байкап угайын,
Көзүм менен көңүл коюп ырайын.
Койкоңдобой түз басышты үйрөтүп,
Кайталабай жүрө турган кылайын.

*13-октябрь 2013-жыл*

# ТУРГАНДА САКАҢ ОҢКОЛОП

Курулуп жаткан көпүрөгө карата.
Ар өткөн сайын бийиктеп,
Асманга башым тийип деп.
Адамдар калаар суктанып,
Айтышып абдан бийик кеп.
Отуз, кыркметр   бийиктеп,

Ошума оомат тийип деп.
Туш-тушка кетти угулуп,
Тургундар айтып ыйык кеп.
Көпүрө бүтсө ээлик ким,
Көркөмүн айтып Мелистин.
Кечее эле Ошум башка эле,
Көргөндөй көрүп ээликтим.

Тартынбай ойлон умтулуп,
Тыйынын чачпай кумтунуп.
Токтоосуз турбай киришкин,
Тосконго болбой жулкунуп.

Көпүрө салган чоң собоп,
Көңүлүң  чөкпөй онтолоп.
Көпчүлүк элге кыла бер,
Турганда сакаң оңколоп.

Туруштук берип баарына,
Туугандар турса алкоолоп.
Турганың жакшы жарашат,
Туткандан кийин козголоп.
Туруктуу тургун шаарыңа,
Турса да жамгыр шорголоп.

*3-октябрь 2013-жыл*

## ТАРИЕЛЬ

Кол жазмамды колдоп оңоп түзөгөн,
Кагаз ишин мен күткөндөй тилеген.
Кадимки бир бала иштейт Тариель,
Компютерди жаттап алган билээген.

Менин жазган ырларымды тергизем,
Мактоо менен түшүндүрүп билгизем.

Мээнетине ыраазылык билдирип,
Менден ага алкыш, рахмат бергизем.

Кичи пейил кабыл алат дайыма,
Келинчеги Айгүл койот жайына.
Келип калат апасы да көргөнү,
Канча иштеп, табат дейби айына.

Кудай берген уулдуу болду, кызы бар,
Кыялы бар жай турмушка кызыгаар.
Айзат менен Адилетиң чоңойсо,
Абдан ширин, таттуу болот тузуңар.

Келечекте көп жакшылык күтүлсүн,
Кызың окуп, уулуң окуу бүтүрсүн.
Кудай сени максатыңа жеткирип,
Калк ичинде чоң үй-бүлөө түтүнсүн.
Каалаганым мендей болуп чоң ата,
Кадимкидей элдей турмуш күтүнсүн.

*1-февраль 2014-жыл*

## БУЛ КҮНҮ

Бул күнү бир башкача кыялдаймын,
Бугумду тоскум келет,тыя албаймын.
Булдурап ички сырым айткым келбей,
Булкунуп баданима сыя албаймын.

Бул күндү унута албай жүрөмүн го,
Бузулган бир сен үчүн жүрөгүм го.
Билбеймин кантсем дагы чыдап жүрүп,
Баламды унута албай жүдөдүм го.

Бул күнү токтото албай жүрөгүмдү,
Билбеймин бир сен үчүн күнөөмүнбү.

Барганда башың буруп сүйлөбөдүң,
Билдиңби, келип калган бул өлүмдү.

Бул күнү укпай калдым сөздөрүңдү,
Бармын деп ачпай койдуң көздөрүңдү.
Билгенде ала качып келбейт белем,
Билгизбей адаштырып бул өлүмдү.

Бул күнү какшап ыйлап кала бердим,
Боор ооруп, тургандарын көрдүм элдин.
Бооруна чоң адырдын чукуруна,
Боло албай, сени таштап келе бердим.

Бош койбой чоң сүрөттү илип жүрөм,
Баламай сен алдыңда бар чоң күнөөм.
Башыңды сенин сактап кала албай,
Барпаңдап эл алдында кантип күлөм.

*5-февраль 2014-жыл*

## ТАР АДАМ

Тар адам, кең оорунга батпаймын дейт,
Текебер пикиримден кайтпаймын дейт.
Туугандан, досторунан жашырынып,
Тартынбай башкаларга каттаймын дейт.

Тар адам, тууган доско батпаймын дейт,
Тынч алып көңүл сергип жатпаймын дейт.
Таптакыр көрө албастык кыялымдан,
Түзөлбөй түбөлүк гек сактаймын дейт.

Жакындан алыс жакты жактаймын дейт,
Жакшылап башкаларды мактаймын дейт.
Жашыруун сүйлөшкөндү өнөр кылып,
Жакшынын жанына мен батпаймын дейт.

Жогорку жетекчини мактаймын дейт,
Жонуна кол тийгизип таптаймын дейт.
Жолунан кулуп жайнап кутуп чыгып,
Жамандык кимге болсо сактаймын дейт.
Жакшылап караан кутуп өзүңүздү,
Жан чыгып кетмейинче мактаймын дейт.

*14-январь 2014-жыл*

## ЖЫТЫН ИСКЕП

Сен келип, колуңду бер кармалайын,
Сергитип жүзүңдү бир аймалайын.
Серпилип сезип койчу көңүл бөлүп,
Сендейди көрбөгөнмүн айланайын.

Бетиңди тосуп койчу жалмалайын,
Бойтойгон боорсоктойум, алмадайым.
Бооруу таш боло бербей ийилсеңчи,
Бой тутуп жүрө берем жалгамайын.

Көйкөлүп көрүнөсүн мага дайын,
Көңүлдү козголойсун көргөн сайын.
Колтукташ баскым келет сени менен,
Көчөңдө, адырыңда, болгон сайын.

Бүктүшпөй бүчүрүңдөн ачылсаңчы,
Бүркөлгөн күндөй болбой чачылсаңчы.
Балдырап бирдеме деп айта бербей,
Боорума бооруң берип басылсаңчы.

Жаз келет жамгыр болуп чачылсаңчы,
Жыт алып, жытым искеп асылсаңчы.
Жүрөккө жүрөгүңдү тушташтырып,
Жүктөлгөн жүрөк дартын басылтсаңчы.

*14-январь 2014-жыл*

# АППАГЫМ АЙ АППАГЫМ

Көп кыздардын ичинен, көздөп жүрдүм аппагым,
Көйкөлгөнүң Кулунду, көл деп жүрдүм аппагым.
Көрүнбөстөн башкага, кел деп жүрдүң аппагым,
Көз тийгизбей жүрүштү, бил деп жүрдүң аппагым.

Коңшу айылдын сулуусу, сен деп жүрдүм аппагым,
Кылып энчи өзүмө, тең деп жүрдүм аппагым.
Эс акылы жайында, кең деп жүрдүм аппагым,
Эки жылды белгилеп, чендеп жүрдүм аппагым,
Эритилбес алтындай, кен деп жүрдүм аппагым.

Эстен кетпес сулуу деп айтып келдим аппагым,
Эсен аман аскерден кайтып келдим аппагым.
Окуп жаткан жериңе кайкып келдим аппагым,
Турмуш куруп кетеериң байкап келдим аппагым.
Ишеничтүү башымды чайкап келдим аппагым,
Илип колум мойнуңа жайкап келдим аппагым.

Окуп алсын сени деп, аяп келдим аппагым,
Автобуста башыңы, таяп келдим аппагым.
Болуп койгон жериңди, билип жүрдүм аппагым,
Баскын деген жагыңа, кирип жүрдүм аппагым.
Ата-энеңдин ишине ирип жүрдүм аппагым.

Кат кабарды калтырбай берип жүрдүм аппагым,
Кызыл гүлдү сага деп терип жүрдүм аппагым.
Кыйналсам артыңан келип жүрдүм аппагым,
Колтукташып эркелеп, эрип жүрдүң аппагым.
Кудалашып койгондон жерип жүрдүң аппагым.

Аягында башкага, качып кеттиң аппагым,
Айла таппай абийриң, чачып кеттиң аппагым.
Арт жагыңдан издебей, басып кеттим аппагым,

Өтөөнү жок чоң канал, казып кеттиң аппагым.
Өбүшпөйбүз эми деп, жазып кеттиң аппагым.

Отуз жылча өткөрүп, жолуктурдум аппагым,
Оңдоп, түзөп кайрадан оолуктурдуң аппагым.
Ошол кезде элүү беш, толуптурмун аппагым,
Жаштыгыңда колума, коnуптурсун  аппагым.
Жарда өскөн гүл сымал, тоңуптурсуң аппагым,
Жакшы көрүп унутпас, болуптурсун аппагым.
Аппагым ай аппагым, бирок сендей таппадым,
Айтып жүрчүү сөзүңдү, кеч болсоң да актадың.

*9-январь 2014-жыл*

## СҮЙЛӨБӨЙ ЭЛЕ КОЙБОПМУН

Интервью менден алганда

Микрофон кармап бойлопмун,
Мектептин ишин ойлопмун.
Жаш кезим болсо мейли эле,
Интервью бербей койбопмун.

Чындыкты чындай айткамын,
Чыгат деп үйгө кайткамын.
Чыгымын төлөп коюшту,
Чындасам кийин байкадым.

Көргөнүм көрүп айткамын,
Спикер келип кайтканын.
Облусттун чоңу кыдырып,
Орчундуу пикир айтканын.

Жакшы ишти жакшы дегемин,
Жактырам дегем, дегенин.

Жамбашка түртүп  койбопмун,
Жардамга берип  белегим.
Жаркылдап чыгып экрандан,
Жакшы эле тиймек керегим.

*20-август 2013-жыл*

## ТИШ САЛДЫРСАҢ

Тиш салдырсаң Айтбайга эле салдыргың,
Тиш алдырсаң Дилмуратка алдыргын.
Тиктеп эле билип койот экөө тең,
Тартынбастан укол сайып эң алдын.

Айтбай доктур нервти чукуп ойосун,
Араң менен этти кошуп сойосун.
Анткен менен тез аранын ичинде,
Алтын койуп жаркыратып койосун.

Абдан көңүл жарашыкка бурасын,
Аярланып тыкан меенет кыласын.
Ашык айтып, кемип кетсе эгерде,
Андай болсо, клиенттер сынасын.

Калпын берсе кайра-кайра тактылап,
Кылдат жасайт уруп согуп каккылап.
Аянбаган Абдылда чоң устасы,
Ары бери оңдоп түзөп бат кылат.
Ага чейин оозуң жумуп жүрсөң да,
Андан кийин күлкүң чыгат жаркырап.

*25-август 2013-жыл*

# БИЗ ЫРААЗЫ

Мектептин кошумча корпусунун ачылышына

Дүйшөн келип, Дүйшөн кеткен бул мектеп,
Көбү кирип көбү чыгып эрмектеп.
Көп жыл турду жер тамынан өзгөрбөй,
Качан муну ким оңдотуп бермек деп.

Айыл эли көпкө күткөн ой болгон,
Алыс барбай Сайип авам ойлонгон.
Ашпаш дебей долбоор сызып Жаныбек,
Арасынан бир жыл өтпөй той болгон.

Ал мезгилдер алыс калды көп болду,
Айыл ичи абдан көңүл ток болду.
Арасынан алтын медал алышып,
Аты чыгып, атакталып токтолду.

Оозуп чыгып отузунчу катардан,
Супер мектеп эң биринчи аталган.
Жылдын мыкты мугалими Абдыкар,
Райондо биринчи деп кат алган.

Болуп турат айылымда сүйүнүш,
Спикердин көңүлүндө болуп иш.
Ана-мына, ала-була дегиче,
Аткарылып келип тийди бул жеңиш.

Жогортодон болуп такай көзөмөл,
Жол жабылып кол ийрейип созомол.
Жапырт туруп, жетекчилер жүгүрүп,
Жакшы болду ишке ашып тез амал.

Ыраазыбыз тийгендерге колдору,
Ынтымактын иши болду болжолу.

Ырыс тилеп, өмүр тилеп аларга,
Ылайым дейм, дайым болсун оң жолу.

*28-август 2013-жыл*

## СУУРУЛУП ЧЫКТЫҢ АЛДЫГА

Баркына жетип илимдин,
Байланып бекем илиндиң.
Пазылбек бажам изденип,
Пайладың жолун билимдин.

Эл орто элүү кезиңдин,
Эмгектен байкап сезилдиң.
Эрикпей абдан киришип,
Түшүмүн алдың эгиндин.

Теминдиң абдан теминдиң,
Чыгарып атын жериңдин.
Чымбайдан чыккан илимпоз,
Айылдык экен дедирдиң.

Илимдин жолун баштадың,
Илинбей  ташта жаштагың.
Изилдеп улам талпынып,
Үлгүсүн алгын башканын.

Эстей жүр өткөн жаш чагың,
Элүүнүн жашын ашканың.
Эңкейиш жолго түшкөндө,
Докторлук илим баштагын.

Кут болсун салттуу майрамың,
Куттуктоо сөзүм кайрамын.
Кубанып турат үй-бүлөң,

Күтүшүп күлкү сайраңын.
Суурулдуң чыгып алдыга,
Суза бер майлуу каймагын.

*9-ноябрь 2013-жыл*

## ОТУРГАНДА КӨРЧҮҮ ЭЛЕМ КАРААНЫҢ

Бегим айтты тигил банкка бараарым,
Бери көздөп бирөө бурду караанын.
Базар ичи мындай сулуу жок эле,
Башты буруп келди менин карагым.

Кара тумак, кара пальто кийинген,
Көркү чыгып, каштар кара чийилген.
Качандыр бир көргөнүмө окшотуп,
Карбаластап байкабадым кийимден.

Көчө бойлоп көптү көрөм Өзгөндөн,
Көрбөптүрмүн мындай  сулуу өзгөргөн.
Каршысынан кантип өтөм дегиче,
Кадимки эле Татты экен мен көргөн.

Ишенбестен кайра тиктеп карадым,
Имерилип көпкө келди карагым.
Иш үстүндө мынча сулуу көрүнбөй,
Отурганда көрчүү элем караанын.

Ойун-чынга көп ойлонбой отуруп,
Окшоштуруп чийдим кагаз барагын.
Офисиңе ушул ырды көтөрүп,
Оңдоп-түзөп эртең жетип барамын.

*24-декабрь 2013-жыл.*

# ЖЫЙЫРМА АЛТЫНЧЫ НОЯБРЬ

Туулган элең ушул күнү кечинде,
Турмушумда түк унутпайм эсимде.
Тутка болбой, жатып калдың чубалып,
Тута турган өмүр келген кезиңде.

Толгоо берип ушул күнү бешимде,
Топ жылдыздар толуп турган кезинде.
Жаркыраган жарык чыгып келгенсин,
Чолпон болуп элес берип сезимге.

Кыз экен деп такыр келбей ойлогум,
Кудай мага берген өңдүү ойдогум.
Кол куушуруп сүйүнгөндөн сүйүнүп,
Кадимки эле Венера деп койгомун.

Бүгүн эстеп, күнүм кечтеп турамын,
Буйурбады сенден мага кураның.
Бешенеңе жазып койсо ушундай,
Бурмалаштын кандай жолун кыламын.

Бүгүн кетип Бишкегиңден Ошума,
Бара жатып чоң гүл десте сунамын.
Боздотпостон ойгоо болуп күтүнсөң,
Бош oордуңа келет менин кулагым.

*11-ноябрь 2013-жыл*

# ТЕГИЗЧИЛИК ТЕҢ БОЛОТ

Мезгил келет, «А» тамгасы «Б» болот,
Мезгил келет, тескерилер оң болот.
Мезгил келет, ачыкталып такталып,
Мезгил келет аңтарылып оңдолот.

Мезгил келет, жайлар өтөт күз болот,
Мезгил келет, бирөө экөө он болот.
Мезгил келет, кыйкырыгы басаңдап,
Мезгил келет, суулар тоңуп муз болот.

Мезгил келет, «ү» тамгасы «У» болот,
Мезгил келет, талаш-тартыш чуу болот.
Мезгил келет, дардаңбайлар кыскарып,
Мезгил келет, кызыл өңү куу болот.

Мезгил келет, «П» тамгасы «Т» болот,
Мезгил келет, «Х» тамгасы «К» болот.
Мезгил келет, тарых бети өзгөрүп,
Мезгил келет, «С» тамгасы «З» болот.
Мезгил келет, тар көчөлөр кеңейип,
Мезгил келет, бардыгына кең болот.
Мезгил келет, чачылбастан төгүлбөй,
Менмин дебей, тегизчилик тең болот.

*11-ноябрь 2013-жыл*

# ДИСИК САТКАН БАЛАГА

Мен да балам сендей жап-жаш болгонмун,
Мындай эмес, семиз эткеел толгонмун.
Мааниси жок сөз укканда башкадан,
Мээлеп туруп так тумшукка койгонмун.

Кечее мага тескерилеп толгондуң,
Кезегинде мен да күчтүү болгонмун.
Карылыктын мезгилине багынып,
Көңүл чөгүп, көпкө туруп ойлондум.

Шашпа балам, шашкандыктын чеги бар,
Катуу сөздүн кайтарылаар кеги бар.
Катар турган сен куракта балдарым,
Канаат кылаар ошолордун деми бар.
Корсулдасаң жетимиште карыга,
Көрө билдим жаштыгыңдын кеми бар.

*10-ноябрь 2013-жыл*

## МЕНДЕГИ ОЙ

Союз кулап, маркум болду жоголду,
Суктар ташып, бардык мүлктөр тонолду.
Сууга чейин, ташы менен кумдарын,
Сузуп качып чиновниктер оңолду.

Аскар келди Щвецария кылам деп,
Аздан кийин, ал да калды элеңдеп.
Алтынына алпурушуп киришип,
Абдан жакты, алып уурдап жеген деп.

Андан кийин Курманбек мен билем деп,
Арам тамак жегендерди терем деп.
Анткен менен алапайын таба албай,
Ал да качты анча-мынча жегем деп.

Кантсе дагы калктын мүлкү тонолду,
Карапайым кадыр-баркы жоголду.
Карышкырдай кайтарышып койлорун,
Коррупция күндөп-түндөп оңолду.

Калктын мүлкүн өз ордуна койом дейт,
Коррупция сени муздап сойом дейт.
Катуу туруп Президент Алмазбек,
Кармап тутуп, ууруларды жойом деп.

Көптөп,элим биз буларды жеңели,
Кошулушуп бир максатка келели.
Кошоматтын куржундарын куйкалап,
Карапайым калкка кайрып берели.

*3-февраль 2014-жыл*

## КӨЗҮҢ КАРА

Көзүң кара карагаттай мөлтүрөп,
Көргөн сайын көргүмдү куп келтирет.
Карай берем карааныңа тойбостон,
Кетким келбей тура берип мелтиреп.

Демдеп келген чайың ичким келтирет,
Дарди сени алсамбы деп энчилеп.
Далдоолонуп тиктеп калсаң кылчайып,
Дүк-дүк этип , жүрөк толкуп серпилет.

Бойуң узун, кыска да эмес жарашып,
Баскым келет сени менен кынашып.
Бирок сага теңдеше албай өкүнөм,
Барып калып, кыйла өмүр, кыр ашып.

Бир кашыкты алмак-салмак талашып,
Бет маңдайлаш көздөр-көзгө карашып.
Башка жактан келген сулуу өзүңө,
Болуп жүрөм өзгөрүлүп, мен ашык.

Бардык мүчөң бир өзүңө жарашып,
Болгум келет, түбөлүктүү мен ашык.
Басканыңда, турганыңда колтуктап,
Болсом деймин бир мүчөңө жарашык.

*3-февраль 2014-жыл*

## ИНТЕРНЕТИҢ КУРУСУН

Эгемен тийип жыргадык,
Элге окшоп, бийлеп ырдадык.
Эртеңки күндү ойлобой,
Эсепчи болдук, ылгадык.

Айылма-айыл тыңдадык,
Адилет амал кылбадык.
Атасы турса башында,
Артынан күүлөп чыңдадык.

Башкалар турат байкашып,
Баштарын бурат чайкашып.
Бараарын билбей калышты,
Берсем деп кимге чай ташып.

Өрөөндөн өрөөн бөлүнүп,
Өзгөчө болуп көрүнүп.
Интернет менен кыйкырып,
Ич ара чыгып сөгүнүп.

Кыйчалыш кыйрап сөгүлүп,
Калбайлы калкым төгүлүп.
Каяктан чыкты бул адат,
Кыргызча сүйлөп сөгүнүп.

Катуулап бийлик турбаса,
Көзөмөл айла кылбаса.

Каяка барат билебиз,
Каяша сөздөр чындаса.
Калтыруу кыйын болот го,
Кабырга, буту сынбаса.

*3-февраль 2014-жыл*

## СУЛУУ ӨҢДӨН

*Бир жигиттин арманы*

Сын –сыпатың сый түргүнө жетпеген,
Сезбедиң го, мен алыстап кеткенден.
Сени мага табыш кылып койгону,
Салмактантып койгон мени бешенем.

Сен жүрөсүн улам-улам кет менен,
Сага чейин чын сүйүүмө жетпегем.
Сабыр кылып айласыздан жүрөмүн,
Сыздап жүрөк, сызгырылып эт менен.

Суктанамын башкаларга тамшанып,
Суу бойлосом ырдап койом жаңсанып.
Сууган жүрөк айла таппай калганда,
Сөгүнөмүн кееде үйгө чаң салып.

Сулуу өңдөн, көңүл жакшы сулуусу,
Сый-сыпат бул эң жашоонун улуусу.
Сыйлашпастан жүргөн турмуш оордуна,
Супсак эмес, сөздүн керек жылуусу.

*2-февраль 2014-жыл*

# БОЛБОГУЛА БӨЛҮП ЖАРГАН УЯДАН

Бир уядан тарасаң да он болуп,
Бирге болгун, бөлөктөнбөй оңдонуп.
Баарысы бир башка түшөт жалгыздык,
Бактың эгер, турса ишиң оңдолуп.

Жалгыз чыкпа бөлөктөнүп уядан,
Жулса дагы алып качып уяңан.
Жүрө-жүрө башкачараак болосун,
Жүрөк сезип, жөлөмөң жок таяган.

Турпатыңда эч кимиң жок таянган,
Табалаган сөзү чыгат аялдан.
Тагдырыңа мойун сунуп ошондо,
Таарынычтан баары кетип кыялдан.

Болгон ишке балдарымдан уялам,
Болбогула бөлүп жарган уядан.
Бизден кеткен катаачылык келбесин,
Белден ары ашкан бойдон кыядан.

*2-февраль 2014-жыл*

# БАТКЕНИМДИН ӨРҮГҮ

Шириндирсин өрүгүндөй Баткендин,
Искеп жытың, имерилип көп келдим.
Ийменчиктеп көзүңдөгү жалынга,
Ишенгендей бир далай күн өткөрдүм.

Сулуулугуң өрүгүндөй Баткендин,
Сугум түшүп, суусап сага көп келдим.

Суранбастан жазгым келип ырымды,
Сууруп чыктым актай бетин дептердин.

Даамы таттуу өрүгүсүн Баткендин,
Дары сууңду, көк чайыңды ичкенмин.
Даба береер жүрөгүңө ишенип,
Дайым бирге болом го деп чечкенмин.

Азык болоор өрүгүсүн Баткендин,
Азыр десем, чакырсам мен бат келгин.
Аянбастан агатайым мына деп,
Атыр жытуу, ай мончогуң деп келгин.
Арачалап албууттанган демиме,
Акырындап, алдап-соолап сеп бергин.

*6-февраль 2014-жыл*

## КЕЛЕЕР БЕЛЕҢ

*2-сентябрь күнү өткөрүлгөн эки китептин ачылыш тойундагы эскерүүм.*

Келеер белең, белек кармап колуңда,
Катарында болоор белең тоюмда.
Кебетеңди келиштирчүү өзгөчө,
Көңүлүмдөн кетпей турдуң ойумда.

Келеер белең, жалгыз чыкпай жолуңда,
Кыздарыңды коштоп кармап колуңда.
Күттүрбөстөн бир күн мурун жүгүрүп,
Китеп ачаар, атакеңдин тойунда.

Келеер белең, адатыңча күлмүңдөп,
Кошо калбай Нурлан келмек күржүңдөп.
Кайран кызым тирүү болсоң кана эле,
Күтмөкчүмүн сулуу кызым гүлүм деп.

Кабыргамды кайыштыра мыжыктың,
Капа болдум, көп ойлорго кызыктым.
Кайран кыздан айрылгандан бер жакка,
Кантип жүрөм, биле албаймын кызыкмын.

Көптөр келип, сый чапандар кийгизди,
Кучак жайып, беттер бетке тийгизди.
Кагылайын эки кызың келе албай,
Келмек бирок, жаш экенин билгизди.

Түшүнбөдүм түңүлтөбү сен бизди,
Табийгаттын татаалдыгын сезгизди.
Таарынтпастан келе бербей, сездирбей,
Тагдыр экен башкалыгын билгизди.

*23-октябрь 2013-жыл*

## ТАЗАМЫН ӨЗҮМ ТАЗАМЫН

Тартынбай чукуп казамын,
Турмуштан көрдүм жазамын.
Табырка кылып байкасам,
Туптунук суудай тазамын.

Талкалап, талдап казамын,
Тартибин көрдүм жазамын.
Туугандын билип кыялын,
Тазамын дедим тазамын.

Тутканын көрдүм балыкты,
Тосмолоп көрдү арыкты.
Тайкылык кылса акылы,
Тууган да болсо зарыкпы.

Түн кылса күндүз жарыкты,
Түшүндүм өткөн тарыхты.

Түңүлткөн бакыл, көрө албас,
Туугандан болсо зарыкпы.

Табалбайт бирөө кечүүнү,
Таппаса бирөө ичүүнү.
Турмушта болот турбайбы,
Түшүнбөй улуу кичүүнү.

Тамаша кылба өмүрдү,
Таппайсын калган көңүлдү.
Тараза таштай болбодуң,
Тууганча түздөп көөнүңдү.
Турмушка түркүк болбойбуз,
Танбайсын тууган сөөгүңдү.

*25-октябрь 2013-жыл*

## КУДАЙДАН ӨМҮР ТИЛЕП КҮНҮГӨ БИЗ

Барбайм деп Байэл балам сүйлөп кетти,
Батырып машинага сүйрөп кетти.
Баш ийип мезгилдеги учур шартка,
Буулугуп Жибекчачым сүрдөп кетти.

Кантмексин азыркы шарт турмуш ушу,
Кадимки кыргызымдын учуп кушу.
Калдаңдап учуп барып коно турган,
Москва чоң шаарынын орто тушу.

Келди эле бала-чакам неберелер,
Калбады орус нанын жебегендер.
Картайган кезегиңде алыс кетип,
Кош айтып нан бышырып же дегендер.

Кагылып карегинен кала береер,
Кошулуп калбай барсам кана эгер.
Колумдан келгени эле ушул экен,
Кудайдан колдоо тилеп бата деелер.

Узатып Өзгөнүмдө кала бердим,
Унчукпай үйдү көздөй кайра келдим.
Уул кызым чогуу жүргөн oордун эңсеп,
Уркуйуп көпкө жүрүп, зорго көндүм.

Телефон шыңгыраса жүгүрөбүз,
Темтеңдеп келин болуп жүгүнөбүз.
Таң атса кеч киришин күтүү менен,
Тагдырга моюн сунуп көнүгөбүз.
Түрүнүп, белди бекем байлап койуп,
Тилейбиз бир кудайдан күнүгө биз.
Тиктешип кемпир чалдар бирин бири,
Такылдап жаш кезектей көрүнөбүз.

*6-октябрь 2013-жыл*

## КӨРӨ АЛБАСТЫК КЫЛБАГЫН

Өз тууганың, өздөй көрүп сыйлагын,
Өткөн кеткен сөздөр учуп кыйланын.
Өтүп өмүр, кайра кайтпайт кайрылып,
Өткүр сөздөн жакшы болоор тыйганың.

Энелешти, аталаш деп сыйлагын,
Энчи берип эч нерсеңди кыйбагын.
Эки башка жаралгандай сезилип,
Эпсиз жерден болбойт көңүл кыйганың.
Бир тууганды бир туугандай сыйлагын,

Бирге болуп, бирдей көңүл жыйнагын.
Беш күнчөлүк өтө турган өмүрдө,
Бекер калат эрте кечте жыйганың.
Көрө албастык, бакылчылык тууганга,
Көрүп туруп, билип туруп кылбагын.
Кош айтышып, көздү жумуп кеткенде,
Кыйкырыкты кур бекер го, кылганың.

*26-сентябрь 2013-жыл*

## МЕНДЕН КАЛАТ

Үйүң калат, жайың калат,
Үйлөп ичкен чайың калат.
Жаш кезимден көңүл бөлгөн,
Жалгыз өскөн кайың калат.

Үшүп  тапкан малың калат,
Үймөктөнгөн даның калат.
Үч жүз жылдап жашабайсын,
Үшкүрүнүп жаның калат.

Эрмектешкен элиң калат,
Тизмектешкен жериң калат.
Татып жүргөн тамагыңа,
Чоң рахмат дээриң калат.

Тушалышкан тууган калат,
Туш –туш жакка кууган калат.
Кир жугузбай эч жериңе,
Кийиндирип жууган калат.

Төрт аяктуу атың калат,
Төрдө отурган катын калат.
Там үстүнө чыгып түшчүү,
Туткан бийик шатың калат.

Кара-тору агың калат,
Кармап туткан багың калат.
Карбаластап үлгүрбөгөн,
Барбай калган жагың калат.

Жакшы көргөн көзүң калат,
Жайыты бар түзүң калат.
Жашырылып айтылбаган,
Жакшы тилек  сөзүң калат.

Жарык тийген күнүң калат,
Жакшы чыккан үнүң калат.
Жашылданып көркүн берген,
Жоогазындай гүлүң калат,

Алыс, жакын тууган калат,
Ала капта бууган калат.
Анча-мынча ара жолдо,
Азил, көңүл сууган калат.

Кармап жүргөн буюм калат,
Кара, гүрөң уйуң калат.
Кышы, жайы багып келген,
Короо толгон койуң калат.

Өтпөй калган тоюң калат,
Өппөй калган оюң калат.
Өрттөлбөгөн сүрөтүңдө,
Өңү түсүң, бойуң калат.

Алыс баскан изиң калат,
Айбаты бар мизиң калат.
Аралашып бирге жүргөн,
Айоо сезим, сизиң калат.
Чечилбеген түйүн калат,
Жете албаган сүйүүң калат.

Өмүр кыска өтүп кетсең,
Көрбөй калган күнүң калат.

Эл бийлесең ордуң калат,
Эркелешкен курбуң  калат.
Эшик, рамка жасап жүргөн,
Электрдик  бургуң калат.

Элге салган мектеп калат,
Эртели кеч тиктеп калат.
Эмгектенип жазып койгон,
Эки, үч,төрт китеп калат.

Элге деген Жубаз калат,
Окуп жүргөн намаз калат.
Түрлөрүнөн машинанын,
Түшкө кирген Камаз калат.

Бирге өскөн достор калат,
Пенсиялаш боштор калат.
Көңүл ачып барып турчуу,
Өзгөн менен Оштор калат.

Баары калат, баары калат,
Барып жүрчүү шаары калат.
Кадырыңды билбегенден,
Катуу чачкан заары калат.

Асыраган балаң калат,
Албай калган калаң калат.
Антип-минтип көз жумгуча,
Аткарбаган чалаң калат.
Айыл ичи кошо жүргөн,
Жакшы-жаман аман калат.
Жаралбайсын кайра келип,
Жашоо, өмүр тамандалат.

*28-октябрь 2013-жыл*

# КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кел жаңы жыл, жаркырап,
Күтөмүн сени ыр курап.
Каарыңа алып кыйнаба,
Катуулап суугуң зыркырап.

Камдасаң керек белегиң,
Камданып күтөм дегемин.
Карыган аяз атамын,
Конфети болсун жегеним.

Аяз ата келет деп,
Алдыга койгон үмүт көп.
Алдыңкы болуп окуучу,
Аталдым мыкты «күлүк»-деп.

Ардактап сени тособуз,
Ар түрдүү овон созобуз.
Ар дайым окуп отличник,
Алдыга дайым оозобуз.

*19-декабрь 2013-жыл*

# ТҮЗГҮМ КЕЛЕТ КЕЛИШИМ

Кимдер күтпөйт жаңы жылдын келишин,
Кат башында түзгүм келет келишим.
Кычыраган кыш ызгаарың абайлап,
Кыйнабагын, жеңилдик бер эл үчүн.

Кимдер күтпөйт сенин бизге келишиң,
Көп тилеги, элге тынчтык беришиң.
Капалантпай калың журтту абайлап,
Калыстык кыл кыргызыңдын жери үчүн.

Күткөнүбүз, тилегибиз биз үчүн,
Коррупция кайтпай турат жүрүшүн.
Касиеттүү таасириңди көрсөтсөң,
Кайтып берсин элдин жеген үлүшүн.

Колдон жулуп алып койчу күлүчүн,
Көптү аралап жүргүзбөчү жүрүшүн.
Кытмырланат, кыйтырланат калп эле,
Каалабайт эле жалпаңдаган күлүшүн.

Катып алган алтын, байлык, күмүшүн,
Көп тилейбиз колдон жулуп үзүшүң.
Коррупция азабыңды берем деп,
Калаа башы катуу кирди жүзү үчүн.
Колдоо берип, жардам кылып бербесең,
Кыйын болду кыргыз эли биз үчүн.

## КАЯКТА ЭЛЕҢ?

Таң каламын, сен башкача көрүнүп,
Таңкы чыккан күн нурундай сөгүлүп.
Таасириңе тан беремин ынанып,
Тарткан өңдүү бир өзүңө магинит.

Көрбөй калсам жетким келет жүгүрүп,
Көчө жактан көзүм түшүп үңүлүп.
Кандай сонун болоор эле ошондо,
Колтугума кучак жайсаң бүгүлүп.

Барган сайын баргым келет сүйүнүп,
Бала кездей дем ала албай күйүгүп.
Баскын десем кошо басып кетсе деп,
Бараар жакка баш аягың түйүнүп.

Күтсөң деймин келин кыздай жүгүнүп,
Кучак жайып, кубанычтуу бүгүлүп.
Кантсем дагы кыялданып жүрөмүн,
Калбай сенден жүрөк такыр түңүлүп.

Каякта элең мени күтпөй сүйүнүп,
Кайран жаштык жүрчүү кезде түйүлүп.
Карай берем карааныңа кызыгып,
Калса экен деп мээрин төгүп ийилип.
Калгым келет жүк баскандай үстүңө,
Калың жааган кардай болуп үйүлүп.

*13-декабрь 2013-жыл*

## АЙРЫМ КЕЛИНДЕРГЕ

Түшүнбөгөн түнт караңгы экенсин,
Түйшүк салып кыйнап койоор бекенсин.
Турмуш жолу, өтө татаал, өтө оор,
Токтоо болгун көрүп, көрбөй чекесин.

Учуп күйүп учкан куштай кетесин,
Унчукпастан төркүнүңө жетесин.
Уруш жаңжал жасап коюп билдирбей,
Угуп-укпай ушак сөздү чечесин.

Ойлонбойсун ой жүгүртүп кенендеп,
Оосарланып ажырашып келем деп.
Оюн көрүп келечекти, турмушту,
Оңой эмес, ойлош керек тереңдеп.

Айлананды карап көргүн элеңдеп,
Аялсын деп, же сөкпөсө энең деп.
Акыл калчап караш керек турмушту,
Атырылып учуп кетпей сереңдеп.

Сабыр кылып, сүйлөй көрбө жаман кеп,
Сөз тийгизбе сапырылтып калам  деп.
Сайды көздөп шамал болуп учурба,
Сыйлайт сени кайын журтуң балам деп.

Ызат кылгын кайын энең, эриңди,
Ыймандуу бол, бекем байлап белиңди.
Ымыркайдай бала кезиң эстебей,
Ынтылып кыл абдан сактап мээримди.
Ыгын сактап төрөп койгон балдардын,
Ыкчам туруп, байкап сүйлө кебиңди.

*29-ноябрь 2013-жыл*

## КУСАЛЫК

Мурункудай болбойт экен ден соолук,
Мурдун чүйрүп өтө качып ак жоолук.
Мазаң кетип, буттар кетип майрыйып,
Мойнуң бурап баш ийдирип жалкоолук.

Бара-бара байкалгансып комсоолук,
Белиң кетип, күчүң кетип омкоруп.
Баякындай басып чыгып кете албай,
Бозоросун жаш баладай томсоруп.

Күндөн күнгө күчкө кирип кусалык,
Келишет деп колдоруна куш алып.
Күчүктөргө күч барындай жете албай,
Колдон келбей, отурамын тушалып.

Өз балаңдан неберелер ширинби,
Өзгөчөрөөк экендиги билинди.
Өпкүлөсөң өтө таттуу байкалып,
Көңүлүңдү ачып койот чериңди.

Ушул мезгил татаал болуп билинди,
Улгайганда ачуулантып жинимди.
Уул кыздарым алыс кетип жумушка,
Уу жуткандай кыска кылып тилимди.
Утурумдук өтүп кетет деп жүрөм,
Улутунуп оңдоп түзөп дилимди.

*30-ноябрь 2013-жыл*

## ЖАМШИТ ИНИМ

Жамшит иним даяр кылып аш тамак,
Жакшы иштер көпүрөдөн башталат.
Жалтанбастан көптөгөн иш кыла бер,
Жалаң гана эл керегин башкалап.

Мен билгенден чоң канторду тургуздуң,
Мээнети күч адамы бол кыргыздын.
Бир өзүңдөй өсүп чыккан балдарга,
Берип насаат, дал өзүңдөй кылгызгын.

Беш терекке барбаганмын  билбеймин,
Бекемделип ким курган деп ким деймин.
Ал жерге да чоң көпүрөө курган дейт,
Алкышымды чын дилимден миң деймин.

Чоң рахмат, иштеп адам макталап,
Чогуу жашап турган элиң мактанат.
Түйшүктөнүп чоң иш жасап койду деп,
Түбөлүккө атың калып сакталат.

Эки адамга бериш кыйын аш тамак,
Эске келип айткым келди башкараак.
Эгемендик келип турган жашоодо,
Эркин жашоо, ачык көңүл каш кабак.

Элибизде, жергебизде жок эмес,
Эптеп-септеп, бышып-бышпай аш кабак.
Эгин тегин суусуз калып арык жок,
Эптемейлеп чаппай койуп таштамак.

*27-ноябрь 2013-жыл*

## ЖЫЛКЫ ЖЫЛЫ

Жылкы деген таза кандуу жаныбар,
Жыл ичинде болсун жакшы жаңылар.
Жалпы журттун, көп улуттуу элимдин,
Жарык чачкан эгемендүү багы бар.

Жылдын аты жылкы деген жаныбар,
Жакшы максат тилегиле баарыңар.
Жолдуу жүргөн жоргосунан асырап,
Жоорутпастан,оорутпастан багыңар.

Азоолочуу, кишенечүү чагы бар,
Айырмалап биле турган жагы бар.
Ат адамга канат болуп жаралып,
Адамдан да акыл эстүү жаныбар.

Кара кашка, гүрөң кашка, агы бар,
Кыйнабастан сылап-сыйпап багыңар.
Кополдукту, оройлукту каалабайт.
Кошкурунуп тепкилеши дагы бар.

Көз тийгизбей тумар мончок тагыңар,
Кооздоп минсең түпкүлүктүү жагы бар.
Калкка калыс караганды каалаган,
Көп-көп болсун калк жактырган жаңылар.
Каршылашпай бирге бол деп ынтымак,
Каалаганы, ачылсын дейт багыңар.

*7-январь  2014-жыл*

## КЫЗДАРГА

Кымтыланып назик кыял түз жүргүн,
Кыздын кыздай жүрө турган күн бүгүн.
Кызыл,тазыл учуруңду унутпай,
Кадырын бил ачыла элек жүз гүлүң.

Кыз мезгилиң өмүрүңдө бир келет,
Кыйыгы жок, айыбы жок эркелет.
Келечекте турмуш жолун басканда,
Кылым бою кубат берет, дем берет.

Кыз үйүндө кыл жатпасын билип ал,
Кыйып айткан ата-эненин тилин ал.
Кылыктанып, көчө көркү болбостон,
Көптү окуп жогортодон билим ал.

Кыздарга деп айтаар сөздүн калысы,
Кайын журттун кыйын болот алысы.
Келечекте турмушуңа түз болсоң,
Кудай деген ар пенденин карызы.
Кылып салтын куштай таптап учуруш,
Кыргызымдын, үй-бүлөлүк намызы.

*6-январь 2014-жыл.*

## ИЧИП ЖҮРҮП

Ичип жүрүп, бар турмуштан кагылдым,
Ичип жүрүп, ичкичтерге кабылдым.
Ичип жүрүп, акылымдан адашып,
«Ичкич»-деген чоң медалын тагындым.

Ичип жүрүп, ийри жолду аттадым,
Ичким келип камокторго каттадым.

Ийри болуп баскан жолум түзөлбөй,
Эл ичине адам болуп батпадым.

Ичип жүрүп, үйдө тынчып жатпадым,
Ичип жүрүп, иттей жатып уктадым.
Ийрейбестен түзөнгүнүң дегендин,
Иши кылып, айткан сөзүн укпадым.

Ичип жүрүп, айбан болуп чыккамын,
Ичип жүрүп, канат кагып учкамын.
Идиште эмес бөтөлкөлөп көтөрүп,
Калтырбастан шимирилтип жуткамын.

Ичип жүрүп, келбей калды жашагым,
Ичкендерди көргүм келбей качамын.
Ичкиниң деп куйуп калса бирөөлөр,
Ичиркенип ичпей алыс чачамын.
Ичкиликти такыр таштап эми мен,
Ийменбестен эл аралап басамын.

*5-январь 2014-жыл*

## КӨРБӨПТҮРМҮН СЕНИН КАРА КАШЫҢДАЙ

Бой, мүчөңдү ким болду экен жасаган,
Көргөн сайын көркөмдөнүп жасанам.
Бирок билбей аты жөнүң кимдигиң,
Атап жүрөм ай чырайлуу жаш адам.

Ким болду экен мен атаган жаш адам,
Көрбөптүрмүн мындай сулуу жасаган.
Көчө бойлоп көп чыкпаган себебиң,
Көрүнгөндөр айтпасын деп басааган.

Кимдир бирөө менден мурун оозунган,
Кезиктирип жыттагандыр оозуңдан.
Каректери төп келишкен көзүңдү
Кайсы жерде ирметти экен боз улан.

Жылмайасын жыла басып шашылбай,
Жытың тартат чынын айтсам жашырбай.
Жан жыргатып жүрөгүңдү уйпалап,
Жүрсөм кантет бирге болуп жашынбай.

Жактырамын ойноп күлсөң жашынмай,
Жакындатып койбойсун го жаш ылгай.
Жанып күйгөн көздөрүңө жарашкан,
Көрбөптүрмүн сенин кара кашыңдай.

Көккө теңеп көргүм келет өзүңдү,
Көпкө чейин көп ойлонттум өзүмдү.
Кыйла жашка жеткен кезде жолугуп,
Көрсөттүң го күндөй жарык көзүңдү.

*2-январь 2014-жыл*

## ЭСТЕП ДАЙЫМ ЖҮРӨМҮН

Оппо кайран отуздагы жашым ай,
Ойго келсе кантип турам жашырбай.
Ойкуштаган кылча белдүү кыздардан,
Осол кылып, кеткен күндөр качып ай.

Ойун кылып жүрбөптүрмүн ташып ай,
Ошондогу жаштык кыял шашып ай.
Ошол жашта тура берем дедимби,
Онтолоймун эми алтымыш ашып ай.

Олтурамын арман айтып ошума ай,
Ойлонбопмун кетээр мезгил тосулбай.
Оймо-чийме каштары бар кыздарга,
Оосарланып неге жүрдүм кошулбай.

Окуп жүргөн студенттик күндөрдө,
Опурулган , сапырылган гүлдөргө.
Олдоксондук кылып жүрүп өткөргөн,
Отуз жашым эми келбейт билгенге.

Оппо Ошум сен жаш бойдон экенсин,
Отуз жашым мейли мага кекенсин.
Оңдоп турса жасап, түзөп жашартып,
Ойго келбес чоң шаар болоор бекенсин.

Аман болсом айланчыктап келемин,
Алла берсин сенин күткөн тилегиң.
Ачылганын көрүп көчө гүлдөрүң,
Астайдыл бир кылды бирөө билемин.
Арман кылам сен жашарып мен карып,
Айла барбы, унутпастан жүрөмүн.
Арыбасам келе берем Ошум деп,
Аңтарылып түгөнгөнчө жүрөгүм.

*10-октябрь 2013-жыл*

## ЖОЛУКТУРДУМ БУЛАРДЫ

Келин деген болуш керек келиндей,
Келинчекти күткүн иним Эмилдей.
Кезигишип Россиянын шаарында,
Клей болуп, катып калган желимдей.

Кылып турат кызматын эч эринбей,
Карап көрдүм айыбы жок кеминдей.

Кымча бели кыялына жарашып,
Кынагандай окшош турат теңиндей.

Капаланбай шайыр экен жүргөнү,
Кандай сонун күлүп турса сүйгөнү.
Капа кылбай ооруп турса жанында,
Көрүнбөдү Рооза кабак түйгөнү.

Сурап калдым төркүн төрүң кай жерден,
Сулуусумун айтып кыштак Зергерден.
Сактабастан оюн айтып тамшантып,
Сүймөнчүкмүн ким болсо да бир көргөн.

Окшошмун деп бышкан кызыл алмага,
Оокат үчүн чыктым турмуш Чалмага.
Ойун салып, тамашалап сүйүнүп,
Ортак деди ушул жаткан чоң бала.
Эркелетип жакшы көргөн Эмилин,
Эси бар деп айтып берди ал мага.

*1-январь 2014-жыл*

## ДҮЙШӨНБАЙ ТУРАТОВ АГАМА

*Филология илимдеринин кандидаты,*
*профессор, Чыңгыз Айтматов атындагы*
*академиянын академиги.*

Түйшөлүп, түйшүктөнүп илим менен,
Түбөлүк жолдош болдуң билим менен.
Турмуштун сексен жашын аттап туруп,
Түбөлүк кош айтыштың элиң менен.

Коштоштук биротоло сени менен,
Ким элең,адам элең,бейли кенен.
Күтүүсүз кайра келгис жерге кетип,
Калды да жер астына түшүп денең.

Кош ага, жайлуу болсун жаткан жериң,
Кол шилтеп кала берди тууган элиң.
Караңгы жерге түшүп жатсаң дагы,
Калкыңа жарык берет эмгектериң.
Канчалап жазып илим калтырганың,
Кылымдап жашай турган өмүр сенин.

*20-январь 2014-жыл.*

## КЫРГЫЗ ДЕГЕН!

Кыргыз деген, жөн сөз эмес жупуну,
Кыргыз деген, Манас айкөл, тукуму.
Кыргыз жери түгөнбөгөн кен байлык,
Кыргызымдын Ала-Тоосу, чукуру.

Кыргыз элим өнүп, өсөт утуру,
Кыргызымдын эркин жашоо учуру.
Кыргыз жери кучагына батырган,
Кыргыз эли көп улуттун тутуму.

Кыргыз деген көзгө көркөм кеменгер,
Көптүн сөзү, мейманга дос дегендер.
Кетееринде көп жакшылык тилешип,
Көркөмүнө көзү түшүп келгендер.

Кыргызымдын баа жетпеген өңү бар,
Кыргызымдын эл суктанган көлү бар.
Кыр-кырлары асман тиреп мелжеген,
Көз кайкыткан түзөңү бар, дөңү бар.
Кыргыз деген кылымдардан кылымга,
Кыргызымдын, кыргыз деген деми бар.

*17-январь 2014-жыл.*

## БУЛ КҮН КЕТЕТ

Караганың жарык чачкан Чолпондой,
Каалап жүрөм сени мага кошкондой.
Качан болсо күлө карап өтөсүн,
Күткөн өңдүү, болбой турган тоскоолдой.

Тиктегениң кадимки эле Чолпондой,
Тартыламын тап бергенсип тоскондой.
Талпынамын там-таң баскан өңдөнүп,
Тартпайсын сен колуң сунуп бош болбой.

Күлгөнүң бар сынап мени койгондой,
Күтүп жүрөм канаат алып тойгондой.
Жүгүрбөстөн токтоп мага өтсөңчү,
Жүрө бербей, уйкусурап ойгонбой.

Башкачараак басып дайым өтөсүн,
Бармак басып көз кыскандай кетесин.
Башкачараак ойго келип тезиреек,
Берип көңүл, качан мага жетесин.
Бил турмушка жаралбайсын кайрадан,
Бул күн өтөт, жалп деп бир күн өчөсүн.
Бурулуп кой бир башкача өзгөрүп,
Буулуктурбай Жийделиктин көчөсүн.

*23-ноябрь 2013-жыл*

## СУУНУ БУРУП ЖҮРГҮЗӨМ

Бул жашоодо ырас болду деген бар,
Бакыл кыял көрө албастык жеген бар.
Бирок баарын көрүп туруп, калыстап,
Билип турган, ниети калыс эгем бар.

Жапырт туруп, балдар менен курганмын,
Жалкоолонбой бардык ишке ылдаммын.
Жубаз салгам өз айлыма болсун деп,
Жыл айланбай эрте бүтөөр кылганмын.

Көпкө иштеп эл мүдөөсүн аткарды,
Киров, Чымбай, Жаңы-Талап жактарды.
Катуу иштеп кызмат кылып баарына,
Кадимкидей өз элине макталды.

Мээнет экен ооруп калдым кыйналып,
Мени менен кемпир чыкты үй калып.
Миң мертебе ыраазымын кудайга,
Мен чоңойткон балдар күттү сыйга алып.

Баары көптөп даарылатты жыйналып,
Билбептирмин жүрөк ооруп кыйналып.
Башын ийип кабыл алып Сайрагүл,
Берди жардам кала бербей буйдалып.

Кудай буйруп бүгүн оңдоп жүргүзөм,
Кайра кайтып, ишкерлигим билгизем.
Калкым үчүн кайра кызмат кылсын деп,
Күлүп, жайнап сууну буруп киргизем.
Кадимкидей кайра баштан иштетип,
Көпчүлүккө көмөк жардам тийгизем.

*22-ноябрь 2013-жыл*

# КААЛАЙМ БАЛАМ АЧЫК КӨҢҮЛ ЖҮРГӨНҮҢ

Көргүн балам, көрдүм балам көптөрдү,
Кудай берип, өзү кайра бөктөрдү.
Картаңдатып, сексен токсон жаш берип,
Көп көрсөттү жарыкчылык , көктөмдү.

Көр турмушка бул баш көптү өткөрдү,
Көрдүм балам, айткым келет өткөндү.
Кыздан калып, уулдан калып артында,
Какшап, куурап көздөн жашын төккөндү.

Бул турмушта ачуу, таттуу аралаш,
Бей бечера, момун көрсөң каралаш.
Бактысы жок, карып жашоо бирөөдөн,
Басып кетсең көрүп туруп жарабас.

Бир бечара жалгыз калган жашоодо,
Бирок адам үмүт кылат жашоого.
Басып барып колдон келсе жардам бер,
Бар байлыктан бөлүп берип ошого.

Бала берген, акыл жетпей жаралса,
Бакыт издеп, бир кудайга таянса.
Бул бечера момун жанды аягын,
Берип кой деп жардам тилеп каранса.

Көрүп туруп көр турмушун бирөөнүн,
Колдон келсе акча берип сүрөгүн.
Качып өтпөй, каржы бөлүп каралаш,
Карап туруп татаал турмуш бүлөөнүн.

Каалайм балам ачык көңүл жүргөнүң,
Кайра тартпай сообуна кал бирөөнүн.

Каржылагын колдон келсе дайыма,
Карап туруп, билип туруп жүдөөмүн.
Качан болсо жардамыңды аяба,
Кайрым кылсаң үзбөйт сенден күдөөрүң.

*19-ноябрь 2013-жыл*

## КИРИП КОЙЧУ

Акмалап аңдып жүрөм көрүп койчу,
Айтылган сөздөрүмө көнүп койчу.
Ашыкча эч нерсени талап кылбайм,
Абайлап чындап көңүл бөлүп койчу.

Атайлап кирпик, кашың керип койчу,
Айтылган жерге басып келип койчу.
Анарың бышкан мезгил кызыл болуп,
Аянбай бирди сунуп берип койчу.

Агылып күндөр өттү билип койчу,
Асылып сөздөр айттым угуп койчу.
Акыры таштай болуп катый бербей,
Атырдай жыт чыгарып, жугуп койчу.

Астайдыл кулак салып түрүп койчу,
Аянбай бир жарк этип күлүп койчу.
Азыркы мезгилиңди өткөрбөстөн,
Алтындай жыргал өмүр сүрүп койчу.

Ак кофта көйнөгүңдү кийип койчу,
Адашпай менин ойум билип койчу.
Акыры жалтаңдабай чекит койуп,
Айтылган максатыма кирип койчу.

*26-ноябрь 2013-жыл*

# БИЛЕСИНБИ ШОРОНУ

Жуттуң беле бир стакан толону,
Журт ичинен таанıйсынбы Шорону.
Жумур кургап келе жатсаң акактап,
Жан жыргатып ичпей койсоң болобу.

Кызды көрүп кылтылдаган оболу,
Кыя басып , өтө качсаң болобу.
Кыйналганда тамак кургап такылдап,
Кымбат эмес ичип көргүн Шорону.

Кеткиң келбейт бир ичкен соң Шорону,
Курсагыңдын кымбат баалуу коногу.
Кыз өпкөндөй кучак жайып, шашылып,
Кумар жазып кайра-кайра соролу.

Кыргызымдын кымызындай шорону,
Күткөн өңдүү кыркалашкан тоолору.
Кыйнап сени эс оодуруп мас кылбайт,
Кыя кетпей ичкин кыргыз соолору.

Бул Шоронун жетекчиси Атабек,
Болгон дайым убадага өтө бек.
Байкап көрсөң назар салып абыдан,
Башка суусун эч булардан өтө элек.

Тазалыгын таттуулугун билип жүр,
Тартынбастан тайманбастан келип жүр.
Таштай муздак тамагыңа жарашат,
Таң калбастан кулагыңа илип жүр.
Таттүбүдөй кыздары бар суп-сулуу,
Таарынбастан тамашалап күлүп жүр.

## КЕТЕТ ОКШОЙТ

Кайдыгерлик кыла берсе тилдесе,
Кантмек элең түшүнгөндү билбесе.
Көңүл бөлбөй көшөрлөнүп кашайса,
Каласын да сен айтканга кирбесе.

Көрө албастык , бакылчылык ким десе,
Көрүп туруп, көркөмүңдү билбесе.
Көрөңгөңдү байкаса да байкабай,
Колдоо бербей тормуз болуп тим десе.

Көмөк болуп колдогонду билбесе,
Кайра тарып, ичи толгоп кирдесе.
Көңүл улап көтөргөндүн оордуна,
Көпкө чейин өзгөрүлбөй жиндесе.

Кадырыңды билсе дагы билгизбей,
Кара көңүл көз карашын тийгизбей.
Колдоо берип, көңүлүңдү көтөрүп,
Кара чапан , кара көйнөк кийгизбей.

Кап дейсин да күйгөн жаның күл болуп,
Кандай сонун жайнап турса гүл болуп.
Кайран өмүр түгөнгүчө өрттөнүп,
Кетет окшойт өзгөрүлбөй бир болуп.

*6-октябрь 2013-жыл*

## ТИШТЕП КАЛБАЙ БАРМАГЫҢ

Шагы ийилип, бышып турган алманын,
Шашып жүрүп колду сунуп албадым.
Шашмалыктын зыяны көп ойлонтуп,
Шапар тепкен жаштык кезим арманым.

Сабагында самсаалаган жүзүмдүн,
Саатын билбей өткөрүпмүн үзүмдүн.
Салкын жердин мөмөсүнө кызыкпай,
Соолуй түшкөн кечки түшүм үзүпмүн.

Кыпкызарган анар бышса тандабай,
Колун сунса колтугун бек кармабай.
Көңүл бөлбөй тоготпостон кетипмин,
Кошуп койбой жаштыгымды арман ай.

Өткөн күнгө тиштеп калбай бармагың,
Өзүң үчүн өлчөө ченем камдагын.
Өмүр менен өтө турган турмушка,
Өлчөп , бычып өмүрлүк жар алганың.
Өкүндүрбөс өз мезгилин калтырат,
Өзүң үчүн калбас кылып  арманың.

*7-октябрь 2013-жыл*

## АТЫМ КЫРГЫЗ

Атым кыргыз, бул ааламга таралган,
Атам Манас, каным бирге жаралган.
Асманым бар, аалам ата буйуруп,
Ала-Тоом бар, менчигиме саналган.

Түндүк болуп, түштүк болуп таралган,
Түгөнбөгөн байлыгым бар жаралган.
Турпатыма  төп келишип жарашып,
Туулган жерим, сулуу мендей адамдан.

Атым кыргыз адаммын мен жаралган,
Алтыным бар, көмүрүм бар карарган.
Ала-Тоомун чокуларын кыдырып,
Алп Манастын урпактары баралган.

Улутум бар, кыргыз тилде сүйлөгөн,
Улут барбы эне тилин сүйбөгөн.
Учур келди, эгеменге таянып,
Улуулукка, сулуулукка үндөгөн.
Алып урмат кадырланып, даңкталып.
Атым кыргыз, келечектүү гүлдөгөн.

*27-январь 2014-жыл*

## КЫРГЫЗ ДЕГЕН!

Кыргыз деген, жөн сөз эмес жупуну,
Кыргыз деген, Манас айкөл, тукуму.
Кыргыз жери түгөнбөгөн кен байлык,
Кыргызымдын Ала-Тоосу, чукуру.

Кыргыз элим өнүп, өсөт утуру,
Кыргызымдын эркин жашоо учуру.
Кыргыз жери кучагына батырган,
Кыргыз эли көп улуттун тутуму.

Кыргыз деген көзгө көркөм кеменгер,
Көптүн сөзү, мейманга дос дегендер.
Кетееринде көп жакшылык тилешип,
Көркөмүнө көзү түшүп келгендер.

Кыргызымдын баа жетпеген өңү бар,
Кыргызымдын эл суктанган көлү бар.
Кыр-кырлары асман тиреп мелжеген,
Көз кайкыткан түзөңү бар, дөңү бар.
Кыргыз деген кылымдардан кылымга,
Кыргызымдын, кыргыз деген деми бар.

*17-январь 2014-жыл.*

# АКЧА ЧЕЧИП

Алып, сатмай базар катуу кызыды,
Аягы жок, башы да жок чызыгы.
Анан дагы атаандашып аттанып,
Амал үчүн чыкты абдан кызыгы.

Колдон колго баасы күчөп кызыды,
Кыйыры жок чегеленбей сызыгы.
Кайра-кайра катууланып күчөдү,
Каралбастан оң тетири бузугу.

Колдоо алып, колунда бар түзүгү,
Келе жатат узартылып үзүгү.
Кабыл алуу акча менен чектелип,
Кайда болсо кызмат оорун түзүмү.

Ачык эле акча чечип бардыгын,
Амалы жок, айласы жок жардынын.
Алыс кетти аял, эркек жаштары,
Амандыктын жолун издеп кардынын.

Карышкырга кой кайтартуу болгонбу,
Короосу жок, кыйыр тиктеп оң солду.
Коррупция бийлеп турган мезгилде,
Эл башчысы таппай турат чоң жолду.
Эңшерилтип түгөтө албай буларды,
Эбин издеп түрлүү амал колдонду.
Эмки жылга такыр сорттоп жоготуп,
Эч калтырбай тазалоо иш болжонду.

*15-январь 2014-жыл*

## АЛЫМЫМ

*Өзүм баккан небереме арналат.*

Үзгүлтүксүз намаз окуйт неберем,
Үңүрөйүп жакшы жаман дебегем.
Үмүт менен көптү күтүп жүрөмүн,
Ушул бойдон болуп турса эгемен.

Алым деген атты өзүм койгонмун,
Абдан карап баш аягын ойлондум.
Акыл,эсти кудай бер деп өмүрүн,
Азырынча тилеген ой бойдонмун.

Ата-энеси сураса да бербеймин,
Алыс басса ылдамыраак кел деймин.
Аш,гөш тапкан убагына жетишсем,
Ак кант кошкон чайын ичип тердеймин.

Окутамын өзүм сарптап каражат,
Ойлогондой туура жолдо баратат.
Эсен аман бир чоң жигит жетилсе,
Энчилешип кыздар тиктеп карашат.
Эгер жашап ошол күнгө жетишсем,
Мен тандаган келин болсо жарашат.

*17-январь 2014-жыл*

## КАЗЫНА ЭКИ МЕТР ЖАТААРЫҢАР

Бир чыгып, кайра кайтпас сапарың бар,
Болжолдоп жазып койгон катарың бар.
Бүктөлбөй, козголбостон түбөлүккө,
Бүк түшүп биротоло жатаарың бар.

Күн чыгып, кайра кетип батаарың бар,
Күйпөктөп ойлондурган, капарың бар.
Түйшөлтүп бир күн кезек келип жетсе,
Түн,күнү жарык өчүп жатаарың бар.

Барганда кайра келбес сапарың бар,
Бул дүйнө убактылуу сапарыңар.
Болду деп, моюн сунуп кетесиңер,
Келгенде кудай жазган катарыңар.
Кеңири түбөлүктүү үйүң ошол,
Казына эки метр жатаарыңар.

*15-январь 2014-жыл*

## ЭРКЕЛЕТЕМ

Сен кайсы ак пактанын үзүмүсүн,
Кай жактын мөлтүрөгөн жүзүмүсүн.
Көрбөгөм сендей жанга көзүм түшүп,
Көркөмдүү сулуулардын түзүгүсүн.

Сен кайсы бактын бышкан анарысын,
Сен кимдин жаркыраган панарысын.
Суусаса чаңкаганы канып турган,
Суктанткан, кимге кумар канаарысың.

Сен кайсы жайыт төрдүн гүлүнөнсүн,
Сен кайсы тоту куштун үнүнөнсүн.
Солкулдап турган мезгил учуруңда,
Суктанып кимди күтүп жүгүргөнсүн.

Суйкайып суктандыртып үңүлткөнсүн,
Сөз айтпай, жылмаланып түңүлткөнсүн.
Сүрдөнтүп сырың айтпай карамалап,
Сурданып, издегин деп, жүгүрткөнсүн.

Мен сени көрөйүн деп келип кетем,
Мен сага арнап койгон, өзүм бекем.
Түйшөлүп түйшүк тартып бир өзүңдү,
Түшүмдө, түн уйкумда эркелетем.
Түңүлтпөй айтаарыңды айтсаң боло,
Түбөлүк бир өзүңө кантип жетем.

*15-январь 2014-жыл*

## СЕНИ ШАШПА

Сени шашпа, кыйнап калдың карылык,
Таштап кетем такыр сенден арылып.
Сүйүнөөрсүн кутулдум деп ошондо,
Тиктеп, тиктеп кеткен жакты зарыгып.

Жакпай калдың жүзүң буруп карылык,
Күчүң кетип, көзүң көрбөй карыгып.
Жаман көрүп калганымды түшүнүп,
Калдың окшойт капа болуп таарынып.

Сени шашпа келбейм сага багынып,
Көкүрөккө көп-көп медал тагынып.
Суктанасын сүрөтүмө жете албай,
Куса болуп издеп таппай сагынып.

Сени шашпа семиремин багылып,
Көмүр болуп, отун болбой жагылып.
Сүрөтүмдү сүрдүү тартып үстүмө,
Кагып койоор таштан бекем чагылып.
Сапарымдан кайра келгис болгондо,
Каласын го карааныма зарыгып.

*15-январь 2014-жыл*

## БИЛЕЛИ ЖАШТАР БИЛЕЛИ

Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө,
Береке, байлык жериңде.
Түндүк сен, түштүк дебестен,
Тескери сөзгө жеңилбе.

Эби жок сөздөн жеңилде,
Эркиндик турат элиңде.
Эгемен жашоо турмушта,
Ээси бол кыргыз жериңде.

Ынтымак берет ырысты,
Ынтылба козгоп урушту.
Ыркырап кетпей бөлүнүп,
Биригип кылсаң жумушту.
Бек болуп, чогуу тутунуп,
Башкарып жашоо турмушту.
Билели жаштар билели,
Бекемдеп чепти курушту.

*20-январь 2014-жыл*

## СЕН СУЛУУСУН

Сен сулуусун жаратылыш, чеги жок,
Сендей сулуу бул дүйнөдө деги жок.
Суктандырып, төрт мезгилиң төп келип,
Сөз табылбас, суп-сулуусун шеги жок.

Арсак-терсек тоолор катар жанашып,
Арчаларың бийик өсүп жарашып.
Арасында , карагайлар кайыңдар,
Алмак-салмак сулуулугуң талашып.

Суулар агып мөңгүлөрдөн бөлүнүп,
Сулуулугун суктандырып көрүнүп.
Ай жарыгын, күн жарыгын кучактап,
Абдан сүйүп калган өңдүү көнүгүп.

Тартып койсо сүрөтүң куп жарашкан,
Таныл кетпей, зерип кетпей караштан.
Табийгаттын тартуу кылган белегин,
Түбөлүктүү түптөйүн деп талашсаң.

Бул максаттар аткарылмак каяктан,
Булак суудай болсоң дагы жай аккан.
Буйурбайт го түбөлүктүү , түп кылып,
Бүттү болот кабар келсе тыяктан.
Бул жашоого тойбогондой болосун,
Болоор-болбос бал ичкендей аяктан.

*22-январь 2014-жыл*

## АЗЫРКЫНЫН ОП МАЙДА

Орой, орой оп майда,
Оролошсоң көк сайда.
Олуп, жулуп алтынын,
Ойуп качсаң куп пайда.

Орой, орой оп майда,
Ортолошсоң көп пайда.
үйүгүшүп чөөлөрдөй,
үкүнүн гөшү деп чайна.

Торой,торой топ жайда,
Топтолушсаң көп пайда.
Тоготпостон эч кимди,
Тойолучу жеп майда.

Жулуп, жулуп ар кайда,
Жутуп жесек таап айла.
Жоктон барды жаратып,
Жолун буруп ар айда.

Куруп,курбай бул жайда,
Кулптабасак пул кайда.
Кичинесин жок кылып,
Кумтуласак чоң пайда.

Кудай, кудай оп майда,
Кур калтырба топ жайда.
Кучакташып бир болсок,
Калгандарга жок пайда.
Калтырбастан , түгөтсөк,
Калабыз го сай-сайда.

*30-октябрь 2013-жыл*

## ТҮШКӨ КИРСЕҢ ДЕП ОЙЛОЙМ

Сени мен көрүп Сейилден,
Сүйкүмдүү жүзүң сезилген.
Сени издеп келип таба албай,
Сезгенип көңүл эзилген.

Сүрөтүң көзгө тартылып,
Сүйүнүп кирип тартынып.
Оордуңдан таппай калгамын,
Оолугуп барып талпынып.

Башкача байкап көрүпмүн,
Билинбей көңүл бөлүпмүн.
Бир далай мезгил өткөрүп,
Билмексен болуп көнүктүм.

Көркөмүң көптөн бөлүнүп,
Көзүмө калдың көрүнүп.
Колума түшкөн куш болуп,
Калсаң дейм мага көнүгүп.

Көйкөлүп бирге жүрсө дейм,
Көңүлдө сырды билсе дейм.
Көркөмүн мага көрсөтүп,
Көмүскө ишке көнсө дейм.
Көрүнүп күндүз көзүмө,
Кечкисин түшкө кирсе дейм .

*28-октябрь 2013-жыл*

## ТОКСОНДУ АТТАҢ ЖАЛТАНБАЙ

*Агам Туратов Дүйшөнбайдын 80 жашына карата.*

Турмушту күттүң түйшөлбөй,
Тууганым, агам Дүйшөнбай.
Токсонго кадам бет алып,
Толгонбойт агам эч кандай.

Талпынат агам жаштардай,
Тутунат илим ташталбай.
Токсонго жетет деп ойлойм,
Тоготпой курду курчанбай.

Турпатың айта кетсемби,
Туугандык жолго жетсемби.
Толтура элди чакырып,
Тойлодуң жашың сексенди.

Туйгун го агам десемби,
Толтуруп даамга кесеңди.
Туйлатып кыздай сактадың,
Тууганым Кален эжемди.

Торбодой өскөн балдарың,
Туурашты жазбай басканың.
Туруштук берип илимге,
Токсондой китеп жазганың.

Туратов десе Дүйшөнбай,
Тууган, эл кантмек тамшанбай.
Туулуп жаш өскөн кезиңден,
Тескери жолду баштанбай.

Тамаша сөздөн башкадан,
Түбөлүк жүрдүң качкандай.
Табийгат берсин өмүрдү,
Токсонду аттаң жалтанбай.

*1-ноябрь 2013-жыл*

## ЧОҢ БАТАНЫ БЕРЕЛИ

Көз тийбесин, сөз тийбесин Ошума,
Көркөмүнө көңүл бөлүп кошула.
Кыйылбастан, кыйналбастан келишсин,
Көңүлү түз , жүрөгү түз кошуна.

Көргөн сайын көз артамын Ошума,
Көз саламын ыйык, бийик тоосуна.
Колум жетсе таккым келип ойлоном,
Көз мончокту калканынын боосуна.

Колдоп жазам кошуп ырды Ошума,
Көргүнүң деп, кошок жазып досума.
Кел Таиржан отуралы биригип,
Койду сойуп, ашты демдеп кошула.

Кашка-Жолдон күндө келем Ошума,
Катар басып жаштар жана кошуна.
Кирип барып Наваи парк ичине,
Колтукташып бери бас деп досума.

Кереметтүү иш болгон деп ойлондум,
Кечее эле кашаа тосуп койгондун.
Кантип муну эртелете бүттү деп,
Көргөн көзгө ишенбестей ой болдум.

Кел Таиржан аш бышканча ойнойлу,
Көңүл ачып Ак-Бууранын бойлойлу.
Картайсак да селкинчек тееп селкилдеп,
Кубангандан кумар жазсак болбойбу.

Келгин достум бели-башты керели,
Кайра кайтып жума күндөр келели.
Кудай колдоп ким кылса да бул ишти
Колду сунуп ак батаны берели.

*10-октябрь 2013-жыл*

## КАЙДА КЕТТИ

Колхоз, совхоз чарбаларын кургандар,
Колун сунуп, салам айтып тургандар.
Коллективдүү иштеп чогуу журушуп,
Канал казып, кенендеп суу бургандар.

Калкыма деп, кажыбас иш жасашып,
Кайда кетти, кайсыл жакта бул балдар.
Жаштыгынан жалтанбай иш кылгандар,
Жылаңач жөө, өгүз айдап жылгандар.

Жаркылдаган жаштык мезгил доорунда,
Жатып албай күн-түн иштеп курбалдар.
Жазда жаздай, кышта кыштай жугуруп,
Жалкоолонбой кайда кеткен бул балдар.

Сырколобой, сылык өсүп бул балдар,
СССРди кыйналса да кургандар.
Селкасы жок, кетмен менен жер казып,
Сееп эгинден тонна тушум алгандар.

Сый урматты бири-бирине жасашып,
Сурайлыкчы кайда ушул адамдар.
Кырчын кезде согушка деп жөнөшкөн,
Килалаган данын төгүп төлөшкөн.

Калбайлы деп, немистерден жеңилип,
Катын-калач, кемпир-чалдар күрөшкөн.
Кабыргасы ката электе тынбаган,
Кайда кетти бирге басып, бир өскөн.

Жеңдик дешип, буттан-колдон айрылган,
Жок болду деп, ажырадык айрымдан.
Жоокерлердин жаны чыгып, чыркырап,
Жоо бетинде нечен мойун кайрылган.
Жер астына, түбөлүк жай кылдырган.
Жарын таппай, үйүн таппай түңүлүп,
Жаштар кана ошол кезде кайгырган.

*9-май 2014-жыл*

# МАСТАН КАЧАТ

Төрт буттап, эки буттап баскан качат,
Тойгондор, тойбогондор аштан качат.
Токсонго чыгып турган аксакал да,
Толгонуп турпаты жок мастан качат.

Көргөндөр, көрмөксөндөп астаан басат,
Көрүнбөй калган кезде абдан шашат.
Көзүнө бир башкача сүрөт болуп,
Көк мойнок, ала мойнок ит да качат.

Көчөнүн көркү болуп, ашып ташат,
Койсо да кийиндирип кашып жасап.
Кечее эле кийип чыккан жаңы шымы,
Кир болуп, ылай болуп көргөн азап.

Кеч кирип, караңгылап үйгө жатпайт,
Көркөмдөп сүйлөөр сөзү элге жакпайт.
Көрбөгөн, билбегендей болуп такыр,
Коргонуп өзүн-өзү оңдоп жактайт.

Коркконд он койнундагы бити чакпайт,
Корсулдап кошунанын ити каппайт.
Колтуктап кыз кезинен эркелеткен,
Кошулган өмүр шерик киши жакпайт.

Кантсе да көп кырсыктан кудай сактайт,
Конкурстан жеңгенсин деп орден такпайт.
Кыргыздын кыялына жарашпаган,
Көпчүлүк, эл журтуна такыр батпайт.
Кырчындай жаштык мезгил тебеленсе,
Картайып, өмүр жашын кайра таппайт.

*9-май 2014-жыл.*

# ЖҮЗҮ НАЧАР МАМИЛЕ

Буудай ыраӊ , кызыл тору, ак сары,
Болсо дагы алтымышта, жаш, кары.
Бул жашоодо болот экен ар түрдүү,
Баары тегиз жаралбаган жаштары.

Адамзаттын аласы дейт ичинде,
Арбап турса келесин бир чечимге.
Арты кандай экендигин билгизбей,
Айткан сөзүн  айта көрбө эч кимге.

Буту колу жерге тийбей жүгүрөт,
Буйум сурап, башын буруп жүгүнөт.
Берип тур деп жаны калбай ийилип,
Бир жакшылык кылып кой деп бүгүлөт.

Берееринде берген буюм сүйүнөт,
Боло кал деп, ороп-чулгап түйүнөт.
Белгиленген күн келгенде сурасаӊ,
Бергиси жок , жалын чачып күйүнөт.

Өӊү буруу, түсү буруу көрүнөт,
Өдө бассаӊ, ылдый басып бөлүнөт.
Өткөн күнү берип кой деп сурасаӊ,
Өзүн-өзү кудурөӊдөп сөгүнөт.

Кайрып бербей жүрөт досум алиге,
Кайран гана сүйүнүчтүү мамиле.
Карыз берип, жакшы болом  дегиче,
Кайрып жообун бере албаймын дегиле.

*3-июнь 2014жыл.*

# АВАМА КАТ

*Кыз жигит ырына карата.*

Маркумум авам  Райкан,
Мени сен билдиң каяктан.
Мактаган элең ырыңда,
Жээгинде суунун шар аккан.
Жаныбек менен Гүлбайра,
Кымызын сунуп аяктан,
Жолуктук экен каяктан.

Жолумдан чыгып Гүлбайра,
Жоктосом андай гүл кайда.
Жакшы эле болмок эгерде,
Жанаша келсе бир кайра.

Токойдо калып жолугуп,
Той кылам десем оолугуп.
Тоготпой чертсе комузун,
Токтогом жетпей, соолугуп.

Антсе да көргөм мактанып,
Айылым Талас жактанып.
Аныгын айтсам Оштукмун,
Абасын жутуп, кактанып.
Авакем сенин ырларың,
Алиге жүрөт сакталып.

Гүлбайра болду арманым,
Бурулкан болду алганым.
Бурулуп кетип турмушум,
Буйурду көрдүм калганын.
Билгеним ушул болду окшойт,
Бул жашоо экен, жалганын.

*2-июнь 2014 ж*

# КИТЕБИМЕ АМАНАТ

Кирдебегин тебеленип, тепселенип,
Капа кылба күбүр-шыбыр кеп келип.
Кабар берип, кабар алып менден тур,
Каалаганда каршы маңдай кез келип.

Жакшы ырымды жакшы десин дегендер,
Жайдаңдаган ачык жүргүн кеменгер.
Жалган айтпай, так сүйлөгүн дайыма,
Жактырбаймын ушак айтсаң сен эгер.

Акыл айтсаң акыл кошуп айта бер,
Акыйкатты жакшы көрөт биздин эл.
Алкыш алып окурмандын оозунан,
Арасында болсун рахмат дегендер.

Махабатты көп мактаба көптүрүп,
Майдаланып жеңил жүрбө көп күлүп.
Сени мага, мени сага кошот деп,
Максатына жетпеген бар туш кылып.

Эл ичинде түрдүү кыял көпчүлүк,
Эшек минген сүйлөйт оозун көптүрүп.
Эсеби жок дүнүйөсү  болсо да,
Эси менен жүргөндөр бар иш кылып.

Аңыраңдак араккорду айткының,
Алдар көсө, жаны жоктон кайткының.
Аша мактап адамдарга жагынбай,
Атаңа да, энеңе да айт чынын.

Көргөнүңдү, көргөнүңдөй жактагын,
Көзүң түшүп, жетпесең көз атпагын.
Коркоок болуп, коңн жүрөк болбостон,
Качан болсо кеп ойнотуп сатпагын.

Арам тамак эсиң болсо татпагын,
Адашпастан тааны адам акмагын.
Алдамчынын чагымына ишенбей,
Алыс болуп,өзүң билип тактагын.

Белин бекем буугандарды жазгының,
Бир мүнөтүн бекер бербей жүз күнүн.
Билип баалап дыйкандардын эмгегин,
Бай түшүмүн жыйнаганын күздүгүн.

Жатканды жаз чегирткедей чардашып,
Жакшысын деп бирин-бири арбашып.
Жеп, ичкенди кийиниреек түшүнөт,
Жаз, күз кетип калган кезде кар басып.

Өмүр бою кызмат өтөп элине,
Өрнөк таштап өтүп кетсе жерине.
Өзүм дебей, жалпы эл деп түйшөлгөн,
Өткөрдү ыр деп жазуудан жерибе.

Калыстарды калтырбастан эстегин,
Кабыл алам каршылыгым жок менин.
Катарынан түшпөй жүргүн суранам,
Китепкана борборунан текченин.
Каржы табам, акча табам дебеген,
Качан эле,калыс өзүм чечкемин.

*2-июнь 2014 жыл.*

# БЕШЕНЕ

Бул жараткан беш манжаны теңебей,
Билгиниң деп жашоо болбойт телегей.
Бир Кудайдан пенделерге буйуруп,
Берген окшойт ошол жактан ченемей.

Бирде ачпыз, бирде катуу тойобуз,
Бир мезгилде жерди чукур ойобуз.
Бири кыйын, бири орто байыса,
Баарын шылтап,бешене деп койобуз.

Кыз кезинде баары жакшы сезилет,
Катын жаман, качан болуп кезигет.
Кудай берип, эки үч бала төрөлүп,
Көөнү башка, көйрөңдөнүп эзилет

Бири билип, балдарыма ата деп,
Бири чыгат, атаң айткан ката деп.
Башкаруудан бөлүп жарып бөлүнүү,
Боло баштайт үй-бүлөдө чата кеп.

Кайран ата капа болуп тутулат,
Катынсың деп теңелбестен кутулат.
Кыйналганда бешенем деп үшкүрүп,
Келечекке үмүт кылып, умтулат.

Жигит  кезде жибек болуп көрүнөт,
Жакшы жакты көздөп көңүл бөлүнөт.
Жарашыктуу кыз жактырып үйлөнүп,
Күндөр өтүп, жамандыкка  көнүгөт.

Айткандарын, айткан күнүн унутуп,
Арак ичип, үй-бүлөөсүн курутуп.

Андайлардан жадаганда жаңылап,
Алалбасаң кайра оңдоп жуурултуп.

Мындайды да бешенеге жаздыбы,
Муңкандырат акыл-эстин аздыгы.
Мени сени үй-бүлөөнү унутуп,
Мелтиретип тапкан арак азыгы.
Мен деп, сен деп оңдоп түзөш келбесе,
Мейли дейсин бул да кудай жазыгы.
Кайран гана кайгыланган бешене,
Калыс болбой көп аз куйуп кесеге.
Күткөнүңдөй баары болбойт турбайбы,
Колдон жулуп, бирди жүздөп эсеге.
Катарлашып калыс болуп адамдар,
Кандай болмок, баары тегиз жесек ээ.

*31-май 2014-жыл*

## БУЛ СҮРӨТ

Кайдан жүрүп кайдан калды бул сүрөт,
Көптөн бери дептер менен бир жүрөт.
Көрүп калдым ача койуп кокустан,
Караңгыраак, эрте таңда үргүлөп.

Кандай неме, кандай түшкөн үлдүрөп,
Көргөн жанды кызыктырып күлдүрөт.
Кармаладым кайра-кайра көз салып,
Ким экенин кимдер таанып ким билет.

Күлкүсү бар бирок түшкөн үлдүрөп,
Кантсе дагы сулуулугу көндүрөт.
Кала берсин сүрөт бойдон сумкамда,
Кантмек эле качып чыкпай жөн жүрөт.

Кыйналганбы, кысталганбы ким билет,
Кыйла сулуу башкалардан өңдүүрөөк.
Кадыры бар, эрке өскөн неме го,
Кармап жүрсө керек бирөө белдүүрөөк.
Китебиме издөө салып жөн эле,
Калтырдым го бир ой салып эргүүрөөк.

*29-май 2014-жыл*

## АПАМА КАТ

*Таенеме арналат.*

Жетсе дагы, жетпесе да салам кат,
Жаныбекке таштадыңар аманат.
Жаш болсом да үй-жайыңды урунуп,
Жакшылыкка дайым кылдым далалат.

Артыңарда калбасын деп жаман ат,
Ар бир пенде беш күнчөлүк аманат.
Айткан мага акыл сөзүң унутпай,
Айлап, жылдап өзүм кылдым далалат.

Алыс кетпей үй-жайыңды кармадым,
Апама деп куран окуп арнадым.
Асты полсуз, усту ачык үйүңө,
Ал иштерге кудай кошту жардамын.

Үстүн жаптым, шифер менен жаңылап,
Үксөйтпөстөн үйүп-жыйып жабуулап.
Үйдүн ичин топурактан бошотуп,
Ушук мезгил болсо дагы ал убак.

Жаш болсом да арбагыңды сыйладым,
Жакшы деген сөзүн угуп кыйланын.
Жамбы менен Алым тагам эстесем,
Жүрөк туйлап, абдан келет ыйлагым.

Жарым кылым өчүрбөстөн чырагың,
Жаркыратып жашап келдим турагың.
Жамбы апа, Алым тага силерден,
Жашырбастан бир иш калды сурагым.

Мезгил келди мен да кетеер убагым,
Мейли дегин, мен үйүңдү бузамын.
Меенет кылып, балдар дешип оңдойлу,
Мындан аркы ойлоп турмуш узагын.

Балалыктан жашап бойго жетилдим,
Баары болду, тилек ойдо неетимдин.
Бала багып, неберелер чоңойтуп,
Баштагыдай баспай азыр секинмин.
Бир чоң үйдү куруп койуп ордуна,
Бул дүйнөдөн калбайын деп өкүнгүм.

*3-май 2014-жыл*

## АППАК СҮЙҮҮҢ

*Нурак Абдрахмановдун элесине.*

Нураксын сен, аппак сакал аппаксын,
Нысабы жок, найсап ажал акмаксын.
Ашказандын мындай шартын билгенде,
Алмаштырып, адаштырып качмаксын.

Атаганат алтымыштан ашпапсын,
Ала-Тооңдон жардам сурап качпапсын.
Жетееринде жетимишке жетилип,
Жеп ичеерде, көрөөр өмүр таппапсын.

Жүре туруп, жөө жүрсөң, да басмаксын,
Жүгөн салып көп чыгарма жазмаксын.
Жетимишке жетеер ченде жөн турбай,
Жулуп кеткен, сен бул ажал акмаксын.

Аппак сүйүүң алыс Жапон жеринде,
Арнагансың ашык болуп келинге.
Ак чапанды, ак сакалды жайкалтып,
Аткарган ыр калды кыргыз элиңде.

Ар кыл күүлөр чыгарып өз элиңе,
Ашыккансын мынча Нурак эмине.
Адаштырып, алыс жакка бекинип,
Ажал келсе качып кетпей темине.
Анда мүмкүн калаар белең кутулуп,
Амал болуп, түшпөй өлүм жемине.

*26-май 2014-жыл*

## ЖЫТЫҢ КЕТЕ ЭЛЕК

Бир баскан күндөр жетелеп,
Балапан элең эселек.
Балтыркан жаштык кездеги,
Балалык жытың кете элек.

Бойуңду оңдоп эркелеп,
Басалы үйгө кетем деп.
Балапан кыял ой менен,
Бир гана сенсиң Жакем деп.

Максатты койуп эртереек,
Махабат күттүк эртелеп.
Менчиктеп сени чакырып,
Мас адам кетти жетелеп.

Билбеймин кайда жүрөсүн,
Билсем да жаштык мүнөзүң.
Байкатпай аны кечиргин,
Башында кеткен күнөөсүн.

Башкача болуп калсаң да,
Башкага эптеп бүлөөсүн.

*26-апрель 2014-жыл.*

## БЕЙИШ ДААМЫН ЖЕГЕН ОКШОИТ

*Кызым Венераг*

Мен сага ата болуп жаралган соң,
Миң, миллион түйшүк салып кыйнаганың
Мезгилсиз өтүп кетип, бул дүйнөдөн,
Бөксөртүп бөлүп кеттиң жыйнаганым.

Сен мага кызым болуп төрөлгөн соң,
Сермелип мен өткөнчө жүрбөй койдуң.
Сактабай өмүрүндү жаралган соң,
Сексен жаш, элүү жашты сүрбөй койдуң.

Бир болуп чогуу жашап жүрбөгөн соң,
Бул дүйнө чындыгы жок жалган окшойт.
Башкача жаралганым билбеген соң,
Бир кудай керек кылып алган окшойт.

Кырккача өмүр сага бербеген соң,
Кыйнабай алып кетсем деген окшойт.
Кызым сени кел биякка деген соң,
Кылганы баарын билген эгем окшойт.
Жашырып жаннат төрүн ата кылып,
Жакшылап бийиш таамин жеген окшойт.

*28-май2014жыл*

# БОЛБОЙТ ОКШОЙТ

Адам заты кандай болуп баратат,
Адам кылып деп кудай сени жаратат.
Ассалоому, алейкимди унутуп,
Арак ичип мас жүргөндөр жадатат.

Ойго салып, меерим кетип баратат,
Ошону да кудай өзү жаратат.
Окат койуп, бирөө сыйга чакырса,
Оош- кыйыштуу сөздөр чыгып жаратат.

Көрө албастык өкүм сүрүп баратат,
Көркөмдөгөн ушак сөзүн таратат.
Күн кечкирип, түн келеерин унутпай,
Кудай сени билсе экен деп жаратат.

Жакшы жакты көргүс болуп баратат,
Жамандыкты чагылгандай таратат.
Жакшы жакка, тарбиялоо оордуна,
Жаатка бөлүп карыялар сөз атат.

Насаат айтуу унутулду деп айтат,
Ныктамай сөз көп айтылып келайтат.
Нары эмес, бери болгун деп койсоң,
Наалыба деп көңүлүңдү карайтат.

Болбойт окшойт эркин жашоо кыргызга,
Болчу беле кайаша сөз кыргызда.
Болоор ишти болтурбастан тескери,
Болуп жатат башка жакка тургузма.
Баш ийбестен өзүм билем болушуп,
Баары учуп кетет окшойт жылдызга.

*15-май 2014-жыл.*

# БУЛ СҮРӨТ

Кайдан жүрүп, кайдан келди бул сүрөт,
Көптөн бери дептер менен бир жүрөт.
Көрүп калдым ала койуп кокустан,
Караңгыраак, эрте таңда үргүлөп.

Кандай неме? кантип түшкөн үлдүрөп,
Көргөн жанды кызыктырып күлдүрөт.
Кармаладым кайра-кайра көз салып,
Ким экенин, кимдер таанып ким билет.

Күлкүсү бар, бирок түшкөн үргүлөп,
Кантсе даты сулуулугу көндүрөт.
Кала берсин сүрөт бойдон сумкамда,
Кантмек эле, качып чыкпай жөн жүрөт.

Кыйналганбы, кысталганбы ким билет,
Кыйла сулуу башкалардан өңдүүрөөк.
Кадыры бар, эрке өскөн неме го,
Кармап жүрсө керек бирөө белдүүрөөк.
Китебиме издөө салып жөн эле,
Калтырдым го бир ой кетип эргүүрөөк.

*29-май 2014жыл.*

# ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Бул дүйнө жалган дүйнө окшойт окшойт,
Баспа деп, өмүр жолуң эч ким тоспойт.
Баркыңа жете билип, кор кылбасаң,
Барчылык, бай турмушуң болот окшойт.

Түбөлүк туткамын деп бул жашоого,
Таанымбай кудайьщды сен жашоодо.

Түртүлүп, түркүкмүн деп жүргөн менен,
Тагдырың байланыштуу дал ошого.

Жалган сөз жаманчылык, бакылчылык,
Желкелеп, көрө албастык такымчылык.
Жаатташып, уруу урууга бөлүнүшүп,
Жамандап, заарлык менен закымчылык.

Көпчүлүк айтканындай жалган дүйнө,
Кетесин бул дүйнөңдү канча үйбө.
Калат дейт алып кетпей тиги жакка,
Кампаңа алтын, акча толсо үйдө.
Кымтылап өмүрүңдү кармап калбайт,
Катынып, ороп чулгап бекем үйбө.

*4-май 2014-жыл.*

## ЖАРАТЫЛЫШ

Жаратылыш бирине ак, бирине көк түс берген,
Жарашыгын кайра-кайра текшерген.
Жашыл ала, кызыл сары гүлдөрү,
Жакшынакай жарык нурга төп келген.

Кышта кыштай жазда жаздай көрктөнгөн,
Көркөмдөнтүп жашыл жана көк берген.
Күз келгенде өңү, түсүн өзгөртүп,
Кереметтүү сары-ала түс төп келген.
Кыштын күнү ага-ала түс ак берген,

Кыргыз жери сулуу келет көп жерден.
Казып алып казынасын толтурат,
Көмүрлөрүн, темирлерин тектерден.
Дары жасайт, дартка дабаа чөптөрдөн,

Дары суулар агып чыгат көп жерден.
Дарыя, суу дайым тынбай куйулуп,

Дан эгиндер сугарылат чоң көлдөн.
Жан жыргатып жайда ыссык тап берген,

Жашылчасы, мөмө-жемиш бап келген.
Жарашыктуу кыргызымдын тоосуна,
Жашыл эмес бардык түстү апкелген.
Жыйнап ал деп кудай талаа элиме,
Жыртылбаган көп тонналык кап берген.

*24-май 2014-жыл.*

## ЖОЛУКТУҢ ЭКЕН КАЯКТАН

Жубан да болсоң кыздайсын,
Жүрөктү козгоп туздайсын.
Жүрүшүң кара жоргодой,
Жүрүмүң такыр бузбайсын.

Тунуган тунук муздайсын,
Туйлатып көңүл туздайсын.
Турнадай мойнуң созулуп,
Турпатың сенин кыздайсын.

Сезилет мен деп сыздайсын,
Сүрөттөп жазып сызбайсын.
Сендейди кантип жараткан,
Селкидей эмес кыздайсын.

Болжоомдо сени сезгемин,
Болбопсун бозой кездегим.
Болжошуп мурда жолукпай,
Боору таш учур кез менин.
Болтуруп койсоң мейличи,
Боорумду басып эзгениң

*26-май 2014-жыл.*

# ЖЫЙЫРМА ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ

Айтканга адам акылбыз,
Адашып бирок бакылбыз
Акыйкат сөздү аз сүйлөп,
Алдамай жолго жакынбыз.
Алаарда абдан акылбыз,
Алаарда чогуу макулбуз.
Адилет сөздү сүйлөсө,
Асылып ага закымбыз.
Арам бул адал дебейбиз,
Ак эмгек жумшап жебейбиз.
Аралап элдин ичинде,
Алгын да жулгун же дейбиз.
Алайлы дейбиз алайлы,
Армансыз жулуп талайлы.
Алтынын алып жетеерлик,
Алыска кетип тарайлы.
Айткыла ушул жарайбы,
Адилет жүргөн малайбы.
Алкымы тойбос жуткучту,
Акыры кудай жалайбы.
Жегенди жексен кылалбай,
Жетинчи кабат тыялбай.
Желмогуз жети баштуулар,
Жегенин койсо уялбай.
Жаңылап элге, ортого,
Жалгыз бир завод кура албай.
Жакшы эле болмок жебесек,
Жакадан доллар суралбай.

*20-май 2014-жыл*

# КАГЫЛБАЙТ, КАЙРАН ӨМҮР КАЗЫК БОЛУП

Өзгөчө жакшы жашап, жакшы жүрдүм,
Өткөнүн сезбей калып ошол күндүн.
Өмүрүм бийиктиктен энкейгенин,
Өкүнүп, артты тиктеп анан билдим.

Өксүтпөй, өкүндүрбөй жаштыгымды,
Өзгөдөн суранбадым аштыгымды.
Өз күчүм, усталыгым, өз өнөрүм,
Өлчөмдөн бөскөртпөдүм баштыгымды.

Кыйылам кыймылымды азыр көрүп,
Кайда деп, кайрат күчүм калган көнүп.
Кайрылтып кайра берсе атаганат,
Качанкы кырчын жаштык кайра өзгөрүп.

Жасагым келип кетет ондоп түзөп,
Жаштыктын жалын кезин ойлоп күсөп.
Жамбаштап жатып албай, кылбайт белем,
Жаңылап, жаңыланса ойлор күчөп.

Кагылбайт, кайран өмүр казык болуп,
Кайтарып кайтып берсе кыркка толуп.
Картайган ыраң-орой көрүнбөстөн,
Калмакчы кайран жашоо абдан оңуп.

*4-май 2014-жыл.*

## КАЙРАН МАСС

Көзү башка, сөзү башка кайран мас,
Көңүл айнып, көрүнүшү карабас.
Көрүнгөнгө көңүл калаар сөз сүйлөп,
Көпчүлүк эл укпай турган каалабас.

Буту, колу бузулгандай кайран мас
Башкаруусуз, басып жүрөт айланбаш.
Булдуруктап бир демени сүйлөнүп,
Бузуп, жарып койо турган тайманбас.

Оозу бузук, оордун таппайт кайран мас,
Оңураңдап сөздү сүйлөйт аралаш.
Оң солу жок бара жатса көчөдө,
Отурган эл,оң көз менен карабас.

Окшоп турат итке окшош алабаш,
Оозу мурдун, кусундусун жалабас.
Ойку-кайкы басыгынан түшүнүп,
Орус ити, кыргыз ити талабас.
Ордун билбей, мас жүргөнү жаштардын,
Оо туугандар, бул жашоого жарабас.

*24-май 2014жыл.*

## СЕНДЕЙ ЭМЕС

Түшүмдө да, өңүмдө да көрбөгөм,
Тулку бою суусар сулуу өңдөгөн.
Түйшүк тартып, бара жатып уролдо,
Таң калыштуу карай бердим күзгүмдөн.

Тааныш болдум аралатып сөз менен,
Эгер болсом сен көрүнгөн күзгү мен.

Такыр сени ала качып кетмекмин,
Түбөлүктүү ээси болуп көздөгөн.

Сендей эмес, кыздар жүрөт жүздөгөн,
Сен башкача жаралыпсын өзгөдөн.
Суранаарым кабарлашып турууга,
Сез берип кой байланышты үзбөгөн.

Бирге келип, жолдо тушуп калганың,
Билбейсин сен мен кеткенде калганын.
Жалгыз өзүм бара жатсам күчөдү,
Жалын эмес, алоо болуп арманым.
Жүрөгүмө өзүм калдым түшүнбөй,
Жакшы эмес, болуп кошо барганың.

*13-май 2014-жыл*

## КЕЧИККЕНИМ

Кара-Кулжа, Тардын суусун,
Кыйналбастан кечип келдим.
Калып калган көп жумуштун,
Катааларын чечип келдим.
Тогуз-Булак, Кум каналын,
Толтурбастан казып келдим.
Топтойун деп чыгармамын,
Толгоосунан азып келдим.
Айыл ичин аралатып,
Арык-чөнөк казып келдим.
Анча-мынча каралатып,
Арноо ырлар жазып келдим.
Адамзатты көп түшүнүп,
Аралашып басып келдим.
Ала-Тоонун чокуларын,
Аман-эсен ашып келдим.

Кыйналсам да көп иштерди,
Караан кылып үйүп келдим.
Кадимкидей эл катары,
Катын-бала сүйүп келдим.
Поэзия кечирип кой,
Балакезден кечиккеним.
Барпы менен Алыкулду.
Бир аз ырдап, ээрчип келдим.
Анткен менен арман кылып,
Абдан муңдуу ыйлап келдим.
Ажыратып Венерамдан,
Алтымыш жаш кыйнап келдиң.

*30-апрель 2014-жыл.*

## КӨЗ ВРАЧЫ АКЫЛБҮГӨ

Адам затка, алты санга амандык,
Алыс кетсин конус келсе жамандык.
Адал иштеп, ак эмгекти ардактап,
Аалам жарып, бул дүйнөгө жаралдык.

Жаның ооруп, колуң жооруп кыйналсаң,
Жакшылардан аздык кылат айлансаң.
Жашоо деген бирде ооруп, бирде сак,
Жабыр тартып, жаш өткөрүп кыйналсаң.

Жаш куйулуп, көзүң көрбөй кыйналсаң,
Жарашпайтго ооруп турсаң жилмайсаң.
Жакшы врач, Акылбүгө жетип бар,
Жарашыктуу кабыл алат улгайсаң.

Жашы келет, кары келет улгайган,
Жаман экен, ооруп турсаң мындайдан.

Жабыркатпай айыктырат бул врач,
Жакшы сүйлөп, дайым жүргөн жылмайган.

Кандай сонун ооруган кез сакайып,
Күн тийгендей ачык чыгып чаңкайып.
Кадимкидей эч нерсени сезбестен,
Кыйналбастан, кыйшайбастан кыңкайып.
Качан болсо кабыл алат бул врач,
Кагып, силкип  урушпастан суйкайып.

## КӨЙКӨЛБӨЧҮ

Көйкөлбөчү, көптүн көзү тийбесин,
Көңүл бөлүп, көөнү түшүп ийбесин.
Көпчүлүктү айтыш кыйын аныктап,
Кимдир бирөө, ырга жазып чийбесин.
Көйкөлбөчү, көптун көзү тийбесин,
Көзү түшүп, мен сүйгөндөй сүйбөсүн.
Кара тору көпөлөктөр айланып,
Көңүлүңө көлөкө, чөп үйбөсүн.
Суйкайбастан сулуу болбой жөн жүрчү,
Суранаарым өзүңдү өзүң көндүрчү.
Суусаганда суусун болуп сен мага,
Сууңдан жуткан мен болойун жүргүнчү.
Сулуулуктан жалын чачып күйдүрчү,
Суук түшүп кете электе үлгүрчү.
Сентябрдын этегинде келем деп,
Суранамын жарк-журк этип бир күлчү.
Сагынычым таркап, черим жазылсын,
Саамайыңдан сыйпалатып сүйдүрчү.

*17-май   2014-жыл.*

# КЫЗЫМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Келди кызым, кабар алып сурагым,
Кандай экен барган жериң турагың.
Кош ата деп, көзүң ачып сүйлөбөй,
Колдон кеттиң, кол булгалап чырагым.
Жалп деп өчтү жанып турган чырагың,
Жаным кейип, келди балам сурагым.
Жаркылдаган жалбырттаган кезиңде,
Жар түбүнө барып неге куладың.
Кышты кынап оозуң бекем жабышты,
Колго уучтап топурак, кум салышты.
Кыйын болуп,кандай айла кылам деп,
Күйгөн чоктой, курган жаным кайышты.
Ошол кезде ойлондуңбу, билдиңби,
Ойуңда жок түш уйкуга кирдинби.
Отура албай үйгө барып сени жок,
Оо кудайым кайра өзүнө бердимби.
Эки кызың эч нерсени биле албай,
Эңкейишип эшик түртүп кире албай.
Эркелеткен кыздар сени күтүшүп,
Эңшерилип эне доорун сүрө албай.
Эшик ачып издеп сени таба албай,
Эндирешип кайра артка жаба албай.
Эркелеткен эки кызың күтүшүп,
Эмдигиче жүрөт кирпик кага албай.
Апаң калды айтаар сөзүн таба албай,
Айланышып издеп сага бара албай.
Атан болсо акыйгандаи аңкыйып,
Айтаар сөзү, койсом болмок жаралбай.
Сен кеткенден жыл өткөрбөй оорудум,
Сеп кылчуусу Сайра болду оорумун.
Сезип-билип сылап -сыйпап балдарым,
Сактап калды бузулаарда форумум.

Айтчы кызым неге бизди таштадың,
Ардак менен етеер кезде жаш чагың.
Айтпай кеттиң арыз арман иштериң,
Аттиң кылып өтө кыйын чарчадым.

Атам бар деп аябадың кордодуң,
Ал тарапка неге өзүңдү зордодуң.
Алтынчы күн келемин деп неге,
Айткан сөздүн өтүлүндө болбодуң.
Турган кезде келе турган он, жолуң,
Туура басып неге мойун толгодуң.
Табышмактуу ишке башың туш кылбай,
Калаарбы деп азыркыча болжодум.
Айтчы кызым мынча неге шашылдың,
Айла таппай колуң кармап асылдым.
Ачпай койдуц жалдыратып көзүңдү,
Келип көңүл мойнуна бек асылгым.
Акыл-эсиң бардыгына жетчи элең,
Ар жумада бирден келип кетчи элең.
Атам-апам кыйналбасын деп жүрүп,
Алаксытып атыр-упа сепчи элең.
Айтчы элең го үйлүү болдум эми деп,
Оңдой турган, түзөй турган кеми кеп.
Ошол бойдон таштабастан бүткөрүп,
Айрым жерин айттың эле белгилеп.
Баары калды кыздар калды Нурланың,
Бекем сактап,тапкандарың курганың.
Жазга чыгып үй той кылам дечи элең,
Жатып алып ушул болду кылганың.
Көрбөй калдың кыздарыңдын кылганын,
Китептерин атаң жазган ырларын.
Көрбөй калдың көрөөр кезде турмуштан,
Көркү чыккан бул жашоонун жыргалын.
Көйкөлүшүп кыздар бойго жетишти,
Кайгылантып кылдың ушул чеки ишти.
Канаттары темир канат балапан,

Калды эми жашоо улап кетишти.
Нурлан балам аял алды үйлөндү,
Ээлеп калды сен тутунган үйлөрдү.
Эске албай көрөйүн деп кыздарды,
Эстеп барсам тескерилеп сүйлөндү.

Араң, туруп куран окуп кириштим,
Айласыздан болгон дедим бул иштин.
Акылы жок амал издеп түңүлтүп,
Айла кылды акыры деп келиштин.
Айттым Зина сенден мындай күтпөгөм,
Арманым бар өмүр өтөп бүтпөгөн.
Аралашып отургандын ордуна,
Айдап чыктың өз үйүм деп күч менен.
Акыркы ирет көрдүм кармап тутканың,
Айласыздан ыйлап-ыйлап чыккамын.
Араң келип машинама отуруп,
Арман айтам адырыңа чыкканым.
Аңтарылып ыйга баттым кайгырдым,
Аңдадыңбы ошол күнкү кайгымдын.
Ашып ташып жүрөк туйлап токтобой,
Аттиң кылам неге сенден айрылдым.
Ошол бойдон барбай калдым үйүңө,
Ондум го деп жүрсөң, керек сүйүнө.
Омкоромун эми барсам кайрылып,
Ойлоп жүрөм жиним келсе түйүлө.
Кыздарыңды кыйналсам да чакырам,
Кырга чыгып кыйкырамын бакырам.
Канчалаган оордуң толгус күндөрдү,
кызым айтчы  кантип ичке батырам.

*1-январь 2014-жыл*

## КЫЯЛДАНУУ

Москва жолун оңдосо,
Мас болгон митинг болбосо.
Максатым кыргыз элимди,
Медведев,Путин колдосо.
Карарган тизме болбосо,
Кыргыздын жолун тозбосо.
Кадимки союз кезиндей,
Кайрадан турмуш оңдосо.
Кайтарып жолун тозбосо,
Кыргыздын элин колдосо.
Каражат топтоп жаштары,
Курушуп үйлөр оңдосо.
Каржылаш жагын козгосо,
Күттүрүп узап созбосо.
Курулуп Нарын ГЕСтери,
Кайрадан жасап коздосо.
Катташсак сонун болмокчу,
Каражат жагы толмокчу.
Кайрадан достук чыңалып,
Кары жаш жыргап оңмокчу.
Кыр-кырлап Ала-тоосуна,
Кут келип бакыт конмокчу.

*20-май 2014жыл.*

## МАХАБАТКА БАРАЛЫК

Бүгүнкүнүн болсо керек эртеңи,
Билбейм неге  унута албайм мен сени.
Бери кел деп алып кетти чакырып,
Башка бирөө, буруп жолго тескери.

Сендейди мен көрбөптүрмүн таптакыр,
Сезип билем бул жашоодо не жакыр.
Сени мага жолуктурбай эртереек,
Сага, мага тийип турган күн бакыл.

Мен Раймалы, Сен Бегимай жаралып,
Калбасак да тарых болуп таралып.
Качан болсо кол алыша бир болуп,
Кетсе дагы сенден менден балалык.
Көңүлдөрдү калтырбастан өлгүчө,
Көптү күткөн махабатка баралык.

*7-июль 2014 жыл.*

# СЕН МЕНЕН КЕНЕН

Ойлонбой туруп, оң жакка буруп,
Ойлонбой туруп, шол жакка буруп!
Отурган жерде, түшүрбөй жерге,
Оң көзүң өпсөм, сол көзүң калып.

Атайлап барып, адырга салып,
Атайлап барып, алдыма алып.
Алдыма алып, аябай канып,
Ашыктык отко аянбай барып.
Армандуу бул күн өзүмө жагып,
Алыска кетсең, ордумда калып.
Алыска кеттиң, мен жалгыз калып.

Жол бойу келип, үйүңдө калдың,
Жол бойу келип, сүйүнбөй калдым.
Жоготуп сени,таба албай эми,
Жалгыздап калды суу бою жееги.
Жалдырап көзүң жангандай жылдыз,
Жалооруп турам калгандай жалгыз.

Жанымда жүрүп кеттиң го алыс,
Жанымдан кетип одолоп алыс.

Ойлонбой сени оң жакка бурбай,
Оңтойсуз жерде кучакта турбай.
Оң көзүң өпсөм, сол көзүң калып,
Оозуңдан сорсом, бешенең калып.
Окшошпой калды ошондо барып,
Ойдогу сырлар айтылган менен,
Отурбай узак убакыт тарып.
Отурбай калдым сен менен кенен.
Ойдогу ойлор айтылбай терең.

*18-июнь 2014 жыл.*

## МЕЗГИЛ УЧАТ

Мезгил деген учат тура токтобой
Мени издеп, сени издеп жоктобой.
Минут эмес, секунд кымбат экенин,
Маанисине жеткендерге оп-оңой.

Бекер жүрбөй табыш керек бир тыйын,
Бешенеге жазып койсо эң кыйын.
Бала-чака турмуш жолун ойлобой,
Басып жүрүп билбеген бар өз сыйын.

Байлык, бийлик эр жигитке үч келет,
Билбей калса биротоло күч келет.
Баркын билип баалабаса мезгилин,
Бара-бара кыйналганда эстелет.

Убактыңы уруна бил чечмелеп,
Учурунда жүрө бербей темселеп.
Уул-кыздарың эстүү болуп чоңойсо,

Урмат алып сыйланышка бир себеп.
Улгайганда укмуштуудай сезилип,
Узун туура бассаң болот эркелеп.

*24-май 2014жыл.*

## МЕН КЕТСЕМ

Мен кетсем сенден мурда түнөгүмдөн,
Мени сен чыгарбай жүр жүрөгүңдөн.
Жазмалап китебиме калтырамын,
Жайы, кыш бирге жүргөн күндөрүңдөн.

Сен менин чыгармамсын түгөнбөгөн,
Сулууну көрбөптүрмүн сен өңдөнгөн.
Сукtанып сугум түшүп канбай жүрөт,
Сулуусу жалгыз болуп өзгөнүмдөн.

Башкача жаралыпсын сен өзгөдөн,
Бааланган туруктуусун өзгөрбөгөн.
Бой мүчөң, бир өзүңө жарашыктуу,
Байкалып көрүнөсүң өзгөлөрдөн.

Бир гана өзүңө эмес сулуулугуң,
Билинбей өтөт мага жылуулугуң.
Башкача жаралгансып көрүнөсүн,
Байкадым билбей жүрүп мына бүгүн.

Бир башка көрүнүшүң, түзүлүшүң,
Байкалат камап туткан түзүк ишиң.
Бет орой келе калып кездешкенде,
Барынча жарык чачат алтын тишиң.

Бой мүчөң төп келишет мүнөзүңө,
Бой уруп кептер жүрөт бир өзүңө.

Бейчеки сүйлөбөгөн кыялыңдан,
Бегимай болоор белең бир өзүмө.

*9-май 2014-жыл*

## ОЙЛОЙ БЕРЕМ

Сагындым жүз көрүшүп жүргөн менен,
Самаймын таңкы чыккан күнгөй сенен.
Саамайдан, бешенеңден жарык чачып,
Сапарга кете көрбө алысменен.
Кусалык, көз карашып жүргөн менен,
Колуңцу коштоп сунуп, күлгөн менен.
Колтуктап баса албасам окшошпойт го,
Көңүлүм, кумар черим канбай сенен.
Кыйышпай көздөр тиктеп калган менен,
Көп күндөр өтүп жатат арман менен.
Көңүлдү көөнөртпөстөн сезе билип,
Көрөмбү мен тилеген жардам сенен.
Көкөлөп,учуп барып конгон менен,
Көпөлөк гүлүн күтөм жалгыз сенен.
Көркүңө көзүм түшүп, жашырынып,
Көмүскө көп ойлорго тойбой келем.
Кезинде айтканыңа үмүт кылып,
Күткөндөй гүлүмсүрөйт менин денем.

*19-апрель  2014-жыл*

## ӨЗГӨНДҮН ӨЗГӨН НУРУСУН

Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өзгөрүп кайра курулмай.
Сексенге чыгып турса да,
Секирет жап-жаш кулундай.
Өзгөндүн Өзгөн нурундай,

Өзгөрүп шашпайт жулунбай.
Сексенге жашы жетсе да,
Серпилет комуз кылындай.
Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өткөрүп жашты кылымдай.
Өзгөчө түскө бойолуп,
Өткүрү бычак кырындай.
Өзгөндүн Өзгөн нурундай,
Өлчөөсү Манас курундай.
Өтө эле кызып окуйсуң,
Өтсө да ишиң кылынбай.
Өзгөндүн Өзгөн нурусун,
Өркүндөй берсин жумушуң.
Кылымдан кылым жашаган,
Кадимки Мунар турушуң.
Көкөлөп даты бийикке,
Каалаймын дайым жылышың.

*22-апрель 2014-жыл.*

## ӨТӨ СУЛУУ

Ушунчалык убадага так белең,
Уктум, айтсаң жогоруураак жак деген.
Унутпастан сааттын төртүн күтүпсүн,
Утурлады мен жактырган жаш немем.

Көрүшкөндөн айтканымдан чыкпадың,
Көңүл бөлүп мен өзүңө ыктадым.
Кетеер күнү коштошоорго жолугуп,
Колуң карман, кайра-кайра жыттадым.
Көппү-азбы колдор колду кармаштык,
Көбүнчөсү көңүл пикир алмаштык.
Коштошуунун убактысы аяктап,
Көңүл чердин иши болду калбастык.

Өптүм сенин көздөрүңдөн оозуңдан,
Өпкүлөгөн менден мурда оозунган.
Өздүк кылып, өтө сүйүп калдымбы,
Өзгөчө көп сулуулугуң, коозуңдан.

*28-май 2014жыл.*

# ПЕНДЕЛЕР БИЗ

Суйкайган сулуулуктун пайдасы жок,
Сур жылан,кобра болуп турган болсо.
Сумсайткан ажал келсе айласы жок,
Суурулуп өмүрүмдү жулган болсо.
Эгинсиз аккан суунун пайдасы жок,
Эсепсиз туш тарапка аккан болсо.
Эси кем балаң, болсо айласы жок,
Эси жок жаман кыял тапкан болсо.
Айласыз акыл айтуу пайдасы жок,
Аракты суудай кылып жуткан болсо.
Артынан жүгүргөндүн пайдасы жок,
Алганын, акылы кем чыккан болсо.
Кол болбойт, терт манжада бармагы жок,
Колдонбой баш бармагы таштап койсо.
Курулбайт адам заттын жардамы жок,
Короондо чоң курулуш баштап койсо.
Бакылга бак эктирбе пайдасы жок,
Багындын тамырына доо кетирет.
Бар туруп жок дегендин айласы жок,
Бардыгын бир өзүндөй жоолоп сезет.

Кополго колдоо бербе пайдасы жок,
Карс этип бутун шакты сындыртасын.
Коркулдап чочко кыял айласы жок,
Кадырын,баркы,бааңды тындыртасын.

Бузуку болуп турат тетириге,
Болтурбай болоор ишти кечиктирип.
Барса эгер башчы болуп мекемеге,
Баалабай сыйрып алат чечиндирип.
Көрө албас көрө билбей жакшы жакты,
Көрмөксөн болуп туруп өтүп кетет.
кейкелген келекелуу бакты,шакты,
Керек деп, отоп-бутап бузуп кетет.

Сукулдап алдырбайын, алайын деп,
Суурулуп дайым мага,магалаган.
Сулкуйтуп элден ашык жулайын деп,
Сугунуп бирөөлөрдү сагалаган.
Чак түштө чатак издейт чагымчылар,
Чартылдап чагылгандай оту чыгып.
Чоо жерден кармап турган тамырчы бар,
Чокулап эсеп каккан чоту да бар.

Баары окшош, баары адам пенделербиз,
Бирок да ар кыл мунез ченделербиз.
Баш манжа баары тегиз жаралбаган,
Башынан тегиз болуп келбегенбиз.
Бири-бирин кере албастан калыс карап,
Бийик-пас тек боло албай сенделебиз.

*11-май 2014*

## САКТАП КАЛДЫМ ЭЛЕСИН

Көрбөптүрмүн көпкө жүрүп мындайды,
Көз кыр менен, өтүп менден жылмайды.
Карбаластап байкоо, берип сезбесе,
Кашты серпип көздү кысып жылбайбы.

Көрүнүшү, көркөмдүү кыз жылмайган,
Көп жыл мурда, жөн өтпөгөм мындайдан.
Кыя басып тоспойт белем жүгүрүп,
Кайран өмүр калбаганда улгайган.

Менин айлым жогор жагы Чымбайдан,
Мени менен жолуккан кыз маңдайдан.
Мага дагы жылмайышың бар болсо,
Маанайыңды көрсөтүп кой жылмайган.

Жолугуштуң кайсыл жерде билесин,
Жолду тосуп, качан кайра келесин.
Жалт-жалт карап чыгып жатып этажга,
Жаңылбастан сактап калдым элесин.

*17-май 2014-жыл.*

## СЕН МҮМКҮН

Сен мүмкүн, ким бирөөнүн жарыгысын,
Сен мүмкүн, туташ өскөн жарыдырсын.
Сүйүнүп, сүйкөп жазган калеминин,
Жуурулуп ыр жасалган камырысын.
Сен мүмкүн, ким бирөөнүн нурудурсун,
Сен мүмкүн, бел байлаган курудурсун,
Сыртыңдан байкоо салган мен өзүмө,
Сапатың сары алтындай жуурулупсуң.
Сен мүмкүн ким бирөөнүн күнүдүрсүң,
Сен мүмкүн, чоң жигиттин гүлүдүрсүң.
Сагынтып алыс кетпей жакында жүр,
Самаган саамай чачтуу күнү күнсүң.
Сакталып эсте калаар жүгүрткөнүң,
Саарбы, кеч кызыктырып үңүлткөнүң.
Сезилип түбөлүккө кала берeер,
Салкын жел, шамал айдап түңүлткөнүң.

Самаган ойго жетип, жетпейби деп,
Салмактуу жүрөктөгү үмүттөрүм.

*29-апрель 2014-жыл.*

## ЭСЕН КЕЛСИН

Мен сени кайдан издеп, кайдан табам,
Мосвка жакын эмес алыс кадам.
Мүмкүндүк  болбой жаткан болсо керек,
Мен үчүн кылбай койбойт сендей адам.

Күтпөгөн ишеничим айтып саган,
Кабарсыз капалыктын отун жагам.
Келеер деп эч болбосо номериңди,
Кимдендир угаармын дейм башкалардан.

Элестеп баскан жериң карамалайм,
Эрмектеп баштагыдай аралабайм.
Эч кимге теңдештирбей бир өзүңдү,
Эркелик мүнөзүңдү өтө баалайм.

Туруктуу мүнөзүңө ишенгенмин,
Туткунга түшкөн өңдүү кишенделдиң.
Турмуштун ырайына карап калган,
Туткасы бул да болсо бешенеңдин.
Токтобой мезгил өтсө жолугарбыз,
Тойтойгөн тоту кушум эсен келгин.

*10-июнь  2014 жыл.*

## БАКЫЛДЫН БАГЫ

Бакылдын багы көгөрбөйт,
Башкадан оңдоп төрөлбөйт.
Бир тууган болуп турса да,
Башкача баалап көрөм дейт.

Былгытат ичтен эзилип,
Бир болуп калсаң кезигип.
Билинип турат өзү эле,
Бурулуп пейил сезилип.

Башкага жакшы ойлобойт,
Бакылдык ишин оймолойт.
Балдары балдар сыяктуу,
Барпылдап шайыр ойнобойт

Билгизбей ишти тымызын,
Бир болсоң сунбайт кымызын.
Бардыгын сактап ичинде,
Билмексен чертип комузун.
Тууганы түгүл башкага,
Душмандык кылат тымызын.

*7-июнь 2014 жыл*

## ӨТӨТ  БИР КҮН

Кайран күндөр, капа болуп кайгырып,
Караанымдан биротоло айрылып.
Караңгыда калсам керек кучактап,
Кара жерди түбөлүктүү жай кылып.

Өткөн күндөр, өтөөрсүңөр кайгырып,
Өткөндүгүн эстей албай айрылып.

Өтөп өмүр, канча жашоо болсо да,
Өкүндүрүп келбейт тура кайрылып.

Өркөчтөнгөн суулар соолуп сай кылып,
Өлчөө билбей,буту-колуң майрылып.
Өтөөр күндүн кадырына жетпестен,
Өмөчөктөп күтсөң келбейт кайрылып.

Өткөндөрдү бирден көрсөң элестеп,
Өкүнүчтүү, өтө кыйын дебес кеп.
Өлүм күтпөй алып кетет турбайбы,
Өдө-ылдый отурбастан кеңеш деп.

Арман калаар, ар бир жандын өзүндө,
Ардактай жүр тирүү жүргөн кезиңде.
Асыл жандан өмүр өтүп өлөөрүң,
Алган жакшы ар качандыр сезимде.
Артты карап кайрылба да кайгырба,
Алдастайсын акыл келбей сезимге.

*10-июнь 2014 жыл.*

## ДЕН СООЛУГУМ БОЛГОНДО

Урмат кылган, урматталган усталык,
Учкан куштай өмүр өтүп кыскарып.
Уста салып үй курдуруп жатканда,
Улутунуп, улам турдум кысталып.
Ушундай иш өз колумдан келчи эле,
Убайланып тура албадым тынч алып.

Көрүп туруп, көзүм түшүп кыйналып,
Көп ишимди кадырлашкан сыйга алып,
Копол кыймыл, копол кылган иштери,
Качып турду кыналышпай сыйгалып.

Карысам да көзүм жетип турамын,
Кайра-кайра оңдоп-түзөп бурамын.
Кап деп коюп жасап жаткан ишине,
Кайра берсе гана жап-жаш убагым.

Көкүрөгүм сезип, көрүп кылганын,
Кыйналгандан келип кармап бир жагын,
Кар болбостон ден соолугум болгондо,
Карап турбай небак бүтмөк кылганым.
Кайтып бер деп, ден соолукту күчөтүп,
Кабак бүркөп, айла таппай тургамын.

*15-июнь 2014 жыл.*

# СЕН МАХАБАТ

Сен махабат, кайда жүрөт экенсиң,
Сергүү берген чексиз талаа мекенсин.
Сенин жүзүң жарык чачып өзүмө,
Сен бир гана бешенемсин, чекемсин.
Сен аккан суу, тунуктугуң дагын бар,
Сенде терең, толкундаган жагың бар.
Салкын төрүң, ысып күйгөн учурда,
Сергисем деп күткөнүң бар,сагынаар.
Сен Нарын суу жылып аккан, шашпаган,
Сен Ысык-көл, толкуп жээктен ашпаган.
Сени гана, таппай турсам изденип,
Сен мендиксин тарбиялап, жаш балам.
Сен махабат, кучак жайган жаш балам,
Сени издеп, терезеңден башпагам.
Сагынганда таппай калсам өзүңдү,
Сабырым суз, капа болом, таш кабам.
Сени күтүп, кайда экен деп мен жүрөм,
Сергий албай, капаланам үшкүрөм.
Сагынычым ашып ташып ичимде,
Салмактанган, унутулгус түш көрөм.

*23-май 2014жыл*

# СЕН МЕНИН

Сен менин, ГЭС курулган Нарынымсын,
Сен менин, түндү кылган жарыгымсын.
Сен менин, ички сырым тең белушуп,
Сен менин жүрөктөгү жарымымсын.

Сен менин, махабатым, дастанымсын,
Сен менин, кенулумду ачканың чын.
Сен менин, кубат алып эргип жүргөн,
Булутсуз ачык тийген, асманымсын.

Сен менин, күтүүсүздөн тапканымсын,
Сен менин, буудай ыраң аппагымсын.
Кал койуп суктандырып, сол бетине,
Кант салып шириниңден татканымсың.

Сен менин, булбул болуп шактагымсын,
Сен менин, көркү чыккан жаштагымсын.
Серпилип айта электе билип турган,
Сезимтал, серпип койгон каштагымсын.

Сен менин, ыр жазылган дептеримсин,
Сен менин, кайкып учкан кептеримсин.
Сен учун түгөнбөгөн кураштырып,
Сен менин тойго кийген чепкенимсин.
Сабалап алыс менден алыс жакка,
Сумсайтып мени таштап кетпеериң чын.

*30-апрель    2014-жыл.*

# СОГУП ТУРСА ЖҮРӨГҮМ

Жолугуушууларга карата
Жыйырма жыл мурда өткөн күндөрүм,
Жаштыгында мен өстүргөн гүлдөрүм.
Жаныңарда көрүп турам силерди,
Жараштырып ошол кезге күлгөнүң.

Он жыл мурда мен өстүргөн гүлдөрүм,
Окшоштурам ошол кезге күндөрүн.
Оокат, турмуш жашоо жагы өзгөрүп,
Ошто, төштө угам иштеп жүргөнүн.

Уккум келет ошолордун үндөрүн,
Учур окшойт колдон алуу гүлдөрүн.
Урмат менен таазим кылам силерге,
Учурашып көргүм келип күлгөнүн.

Өмүр деген өтөт тура токтобой,
Өткөн күндү кантип койом жоктобой.
Өзгөрүлүп турса дагы замана,
Бири-бириңе дайым болсун жоктомой.

Аманчылык, асыл өмүр тилегим,
Ар бириңди абдан жакшы билемин.
Алыс дебей, жакын дебей силерди,
Агаймын деп, эстеп дайым жүрөмүн.
Атаңардай б о луп өмүр өткөнчө,
Амандашам согуп турсун жүрөгүм.

*24-май2014жыл*

# СУЛТАНГА

Жүргөмүн ойлоп бирок, бара албай,
Дайынын ЭЛТРден таба албай,
Доор айан алып барчуу Султан байга,
Жолуктум көктөн издеп самагандай.

Жакшылап, ушул ырды жазып бардым,
Жактырып, Султан байдын кадамдарын.
Жумага жума сайын, калбай барат,
Жанынан калтырбастан адамдарын.

Элестен, элдин сыйлуу адамдарын,
Эл ичин чеки баспайт кадамдарың.
Кайкайтып калпагыңды түшүрбөстөн
Көрсөтүп кыргыз болуп жаралганың.

Толкунуң толкуй берип жүрө берсин,
Толкунду толкундаткан бири сенсиң.
Тарткылап тартып турсаң камераңа,
Татыктуу талантыщ бар кемөнгерсиң.
Таасириң эл ичине кирип калган,
Теленин термелткендин бириненсиң.

*20-апрель 2014-жыл.*

# СҮРӨТҮН КАРАП

*Кызым Венеранын сүрөтүнө*

Кеткеним жокмун өзгөрүп,
Калалбай сени көз көрүп.
Картайып кабак каштарым,
Кабырга бөйрөк бөскөрүп.

Сүйлөшпөй кеттиң сөз бөлүп,
Сүрүлүп жерге көздөнүп.
Сөз чыкпай такыр өзүңдөн,
Созулуп бойуң түздөнүп.

Көз ирмеп такыр ачпадың,
Көрүнбөй алыс качканың.
Көксөдүм ыйлап чыдабай,
Көркөмсүз болуп басканым.

Укпайсын такыр сүйлөсөм,
Унчукпай тиктеп күндө сен.

Убалың болду деп жүрөм,
Убайың тартып эстесем.

Тиктейсин тиктейм жалдырап,
Тирилтсе кудай жан курап.
Тим эле кеттиң адашып,
Тарсылдап жүрбөй алдуурак.

Колумдан келбей жалдырап,
Көчкөндөй көчүп там кулап.
Кайраттан кетпей өзүмдү,
Кармасам деймин жандуурак

*25-апрель   2014-жыл.*

# ТАГАМА

Ошол куну кымыз сурап таппаган,
Оокатым деп, сут ичкенсин актаган.
Оодарылып ары-бери кыйналып,
Оңойлонуп, комтойлонуп жатпаган.

Аркы-берки сөздөр айтыпсактаган,
Алым тагам адам эле мактаган.
Акыркы түн апам экөө кыйналып,
Алып тынды ажал таңда атпаган.

Басып журуп апаңды бак деп айткан,
Билбептирмин алаар жагын каяктан.
Билген экен өмүрүнүн аягын,
Берген өндүү кабар келип тыяктан.

Боздоп ыйлап калды курган Жамбы апам,
Бoорго кысып кучагында карасам.
Болтурбастан алып кетти Алымды,
Бешинчи кун кеч киргенде кара шам.
Баркың билип, кандай кылып өзүнө,
Баа жеткирип, бири ишине жарашам

*25-май 2014-жыл*

# ТЕГИЗЧИЛИК ТЕҢ БОЛОТ

Мезгил келет, «А» тамгасы «Б» болот,
Мезгил келет, тескерилер оң, болот.
Мезгил келет, ачыкталып такталып,
Мезгил келет аңтарылып оңдолот.

Мезгил келет, жайлар өтөт күз болот,
Мезгил келет, бирөө экөө он болот.

Мезгил келет, кыйкырыгы басаңдап,
Мезгил келет, суулар тоңуп муз болот.
Мезгил келет, «У» тамгасы «У» болот,
Мезгил келет, талаш-тартыш чуу болот.

Мезгил келет, дардаңбайлар кыскарып,
Мезгил келет, кызыл өңү куу болот.
Мезгил келет, «П» тамгасы «Т» болот,
Мезгил келет, «Х» тамгасы «К» болот.

Мезгил келет, тарых бети өзгөрүп,
Мезгил келет, «С» тамгасы «З» болот.
Мезгил келет, тар көчөлөр кеңейип,
Мезгил келет, бардыгына кең болот.
Мезгил келет, чачылбастан төгүлбөй,
Менмин дебей, тегизчилик тең болот.

*11 -ноябрь 2013-жыл*

## ЭЙ ТУУГАНДАР

Эстен чкпайт бир жакшылык, жамандык,
Эстен чыкпайт, бай мамиле сараңдык.
Эс акылдап мамилени түзө бил,
Эң кымбаты адам, сапат, жарандык.

Эстен кетпейт жылуу пикир, көз караш,
Эстен кетпейт жаатташ б о луп сөз талаш.
Элибизде жерибизде жетеерлик,
Эл байлыгы, жер байлыгы, тамак аш.

Эсте болот кучак жайып достошкон,
Эсте болот, энең дешип коштошкон.
Эң жаманы кекенишип кек сактап,
Эртеби кеч, жолугам деш Ош-поштон.

Эсте болот, эпсиз жерден соттошкон,
Эсте болот эң чоң тойдо тос тоскон.
Эл ичинде адал иштеп, таза жур,
Эшигине арам тамак кошпостон.

Эй туугандар, эрегишпей касташпай,
Эрди катын мушташ кылып чачташпай.
Эмне үчүн тынч тирилик кылбайбыз,
Эки тууган эрегишпей, катташмай.
Эл ичинде ичи тарлык, бакылдык,
Эпсиз ишти койбойлукпу башташпай.

*14-май 2014-жыл*

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

*9-май жеңиш күнүндөгү эскерүүм.*

Умтулуп, үмүт үзбөйм такыр сенен,
Ушул күн чыкпайт белең формаң менен.
Укмуштай кубаттанып сүйүнмөкмүн,
Ууртуңдан сөзүң угуп ата деген.

Кызыма офицерлик чинин берген,
Көргөндөй сен өзүңдү элеңденем.
Кыздарды көрүп калсам форма кийген,
Кызым деп ойлой берем Тенең деген.

Кандай кыз болгондугуң биле албаймын,
Кой деген, көңүл айтса тил албаймын.
Карааның кадимкидей көз алдымда,
Кантсем да, кызым сенсиз жүрө албаймын.

Эмне үчүн, эл баскандай баса албадың,
Эл кийген формаң менен жасанбадың.
Эрегип ажал келип издегенде,
Эмне үчүн, атам бар деп кача албадың.

Эмкиче, эчен жылдар өткөн менен,
Элге окшоп, көңүл черин ача албадым.

*9-май 2014-жыл.*

## ЭЭРЧИП КЕТТИҢ

Эринимден кетпейт эми шириниң,
Эт жүрөктөн эпсиз кетип берилүүм.
Эми кантип жүрөмүн деп ойлоном,
Эртели-кеч боло берип зеригүүм.

Эрке сүйлөп,эртең учам кел дедиң,
Эми кантип сенсиз калам эрмегим.
Эстен кетпей бажырайган көздөрүң,
Эринимдин таамын тат деп бергениң.

Эртели кеч жолуктурчуу жагынан,
Элестетип бир өзүңдү сагынам.
Эркелешип эрмек болчуу күндөргө,
Эми мына кыйноо тартып багынам.

Эстеп мени унутпа деп жалынам,
Эрмек кылып өтөм жүрчүү жагыңан.
Эки көзүң жалжал тиктеп калчы эле,
Эми мени ким карайт деп жабыгам.

Эл ичинде сендей сулуу болбостур,
Элет жакты ким чыгарса оңбостур.
Элде, журтта миграция күч алып,
Ээрчибешке үй-турмуштар койбостур.
Эгемендик ээсин таппай турганда,
Эски доссуз, орус доссуз тойбостур.

*29-май 2014 жыл.*

# ЖАЗДЫ КӨРҮП, СЕНИ ЖОК

Жаз деп келем көңүл черим жазалбай,
Жаным эргип өпкөм болуп казандай.
Жарашыгын карай берип суктанып,
Жарпым жазып калган өңдүү басаңдай.

Жазды көрсөң көп-көк болуп айлана,
Жамгыр төгүп суулар агып жайгана.
Жылкычылар чаначтарын камдашып,
Желе толо, кулундары байлана.

Жайлоо көркү көрүнгөндө кулпунуп,
Жапырт элдер жогорулап умтулуп.
Жараштырып катар үйлөр тигилип,
Жааса жамгыр жашырынып кумтунуп.
Жаз келгенге дыйкандар да кубанып,
Жатып албай кыштагыдай чубалып.
Жүгүрүшүп эгин эгип жерине,
Жабалактап арык бойлоп суу алып.

Жакшы көрөм көркөмүнө чегим жок,
Жазып ырды жеткире албай эбим жок.
Жандуу жанга жарашыктуу көрүнөт,
Жаным кейийт бирок кызым эми жок.

Жарашмак деп элестетип тиктеймин,
Венеранын жанып турган деми жок.
Жаным кейип көрбөдү деп кыйылып,
Жалтаңдаймын айласыздан сени жок.

*26-март 2013 –жыл*

# ЖАЛГЫЗ ТАЛ

Тең жаштай, тең чоңойгон бир түп тал бар,
Териштеп сурап калат көргөн бал дар.
Токтолбой ойлонбостон жообун берем,
Тээ алыс кетип калган ал курган дар.

Тагдырга таарынбастыр карыган тал,
Теңдеши болуп келген азыркы чал.
Телмирип тиктей берем элестетип,
Таң атып, кеч киргенче күндө бир маал.

Жер чукуп эккен адам такыр башка,
Жашаса, азыр чыкмак токсон жашка.
Жалгыз тал жашап турат азырынча,
Жарабайт отун кылып ашка жакса.

Жолотпойм отундкка ыраа көрбөй,
Жүргөндөй Алим тагам такыр өлбөй.
Жүрөккө, эстеликке калган өңдүү,
Жүрмөкмүн кантип ага көңүл бөлбөй.
Жок кылып аралайбыз дегендерге,
Жооп берем ыраа кылып, такыр көнбөй.

# ЖОЛУКТУМ ЖАШ БАЛАҢДАЙ

Жарк дегенин байкабапмын алыстан,
Жаңы гана чыккан өңдүү камыштан.
Жамбашыма келген кезде байкасам,
Жакшынакай коенегим даанышман.

Көрбөгөнгө көп болгондой сезилди,
Көпкө ашык элестеттим кезимди.
Көзү мага чала-була чалдыгып,
Кайра оңдоп козгоп кетти сезимди.

Денем ысып салам-алик ала албай,
Дегдеңдедим кадимки жаш балаңдай.
Дагы кайра жүрөк оту козголуп,
Дароо ойду түшүндүрүп койо албай.

Дайның билдим кайра кайтып келемин,
Даамың татып шириндигиң билемин.
Ойлонбогун өзгөрүлүп кетти деп,
Дайым сага ошол кездей элемин.

*10-ноябрь 2013-жыл*

***Жаштарга тилеп жакшылык,***
***Жактырсын дедим жат кылып.***

**1. Бул жашоодо**
Келме кезек, бул жашоонун белгиси,
Келет адам турмуш куруу келгиси.
Бакыт издеп баш отунан киришип,
Болот максат элдей болуп жеңгиси.

Бала бакыт, акыл эстүү чоңойсо,
Бармак кайда өзүн эркин жон койсо.
Баш ийүүнүн таасири бар өзүнчө,
Баркын билип балаң аны ойлонсо.

Атаң-энең балама деп умтулат,
Аша айтпай секин сүйлөп кымтынат.
Антип-минтип эрежеге жеткенде,
Айтылганды угуп-укпай ынтыгат.

Ата-энени жакшы бала укканы,
Айып болот өзүм бил ем чыкканы.
Арман кылып кийин айтуу кеч болот,
Алсыз калып, ый чыгарып букканы.

**2. Окуп алгын**
Бүгүнкү эмес, эртеңкиңи ойлонгун,
Бүтүп окуп, бир кесипке болжонгун.
Бул жашоонун оңой эмес экенин,
Баш аягын байкап билип колдонгун.

Качан болсо кызга керек бир кесип,
Күтө билип, бүтүш зарыл эңсешип.
Келечекте бүлөө болот башкага,
Кайын журтуң калат бизге тең дешип.

Кадыры да, баркы болот жогору,
Кыздар бекем билим алса оңоору.
Кыйын болуп келечекте жашоосу,
Копко чейин оорун очок болоору.

Кыз балага бардык кесип жарашат,
Кайын журту билимине карашат.
Качан болсо, ким да болсо ошону,
Келин кылып аламын деп талашат.

**3. Сүйүү деген**
Сүйүү деген сүйүү эмес эринден,
Сүйүп сакта сүйгөнүңдү берилген.
Сулуусун деп алып келип алыстан,
Суусу болбо, муздан аккан эриген.

Сүйүү деген, өмүрүңө бир келет,
Сүйгөнүм деп түбөлүктүү эркелет.
Сактап урун сары майдай бекитип,
Сулуулугуң суктандырган эрке деп.

Сүйүү деген мезгил келет бир келет,
Сүйүшүп жүр бир-бириңе эркелеп.
Суктанышсын теңтуштарың, досторуң,
Сугун артып, алыстабай берке деп.
Сумсайышып калган жаман, эң жаман,
Соолуп калган кызгалдактай эртелеп.

4. **Чыдаш керек**
Чыдаш керек, бар болсо да жок болсо,
Чыдаш керек, отуң күйүп чок болсо.
Чыдаш керек, турмуш куруп алган соң,
Чыдаш керек, ач болсо да ток болсо.

Бирок адам, адам затын сыйлагын,
Башка максат, кыянаттык кылбагын.

Бала багуу, турмуш үчүн күрошүп,
Бакыт болот, күлүп жайнап турганың.

Кыз баланын алсыз жагын кылдагын,
Көздөй билип, баалай билгин кылганын.
Келечекке катарлашып умтулуп,
Кимдин кандай экендигин ылгагын.

Чындыгында турмуш оңой жон эмес,
Чыдаш керек болуп кал бай кенебес.
Чимирилтип жаштыгьщда куруп кал,
Чогуу өскөн курбулардан кем эмес.

**5. Ыргыткан таш**

Кыз баласын кудай өзү жаратып,
Куштай кылып учурат го таратып.
Качан кайсы жакка барып түшкөнгө,
Көнүп калат ошол жакка баратып.

Кыз баланы ыргыткан таш деп койот,
Кайын журту кальщ алып жеп койот.
Кудай кылган бешенеге тан берип,
Кусаланып тагдырыңа шек койот.

Бирок билгин, бир сен үчүн келгенин,
Болуп сага түбөлүктүү эрмегиң.
Бала күтүп бапыраңдап жашоодо,
Бактылуусун кызбы уулбу бергенин.

Кызды берген уулду берет шашылба,
Куунак жаша,омүр барда жашыңда.
Куса *болот а*та~энесин сагынып,
Курдаш кылып алган жарың жашыңда.
Кубат болуп бир-бириңди сыйлашып,
Качан болсо жарың болсун кашыңда.

**6. Өмүр шерик**

Кыйбас көңүл күтүш керек шериктен,
Кыйын ишке болбогула териккен.
Кошо басып, кошо туруп түбөлүк,
Кудай күткөн турмуш болот бириксең.

Өмүр шерик, эгиз өскөн кайыңсын,
Өйүз-бүйүз дос, тууганга дайынсын.
Экөөңөрдөй жашоо күтөт деген сөз,
Өрнөк болуп бүт айылга жайылсын.

Калыс сөздү айтып жаткан себебим,
Ко л д оо болсун жаш кезиңе дегеним.
Кудай деген жакшылыгын аябайт,
Кадыр-баркын билсең ата-эненин.
Келечекте бактылуу күн тийсе деп,
Күткөн менин силер үчүн тилегим.

# ЛИРИКАЛЫК ЫРЛАР

Махабат, учкай учуп жерге конот,
Махабат, ысып-күйүп, муздап тоңот.
Махабат, жалынына оттой күйүп,
Махабат, кайтарылбас темир болот.

Махабат кээде жетип, кээде жетпейт,
Манчыркап, көңүл ачык шапар тескейт.
Максаты болгон менен жол тосулуп,
Мөөрүнүн кыялынан Болот кетпейт.

Махабат, саманалы, чыны болот,
Махабат, майтарылбас сыны болот,
Махабат, суудай тунук булганбаса,
Максатка жетип, анан тынуу болот.
Мемиреп эрип турса чын жүрөктөн,
Максаты өмүр бойу сулуу болот.

# КЕТЕТ ОКШОЙТ

Кайдыгерлик кыла берсе тилдесе,
Кантмек элең түшүнгөндү билбесе.
Көңүл бөлбөй көшөрлөнүп кашайса,
Каласын да сен айтканга кирбесе.

Көрө албастык, бакылчылык ким десе,
Көрүп туруп, көркөмүңдү билбесе.
Көрөңгөңдү байкаса да байкабай,
Колдоо бербей тормуз болуп тим десе.

Көмөк болуп колдогонду билбесе,
Кайра тарып, ичи толгоп кирдесе.
Көңүл улап көтөргөндүн оордуна,
Көпкө чейин өзгөрүлбөй жиндесе.

Кадырыңды билсе дагы билгизбей,
Кара көңүл көз карашын тийгизбей.
Колдоо берип колдогондо канаке,
Кара чапан, кара көйнөк кийгизбей.

Кап дейсин да күйгөн жаның күл болуп,
Кандай сонун жайнап турса гүл болуп.
Кайран өмүр түгөнгүчө өрттөнүп,
Кетет окшойт өзгөрүлбөй бир болуп.

*6-октябрь 2013-жыл*

# КӨРӨ АЛБАСТЫК

Көрө албастык, жүзүң сенин курусун,
Көркөмдөнүп койгон менен мурутуң.
Көптү көрүп, көп жашабай билесин,
Көзүн карап, жүзүн тиктеп турушун.

Көрө албастык, кошо туулган кыялдай,
Колун шилтеп басып жүрөт уялбай.
Короон бирге, көчөң бирге болгонго,
Көзүң өтөт өмүр бойу тыйа албай.

Кошо басып, кошо жүрөт чоңойуп,
Көргөн сайын жөн карабай олойуп.
Катуу басып, күлгөнүңдү көрө албай,
Күчөп чыгат үнү бийик жоонойуп.

Көрө албастык ата-энеден башталат,
Кантын берсе, чайын берсе башкалап.
Калгандарга жүзүн үйрүп өзгөрүп,
Калыс болбой бүркөп турса каш кабак.

Көңүл бөлүп койгон сайын аш табак,
Калгандардан кайкып чыгат жаш чабак.
Кайра күчөп менмин гана дегени,
Күчүркөнүп дал ушундан башталат.

Калыптанып кала берет турбайбы,
Көрдүм жашап бул турмушта далайды.
Канча балаң болсо дагы ата-эне,
Калыс болуп, бөлүп жаруу кылбайлы.

Кыйын экен жети тууган болсоң да,
Күлүп жайнап чоң дасторкон койсоң да.
Катарыңда жашайт экен көрө албас,
Курмандыкка бир чоң козу сойсоң да.

Күлгөнү бар бирок көзү түз эмес,
Канча болсо кыш чилдеси күз эмес.
Кабак чытып, көңүл ачаар сөзү жок,
Көргүсү жок жасап турат суз элес.

Күндүн нуру жалгыз мага тийсе дейт,
Калгандары баш көтөрбөй ийсе дейт.
Калем кармап, кат тааныган баарысы,
Кадырымды көтөрмөлөп чийсе дейт.

Келген конок мени гана көрсө дейт,
Калгандары кол куушуруп көнсө дейт.
Кала берсе жалгыз өзүм бий чыгып,
Жалгыз гана, мага көңүл бөлсө дейт.

Көпчүлүккө жакшы тилек ойлобойт,
Көргүсү жок көңүл бурбай ойдолойт.
Качан болсо ичи толуп ириңге,
Кыймыл жасап, чындап күлүп ойнобойт.

Кимден болсо андан бийик болсом дейт,
Кемчилигин издеп таба койсом дейт.
Качан болсо бөлүп сүйлөп, шыбырап,
Көтөрүлтпөй анын баркын жойсом дейт.

Котур ташын колтугунан түшүрбөйт,
Көрө албастык көңүл бузук түшүм дейт.
Көңүлүңдү кар жаагандай муздатып,
Керек болсо чоң душманым ушул дейт.

Кайран өмүр өткөндүгүн түшүнбойт,
Кагажыткан каршылашуу ишим дейт.
Киндиктешин, тууган тутуп, сыйлабай,
Качандыр бир көргөн бөтөн кишим дейт.

Көрө албастар өмүр бойу семирбейт,
Көрүп туруп, алтын эмес темир дейт.
Көп катары көрүп калса көчөдөн,
Колун бербей, бул эмес го менин дейт.

Көрө албастар кошоматтап жээним дейт,
Көрүп, көрбөй сен ашыкча жедиң дейт.
Кошоматтап кулдук уруп, жүгүрүп,
Кожойун деп, сизди таксыр дедим дейт.

Кулдук уруп, койун сойуп жегин дейт,
Кол куушуруп, чоң кызматты бериң дейт.
Күн өткорөт өмүр бойу кулжуңдап,
Күпүр айтып, бир тууганда шегим дейт.

Көрө албастын ичи тарыйт башкача,
Карды тойбойт, шыбырлап сөз айтпаса.
Көлөкөлөп, бөлөктөнүп ушактап,
Көңүл толбойт бузуп-жарып кайтпаса.

Катын бала көрө албаган өзүндөй,
Кытмыр түлкү тиктеп турган көзүндөй.
Кара күчкө кошоматтайт калп эле,
Калган өңдүү башкаларга сезилбей.

Кыздары да, балдары да өзүндөй,
Катып турат таштай болуп эзилбей.
Карбаластап күлгөн болот каткырып,
Кадимки эле чоң адамдай кезиндей.

Көрө албастык, көрүп келем түбөлүк,
Көп-көп айттым бир тууганда й жүрөлүк.
Көрсө анын каны бузук турбайбы,
Көңүл калып, эл ичинде жүдөдүк.
Калыс айтуу мезгил келип турганда.
Калтырганым жазып ушул күндөлүк.

*6-декабрь 2013-жыл.*

# СУУ ИЗДЕГЕН КЕЛИНГЕ

Суу таба албай чака кармап жүрөсүн,
Супсулуусун, суудай тунук мүнөзүң.
Суу ташыгыч керекпи деп сурасам,
Серпип кашты тоготмоксон күлөсүң.

Сөз аралап катарында сүрөттүн,
Суктандырып мынча неге жүдөттүң.
Саамай чачың күн нуруна чагылып,
Сен өзүсүн асмандагы чүрөктүн.

Маңдайымдан чака кармап сен өттүң,
Маанайымды мынча кыйнап жүдөттүң.
Маакул десең сууңу ташып берейин,
Эгер бол со сенде оорду жүрөктүн.

Көптү көрөм көйкөлгөндү көчөдөн,
Көркөмү жок, бирок сенин мүчөңөн.
Кандай айтсаң айтаарыңды айта бер,
Көргүм келет кайра- кайра көчөмөн.

Бир сөзүң бар айта бербе жаңылап,
Береер болсоң бир озүңдү таңуулап.
Башкаларга, бирөөлөргө билгизбей,
Бирге басып жүрөлүкчү аң уулап.
Барам десең суусу тунук булакка,
Байкатпастан көздөп жүрөм жабуулап.

# СЕН ҮЧҮН

Мен сага эми чындап эзилемби,
Меники, өзүмкү деп сезилемби.
Маңдайдан чыгаар күнүң айтып койсоң,
Мезгилден кечигүүсүз кезигемби.

Мемиреп жайнайтурган кезидейин,
Мелжеген жерди айтсаң кезигейин.
Мөлтүрөп жүзүм болуп бышып турсаң,
Мен сага бир өзүңдөй сезилейин.

Ай нуру айдын нуру өзү дейин,
Айыккан карагаттай көзү дейин.
Ар дайым ачык сөздөн адашпаган,
Ашыкча, жалганы жок сөзү дейин.

Алчадай бышып турган кезидейин,
Алмадай кош көкүрөк бези дейин.
Ачылып турган кезде тартынбастан,
Аткарсаң иштин жакшы тези дейин.

Ар дайым айткан жерде кезигейин,
Ай нуру тийип турган кезидейин.
Ашыкча амал издеп бирөөлөргө,
Адашпай бир өзүңдөй сезилейин.
Арманым өмүрүмдө калбасын деп,
Айран, сүт, курут болуп эзилейин.

*2-апрель 2014-жыл.*

# КАДЫР БАРКЫҢ ЭЛИҢДЕ

Азырынча ал күчүм бар жетээрлик,
Ашыкча эле кыла бербейм кекээрлик.
Арам ойлор сакталбастан дилимде,
Арамзалап, болгон эмес бекерлик.

Адал иштеп, ак эмгектен баштапмын,
Алыс болуп, жаман иштен качкакмын.
Аралашпай жаман кыял оройдон,
Ак пейилдүү алые болгон таскакмын.

Ары тур деп, бери тур деп качпапмын,
Ачык кыял, жашыруун сыр катпапмын.
Арам тамак уурулуктун жолунан,
Алдап-салдап аш тамагын татпапмын.

Бешене тер, жашоо турмуш өткөрдүм,
Бакылдаган бакылдарды көп көрдүм.
Балалыкты балалыктай узатып,
Болуп турам, ээси болуп чоң төрдүн.

Көкөлөтүп мактаганды жактырбайм,
Көкөйүмө тийген сөздү жат кылбайм.
Көзү кыйшык, сөзү кыйшык адамды,
Көрүп эле көз караштан бат кылдайм.

Көзүн карап, кошоматты жек көрөм,
Как жарылтып так сүйлөштү эп көрөм.
Көлөкөлөп тон бычышса сыртыман,
Караңгылап күн тийгендей деп көрөм.

Жалган сөздү уккум келбей качамын,
Жабышамын, билгим келип качанын.
Жакын тууган болсо дагы жашырбай,
Жакшы көрбөй, чын жалганын ачамын.

Кыялымда калып калган дилимде,
Калбаса деп жаман ойлор дилиңде.
Кайран күндор өтүп кетет кылчайбай,
Карып сөздүн камагына илинбе.
Качан болсо жакшы жагың эстелип,
Калып калсын, кадыр-баркың элиңде.

*26-январь 2014-жыл*

## СУЛУУГА

Ууртуңду ууртап койгондой,
Уйкуда жатсаң ойгонбой.
Унчукпай тиктеп жалдырап,
Ууз кымыз ичип тойгондой.
Ушундай укмуш сулууну,
Уйкусуз кантем ойлонбой.

Сүрөткө тартып койгондой,
Сүйкүмдүү уктап ойгонбой.
Сүрдөнүп добуш чыгарбай,
Сүйүнүп айттым бой-бой-бой.
Суктанып сулуу жүзүнө,
Суусасам кантем ойлонбой.

Күндүзү карайм жүзүңө,
Кадырым салып үзүлө.
Кызгалдак болуп турса да,
Кол сунбайм аны үзүүгө.
Койкойо басып карайсын,
Көрмөксөн тиктеп сүзүлө.
Көңүлдө калган сулууну,
Теңебейм кыздын жүзүнө.

*4-апрель 2014-жыл*

## УСТАЛЫК

Коштошобу кайран өнөр усталык,
Келип калып, карылык кез кысталып.
Кылчуу мезгил түрлүү түмөн буйумду,
Калат окшойт колум барбай кыскарып.

Усталыкты он үч жаштан баштагам,
Устамын деп, жалкоолонуп качпагам.
Улант деген атам айтып кеңешин,
Уучуң тол от дасторкондо аш балам.

Убагында урма-турма иш кылдым,
Усталыкты турмушума туш кылдым.
Уйуткулуу иштин майын чыгарып,
Уул-кыздарым, уча турган, куш кылдым.

Күндөн-күнгө усталыгым күчөдү,
Көптөр көрүп, таанып келип көчөнү.
Көрсөтүшүп коркөм кылып жаса деп,
Көп иштерин сунушташып нечени.

Эшик, рамка, эмеректер жасадым,
Эсеп менен ары-бери басамын.
Эл суктанып, кызыгышып баалашып,
Эң жакшы деп айтып чыкты жасамын.

Үйлөр жаптым үстү жагын чатырлап,
Үмүт менен чакырышат кадырлап.
Үшүбөстөн, ысыбастан дайыма,
Үлгүргөмүн айыл-майыл адырлап.

Ишти иштеп убактыны үнөмдөп,
Ичкиликти ичпегенмин күмөндөп.
Иши кылып бекер басып жүрбөдүм,
Имерилип бардыгын мен билем деп.

Үйдү кур дум балдарыма беш бөлмө,
Үндөбөстөн иш кылчумун үчтөргө.
Түнү түндөп, күнү күндөп отурбай,
Түн уйкумду токтотчуумун бештерде.

Мектептин да ишин кошо бүтүрүп,
Менменсинип калбаганмын күтүнүп.
Жетекчимин, мугалиммин дебестен,
Жүрүп келдим бардык ишти бүт кылып.

Сатып алдым Москвичти жылында,
Санааркашты бир туугандар мунумда.
Жарты тыйын сурубастан атаман,
Жалаң гана өзүм тапкам пулумда.

Кор болбодум, зар болбодум кысталып,
Кандай сонун кадырласаң усталык.
Картайганда күчүм качып кармабай,
Калганыма капа болом кыскарып.
Канткен менен кудайга мен ыраазы,
Кайдан келмек кадыр табуу мынчалык.

*28-декабрь 2013-жыл.*

## УНУТПАССЫН

Кайгырып, көздөн жашың төкпөдүңбү,
Карарган эки көздөн өппөдүмбү.
Колума сүйкөй турган дары алып,
Козголуп, сен тарапка өтпөдүмбү.

Кайгырып көздөн жашың төккөнүңдү,
Кайрылып бешененден өппөдүмбү.
Карарган көзү тездеп айыксын деп,
Көчөңдү көпкө издеп өтпөдүмбү.

Капыстан айттың алыс кетеериңди,
Кечикпей тез артынан жетееріңди.
Качанкы айткан ойлор, унутулуп,
Калтырып кеткиң келет жетегиңди.

Куп деген, көнүп айткан сөздөрүңдү,
Калтырып кетесиңби Өзгөнүңдү.
Канчалык алыс жакка кетсең дагы,
Каалабайм бул мүнөздөн өзгөрүүңдү.
*7-апрель 2014-жыл*

## ТОКСОН, ЖҮЗ ДЕП БАЙКАЛДЫ

Убалыма калып жүрбө жүрөгүм,
Улам-улам көп ойлонуп жүрөмүн.
Утурумдук сактануу деп өзүмдү,
Улгайсам да, шайыр болуп күлөмүн.

Укмуштуудай кээде согот жүрөгүм,
Улутунуп ой-санаа жеп жүрөмүн.
Уул -кыздарым сапар алые жүрүшсө,
Уучтап качып кетпесе дейм бир өлүм.

Жок, деп согуп жүрөк жоопту кайтарды,
Жаныбек сен, билбейсин сөз айтаарды.
Жакшы болуп, айыккансын таптакыр,
Жетээр жашың токсон жүзгө байкалды.
Капа болуп, ойлонбогун кур бекер,
Кудай берген дартын сууруп кайта алды.
*24-январь 2014-жыл*

## ЭГЕМЕНДИК АЛГАНДА

Сүйлөшкөндө өзгө тилде сүйлөбөйм,
Өз тилимди шамал кылып үйлөбөйм.
Саткым келбейт сомду койуп долларга,
Суранса да жообун бербейм үндөбөйм.

Салам айтсам өз тилимде сүрдөбөйм,
Зарыксам да алмаштырып бер дебейм.
Суранбаймын сонуркалап башканы,
Суктанаарлык өз жеримди жергелейм.

Өз жеримде өзгө тилин сүйлөбөйм,
Өмүр бойу кошоматтап бийлебейм.
Өнөрүмө өнөр кошуп изденип,
Өзөктөгү ойлорумду чиймелейм.

Кыргыз тилин билбегенди бил дебейм,
Кыйнаганды кыйкым издеп тилдебейм.
Ким болсо да өз тилинде үйлөсүн,
Көрүп туруп, бөлөктөнүп иргебейм.

Эгемендик алган кезде элибиз,
Эңкейбестен түп-түз басат белибиз.
Эми такыр ээрчибестен башканы,
Эркибиз бар эркелейбиз эми биз.
Эркиндиктин эбин билип барктасак,
Элибизде жок болчудай кемибиз.

*20-декабрь 2013-жыл.*

## ИШЕНЕМИН

Көпчүлүктө, көңүлүңдү сыйга алып,
Кыш күнүндө муз тепкендей сыйгалып.
Көргүм келип, көзүм түшүп турса да,
Карай албай, кете берем кыйналып.

Каректерге карек түшүп айланып,
Кадам басып, алыс кетпей байланып.
Карай албай көпчүлүктүн ичинде,
Карбаластап жүрөм көңүл кыйналып.

Бирок тиктейм жасагандай уурулук,
Болсом эгер кайра баштан жуурулуп.
Башкачараак, тартынбастан, коркпостон,
Басып барып кармамакмын суурулуп.

Билем анын ачык-айкын мүнөзүн,
Баркын билип жүргүм келет мен өзүн.
Башта неге жолукпадың экен деп,
Баш булгалап, башым чайкап жүрөмүн.
Бажырайган бир жолукчан жарыгым,
Бир өзүң деп ишенимдүү күлөмүн.

*5-апрель 2014-жыл.*

# АРМАНЫМ БАР

Ойго келет ойкуштаган жашагым,
Оңдогонсуп жолго койуп мастагым.
Ал күндөрдө ачыла элек гүлдөрүң,
Алыс болуп, асман мелжеп качканмын.

Атта кайран кычыраган жаштагым,
Алые болуп, алардан мен качканмын.
Ай чырайлуу кыздар карап тиктесе.
Арман кылам, жерди карап басканмын.

Ал кезекте эчен белес ашканмын,
Аттиңи бар жүргөн мезги л башканын.
Айтканыңдай, дегениңдей болоордо,
Ачып эшик, сыртты көздөй басканмын.

Ойлоптурмун дайым бирге жүрөм деп,
Ойун салып, жүргөн кезди билем деп.
Арман күндөр өтүп кеткен турбайбы,
Азыр сага, же эртеге келем деп.

Айткан арман бекеринен дебеңер,
Алсыз абал бир күн тартат дененңер.
Азыркынын өпкөсүнөн кур калып,
Аттиң кылып, кийин куйрук жебеңер.
Ашпаш дебей өмүр өтөт турбайбы,
Адам кылып бир төрөйт го энеңер.
Айып эмес, жаш кезекте гүлдөп ал,
Айымдарга болуп абдан кеменгер.

*15-декабрь 2013-жыл*

Айай бил адам көңүлүн.
Баары бир өтөт өмүрүң,
Баалай бил адам көңүлүн.
Барпылдап кетпей болбоско,
Билгиниң жалган төгүнүн.

Куттүрбөй өтөт өмүрүң,
Күйгөндөй кара көмүрүң.
Күл болуп кала электе,
Калтырба адам көңүлүн.

Түбөлүк эмес өмүрүң,
Таасирин билгин сөгүүнүн.
Тартипсиз сөгүп койгонуң,
Түпкүрү көңүл чөгүүнүн.

Айай бил адам көңүлүн,
Алтындан кымбат өмүрүң.
Аманат жандын барында,
Ардагы болгун төрүңүн.
Ачышсаң дагы сүйлөгүн,
Аныктап жалган төгүнүн.

*4-апрель 2014-жыл.*

## АЙЫП ЭТПЕЙ

Келесинби мен жакка берке десем,
Көнөсүнбү ченемсиз эркелетсем.
Көзү түшүп башкалар карабасын,
Көрүнбөстөн сен мага эркелесең.

Карайсынбы кайрылып берке десем,
Карты болоор мамиле эч дебесең.
Канаат алып жактырган иштериңе,
Кубаттанып мен дагы эркелетсем.

Күлөсүнбү жакшылап, жакшы көрсөм,
Кадимкидей жактырам эгер билсең.
Каалагандай жактарга мени менен,
Катышсаң дейм, мен үчүн чындап билсең.

Каласынбы жанымдан алыс кетпей,
Калбаймынбы, кайгырып сага жетпей.
Кыйла мезгил арадан өтсө дагы,
Көңүлдөшүң болойун айып этпей.

*9-март 2014-жыл*

## АЛДЫГА КОЙГОН АЛТЫ ОЙ

Байыйлы элим, байыйлы,
Бейчеки жолдон тайыйлы.
Үнөмдүү жашоо өткөрүп,
Үмүттү тактап жарыйлы.

Абылып аша чамынып,
Ашыкча сарпка камынып.

Асандан үсөн кемби деп,
Атаандаш ойду жамынып.
Ашкере кетип барабыз,
Айрыкча кыргыз жабылып.

**1.Эгеменде:**
Эгемен кел деп, эгемен,
Энтелеп кетпе дегем мен.
Эртеңки күндү ойлонуп,
Этият болгун кебиңден.
Эл жакты карап түшүнүп,
Эртелеп качпа тегиңден.

**2.Ресторанда:**
Аракты суудай сузабыз,
Акыл сөз укпай бузабыз.
Алкымың жутуп жулкунуп,
Ашыкча сөзгө ызабыз.
Аксакал сөзүн укпастан,
Атаң деп сөгүп сызабыз.
Алтындан ашык кеңешин,
Абайлап качан угабыз.

**3.Көчөдө:**
Койкоңдоп басып чыгабыз,
Колдорун кармап сыгабыз.
Көчөнүн көркүн чыгарып,
Көйрөңдүн сөзүн угабыз.
Кыжырың келип буулугуп,
Кандайча айла кылабыз.
Карыны көзгө илишпейт,
Канткенде оңго бурабыз.

**4. Загста:**
Алдыга койуп лимузин,
Асфальтты ээлеп уп-узун.

Он, он беш хаммер тизишет,
Ойлонсок кантет мунусун

**5.Ат чыгармай:**
Ашынып абдан байыдык,
Апгачкы салттан тайыдык.
Атымды билсин элдер деп,
Асманга учуп кайыдык.

Ашыртып байге ченебей,
Аш берип жаткан немедей.
Атагым алые кетсин деп,
Ааламды сезбей кенедей.
Ашыкча чыгым дегенди,
Адам деп, санга теңебей.

Байгеси өтөт чаң калат,
Башкача айтып таңданат.
Бул акча кайдан келди деп,
Бир жылдап элдер таң калат.

**6.Андан көрө:**
Жай таппай жүрсө койгонго,
Жол бербей ашык сойгонго.
Жол салып берсе болбойбу,
Жогору, төмөн, ой-жонго.

Койгон жер таппай кыйналса,
Колтуктап акча жыйналса.
Каналдар казып бербейби,
Калайык калкты сыйга алса.

Сом, доллар батбай кыйнаса,
Спорт зал салсын сыйласа.
Сүйүнтүп элин койбойбу,
Сарп кылып эл деп жыйналса.

Азамат атын жаздырып,
Алкышын айтмак саз кылып.
Турганда тарых бетинде,
Туралбайт эч ким жазгырып.
Түбөлүк кылган иштерин,
Түгөтмөк кимдер каздырып.

*17-ноябрь 2013-жыл*

## АЙРЫМ ОЙЛОР

Мен жашоодон көрдүм кыска, узунду,
Меенет кылып таттым таза тузунду.
Алдым-жуттум элдин акын жегенге,
Ачуу кылып,абдан көңүл бузулду.

Мен жашоодон көрдүм акты-караны,
Медер тутуп, меерим салып баланы.
Мени эми багат балам дееринде,
Мекенинен кетти жаштар жараны.
Мигрант болуп таштап менчик калааны,
Меенет кылып баккаи элек баланы.
Мекенинде кызмат, жумуш болбосо,
Мее коротуп,тартпайлычы санааны.

Кош бол дейсин сунуп оң кол салааны,
Кимдер күсөйт жерин таштап калааны.
Кыздар кетсе, кырчын өмүр жашында,
Кыйынчылык тартат кыргыз жарааны.

Узак мезгил уулдун көрбөй караанын,
Улутунуп ата-эненин калаарын.
Унчукпастан тургула деп кайрылып,
Ушул жылы айтып чоң үй салаарн.

Кана дейсиң кыргызындын байлыгы,
Кыз, жигитке болбой эмгек айлыгы.
Көтөрүлүп бийиктебей пасайган,
Кашандаган аракеттин жайлыгы.

Ар бир жанга жер үлүшү берилген,
Адам болдук жалкоолонуп эринген.
Арык казып,жер айдабай берилип,
Асыл эмгек жаралбады жеринден.

Түрдүү, түмөн эгин бышат жеримден,
Тамекиси, пахта, канты эгилген.
Талааларга кечее союз тушунда,
Түмөндөгөн буудай арпа себилген.

Түндөп, күндөп техникалар иштеген,
Тракторлор камсыз болуп иш менен.
Тартыштык жок, кызмат алып жарандар,
Тердеп тапкан, адал нанын тиштеген.

Митингисиз, пикетсиз жок уктамак,
Мен биллем деп бирин- бири кыстамак.
Миллиарттап акчаларды жутунуп,
Минскиге качып кетти кысталак.

Бала-чака иштеп жүрсө оруста,
Башка сөз жок, ыраазлык оруска.
Бажысына кирип алып тезиреек,
Баа бирдигин сүйлөсөкпү орусча.

*7-апрель 2014-жыл.*

# БОЛОТ ЭКЕН

Ойлонуп, ой толгоосун тартып келген,
Окшошпой, ар кыл экен турмуш деген.
Отуруп, өткөн күндөр эске келип,
Оош-кыйыш өмүр өттү сени менен.

Уул болуп бул дүйнөдон жарык коргон,
Урматсыз кенен жашоо тарып келген.
Уятсыз бир туугандар көрүшо албай,
Улгайды кубат кетип карып белден.

Ушак соз уккан менен унчукпаган,
Ууланып сасык сөзгө тумчукпаган.
Уктурган мамилесин көрсө дагы,
Ууртунан жылмайьщкы тынч уктаган.

Мен эле, бир өзүм деп жашап келген,
Менменсип өзүн көрүп ашык элден.
Мейли деп теңелбесе кичүүсүн деп,
Мееримсиз ойлонбостон делдеңдеген.

Көрө албас, ичи толук ириң болгон,
Коз салып чыга албады бузу к жол дон.
Кадырын калгандардан ашык көрүп,
Кайрылып кармабады сунуп колдон.
Бирине бирин койуп чагыштырат,
Билинбес ишти кылып кагыштырат.
Башкагабир туугандан ашатүшүп,
Бат эле өзүн ага жабыштырат.

Сүйлөтпөй мен сүйлөсөм дегени бар,
Салынбай кашык сунбай жегени бар.
Суурулуп, суу жугузбас бир туугандын.
Зарыкпы, мунун неге кереги бар.

Тууганча тууган болуп келбеген бар,
Турпатын түк өзгөртүп билбеген бар.
Тырмышып бузукулук жасай берип,
Тынчыраак таза жол до жүрбөгөн бар.

Таарынтып өмүр бойу улууларды,
Турмуштун таттуу жолун сүрбөгөн бар.
Тагдырда түрдүү иштер болот экен,
Тамашакөңүл айтып күлбөгон бар.

*15-декабрь 2013-жыл.*

## БИЛБЕЙ ЖҮРӨМ

Ким деген жаратты экен кантип муну,
Кадимки чыгып турган айдын нуру.
Кайрылып кайра басып көрө алабы,
Көктөмдө учуп жүргөн аппак кууну.

Көрбөгөн өмүрүндө кыргыз уулу,
Көктөгү тийип турган күндүн нуру.
Каяктан кайсыл жактан жолуктурдум,
Көп болду, ойлономун ким деп муну.

Көрүнүп, катуу тийген күндүн нуру,
Кашыктап куйган өңдүү тунук сууну.
Каяктан жолукканым билбей жүрөм,
Кайберен кылып мага бул сулууну.

Көйкөлуп көч улаган кундуздардай,
Көрүнүп кол жетпеген жылдыздардай.
Кылымдап тарбиялап өстүрбөйт, го,
Калкына сулуу кылып кыргыз мындай.

*1-апрель 2014-жыл.*

# БЕТ АЧААР ТОЙДО

*2013-жыл 29-сентябрь*

Бул күндү мен ойлоп жүрдүм өзгөчө,
Баары тегиз баары сезип көрбөсө.
Болоор беле бет ачаары китептин,
Бала-чакам чогулушуп келбесе.

Кудай колдоп, кудай жолдоп бербесе,
Катарында акындарга теңдесе.
Кадырыма талантыма жол ачып,
Качмак бел ем кол булгалап кел десе.

Көптөр келди көңүл улап тоюма,
Кол чапкылап кошулушуп ойума.
Көңүл өсүп, кол куушуруп ийилди,
Клуб толгон көпчүлүктүн оюна.

Жетпесем да Чынгыз болуп жылдызга,
Жардам болдум улуу элим кыргызга.
Жаратам ыр, чарчабасам талбасам,
Жалтанбаган атым чыгып мундузга.

Жазып келип бир ырыма обонду,
Жаңы гана ашкан болуп долонду.
Жактырышып колун элдер чапканда,
Ойго баттым эстеп акын Жолонду.

Сүйүнгөндөн үнүм чыкпай бышактап,
Сүрдөтпөстөн Нарынбегим кучактап.
Суктанышып чыккан ырга, обонго,
Суранышып көңүл бөлүп кылчактап.

Көпкө тур дум токтоно албай сүйүнүп,
Кол чабылып көпчүлүк эл үйүлүп.

Калың элдин колдоо берген ойлору,
Калды менде көкүрөктө түйүлүп.

Кыздар келип, сахна толо бийлешти,
Калыс туруп тууган-урук тейлешти.
Кундуз түзгөн пландагы адамдар,
Кыйкырышып кымбат сөздөр сүйлөштү.

Сөзгө чыгып зав районо Пиримим,
Сарптаган деп өмүр бою билимин.
Сыйлуу агай оз милдетин аткарган,
Суктандырып кезегинде ар кимдин.

Сиздер менен бирге кесип жатабыз,
Бирөө эмес, эки китеп киндигин.
Билип калдым кийин жазган ырларын,
Байкап көрүп тизмектешкен ыргагын.

Билет элек мээнети күч эмгегин,
Бийлең эми көрүп өмүр жыргалын.
Башкалардай жеңил ишке көнбөгөн,
Бекер болуп, билбегенбиз тынганын.

Баштап сөзүн мурда баамдап билгенин,
Бийик кылып ырдын жазып тизмегин.
Баш ийкешип чогулушта чиймелеп,
Билчи элем деп мурда жүрүп сезгенин.

Деп сүйлөдү иним чыгып Ибраим,
Бассак-турсак сыйлуу жүрдүк ар дайым.
Бармак басып жазып келген ырымды,
Келди кезек окуп сизге арнагым.

Баштап кирип, чымчылаша калмайын,
Өзүн айтып өрдөк учуп дөө кылып.
Өтө мактап агам деди төө кылып,

Өдо төмөн тамашасын козголоп.
Айтты сөзүн жүрбөйт акам жөө калып,

Сөзгө чыкты Раимжан жан досум.
Суктандырып ачык айтып колдоосун,
Бала кезден бирге өскөндү билгизип.
Кошуп чыкты өмүр шерик жолдошун,

Коп сүйлөдү өткөн күндөр эскерип.
Кулагымда калды кобү эстелип,
Качан болсо коз алдыма тартылат.
Кылым күнгө келген өңдүү кез келип,

Чолпон кыз чочулабай ырдайт экен,
Чозулуп обон үнүн кылдайт экен.
Чамалап байкап көрсөм, көңүлдөнүп,
Чарчабай бул онордо тынбайт экен.

Булбулдай ырдап кирди Бурмабүүсү,
Булкунтуп кадимкидей кыргыз күүсү.
Болот го келечекте Саламаттай,
Болбосо турмушунун озгөрүүсү.

Манчыркап кете койбой Маамат иним,
Маанилүү сөздөрүнүн айтып миңин.
Мактабай агам го деп ашып кетпей,
Максатым келечегим айтып менин.

Турмуштун татаал жолун, оңой жолун,
Таасирдүү сөздөр айтып колдогонун.
Тургунбек агам сүйлөп көп сөздордү,
Тутам деп көкүрөктө болжогонун.

Астайдыл сөзгө кошуп, коп кызматым,
Аскербек тагам менин эң кымбатым.
Атайлап ырга жазып коштоп келди,
Ал менин унутулгус сый урматым.

Бектемир молдо сөзүн бекемдеди,
Бул агам чындап акын экен деди.
Бир эмес эки китеп ээси тура,
Байыган сөзгө созмор чечен деди.

Кайрылып комуз чертти карындашым,
Кудайдан тилек кылам карыбашьщ.
Коп жаша оорубастан бийик болуп,
Кылымга жетсин тилейм өмүр жашың.

Аккардион ойноп турду Ибирайим,
Ар дайым жолун берсин бир кудайым.
Аралап эл ичинде дайым болуп,
Көрсүн дейм балдарынын сый убайын.

Мамажакып, келин, бирге экөөлөп,
Мактап айтты тамашалап эгоолоп.
Мындан дагы курчуш керек деп туруп,
Араң зорго жазган китеп экоо деп.

Бир айылда бирге өсүп чоңойгон,
Бир ооз сөзүн айтчы эмес оңойдон.
Бала кезден ар кыл өнөр урунуп,
Баштан эле таланты бар чоңойгон.

Эгер болсо колом жагы өзүмдөй,
Баатыр болмок кем калышпай Жолойдон.
Башка сөзүм жок деп Асан бүтүрүп,
Тиктеп койду көзүн салып олойгон.

Жаныбекти жаш кезинен билем деп,
Жүрчүү иштиanaлиз деп тереңдеп.
Жакшы иштеп, адал эмгек жаратты,
Жалпы журтка кызмат кылып берем деп.

Макуш акам айтып эки китепти,
Тартуулаптыр элге жазып белендеп.
Чын дилинен алкоо сөзүн билгизип,
Чоң чөнтөктөн акча колго тийгизип.

Чоркок эмес чындап акын болупсун,
Чоңойгонуң ушул деди күлгүзүп.
Мажит сүйлөп Кашка-Жолдун атынан,
Маанилүү сөз терең айтып сүйгүзүп.

Төкмө акын токтолбостон баштады,
Толук жактап өткөн күндөр баштагы.
Талбай иштеп директорлук милдетти,
Такай өттү аяшымдын жаш чагы.
Деп сүйлөгөн Жыпаркандын бүтүмү,
Дадил деди аяшымдын баш жагы.

Кол куушуруп жездем чыкты шумданып,
Качан эле бергем деди кыйналып.
Койо турбай шашып кеткен экенмин,
Карманда эле сактабапмын колго алып.
Кудайберди жездем сүйлөп жатканда,
Кол чабышты эл аябай сыйга алып.

Сыймыктанып мектебимдин жамааты,
Сүйлөп баштап агайдын деп таланты.
Сөзүн баштап Эгенберди деректир,
Иш үстүндө жаман жакшы дебептир.

Агай берген келечектин багыты,
Азыркыча бизге болгон себептир,
Райондо кырктан ашкан мектептен.
Эң алдыңкы суперликке теңептир.

Айыл башы иним чыгып Миталип,
Айтып сөзүн жалпы элден бата алып.

Аксакалдар агама деп ден соолук,
Айыбы жок кетсе эгер катаалык.
Азыр чыгып белгиленген үйлөрдө,
Досторкондор даяр турат жасалып.

Беш айылдын жамааттары келишти,
Баш ийкешип баталарын беришти.
Балдарымдын сый сыпатын көрүшүп,
Досторкондун даамын татып жеп ичти.
Даңазалап эки китеп чыгышын,
Дайындашты мага дагы коп ишти.

*1 -октябрь 2013-жыл*

## МУРАТ МЕНЕН ГҮЛВИРА

*ЭлТРдин кутман таң, программасына*

Чыгат деп эфир эртелеп,
Чакырды, келдим энтелеп.
Чак түштө тартты телеге,
Чаңкайа түштүм эркелеп.

Мурат сен тескеп тарткын деп,
Микрофоң ичке каткын деп.
Абайлап байкап сүйлөсөң,
Аксакал сенин баркың деп.

Алдыга карай жылгын деп,
Ачкиңди бекем кылгын деп.
Аябай мыктап тарталы,
Алдыда болсун жылдын деп.

Отуруп ырлар окудум,
Аң сайың келип окугум.
Ошоңдо билдим кадырың.
Обочо баркың ЭЛТнын.

Көп өтпөй чыктым теледен,
Кандайча туулган энеден.
Карааны сулуу Гүлвира,
Кошумча сүйлөп дебеген.
Кудайым мындай кызына,
Койбосун өмүр ченеген.

*26-апрель 2014-жыл.*

## БАЛАЛЫК ЖЫТЫҢ КЕТЕ ЭЛЕК

Бир баскан күндөр жетелеп,
Балапан элең эселек.
Балтыркан жаштык кездеги,
Балалык жытың кете элек.

Бойуңду оңдоп эркелеп,
Басалы үйгө кетем деп.
Балапан кыял ой менен,
Бир гана сенсиң Жакем деп.

Максатты койуп эртерээк,
Махабат күттүк эртелеп.
Менчиктеп сени чакырып,
Мас адам кетти жетелеп.

Билбеймин кайда жүрөсүң,
Билсем да жаштык мүнөзүң.
Байкатпай аны кечиргин,
Башында кеткен күнөөсү.
Башкача болуп калсаң да,
Башкага эптеп бүлөөсүң.

*26-апрель 2014-жыл.*

# КЕЧИККЕНИМ

Кара-Кулжа, Тардын суусун,
Кыйналбастан кечип келдим.
Калып калган көп жумуштун,
Катааларын чечип келдим.

Тогуз-Булак, Кум каналың,
Толтурбастан казып келдим.
Топтойун деп чыгармамын,
Толгоосунан азып келдим.

Айыл ичин аралатып,
Арык-чөнөк казып келдим.
Анча-мынча каралатып,
Арноо ырлар жазып келдим.

Адамзатты көп түшүнүп,
Аралашып басып келдим.
Ала-Тоонун чокуларын,
Аман-эсен ашып келдим.

Кыйналсам да көп иштерди,
Караан кылып үйүп келдим.
Кадимкидей эл катары,
Катын-бала сүйүп келдим.

Поэзия кечирип кой,
Бала кезден кечиккеним.
Барпы менен Алыкулду.
Бир аз ырдап, ээрчип келдим.

Анткен менен арман кылып,
Абдан муңдуу ыйлап келдим.
Ажыратып Венерамдан,
Алтымыш жаш кыйнап келдиң.

*30-апрель 2014-жыл.*

# КЫЗЫМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Келди кызым, кабар алып сурагым,
Кандай экен барган жериң турагың.
Кош ата деп, көзүң ачып сүйлөбөй,
Колдон кеттиң, кол булгалап чырагым.

Жалп деп өчтү жанып турган чырагың,
Жаным кейип, келди балам сурагым.
Жаркылдаган жалбырттаган кезиңде,
Жар түбүнө барып неге куладың.

Кышты кынап оозун бекем жабышты,
Колго уучтап топурак, кум салышты.
Кыйын болуп, кандай айла кылам деп,
Күйгөн чоктой, туугандарың калышты.

Ошол кезде ойлондуңбу, билдиңби,
Ойуңда жок түш уйкуга кирдиңби.
Отура албай үйгө барып сени жок,
Оо кудайым, кайра өзүңө бердимби.

Эки кызың эч нерсени биле албай,
Эңкейишип эшик түртүп кире албай.
Эркелеткен кыздар сени күтүшүп,
Эңшерилип эне доорун сүрө албай.

Эшик ачып издеп сени таба албай,
Эндирешип кайра артка жаба албай.
Эркелеткен эки кызың күтүшүп,
Эмдигиче жүрөт кирпик кага албай.

Апаң калды айтаар сөзүн таба албай,
Айланышып издеп сага бара албай.

Атаң болсо аңкыйгандан аңкыйып,
Айтаар сөзү, койсом болмок жаралбай.

Сен кеткенден жыл өткөрбөй оорудум,
Сеп кылчуусу Сайра болду оорумун.
Сезип-билип сылап-сыйпап балдарым,
Сактап калды бузулаарда форумум.

Айтчы кызым неге бизди таштадың,
Ардак менен өтөөр кезде жаш чагың.
Айтпай кеттиң арыз арман иштериң,
Аттиң кылып өтө кыйын чарчадым.

Атам бар деп аябадың кордодуң,
Ал тарапка неге өзүңдү зордодуң.
Алтынчы күн келемин деп Өзгөнгө,
Айткан сөздүн өтүлүндө болбодуң,

Турган кезде келе турган оң жолуң,
Туура басып неге мойун толгодуң.
Табышмактуу ишке башың туш кылбай,
Келбеди деп азыркыча болжодум.

Айтчы кызым мынча неге шашылдың,
Айла таппай колуң кармап асылдым.
Ачпай койдуң жалдыратып көзүңдү,
Келип көңүл мойнуңа бек асылгым.

Акыл-эсиң бардыгына жетчи элең,
Ар жумада бирден келип кетчи элең.
Атам-апам кыйналбасын деп жүрүп,
Алаксытып атыр-упа сепчи элең.

Айтчы элең го үйлүү болдум эми деп,
Оңдой турган, түзөй турган кеми көп.

Ошол бойдон таштабастан бүткөрүп,
Айрым жерин айттың эле белгилеп.

Баары калды кыздар калды Нурланың,
Бекем сактап, тапкандарың курганың.
Жазга чыгып үй той кылам дечи элең,
Жатып алып ушул болду кылганың.

Көрбөй калдың, кыздарыңдын кылганын,
Китептерин атаң жазган ырларын.
Көрбөй калдың көрөөр кезде турмуштан,
Көркү чыккан бул жашоонун жыргалын.

Көйкөлүшүп кыздар бойго жетишти,
Кайгылантып кылдың ушул чеки ишти.
Канаттары темир канат балапан,
Калган менен жашоо улап кетишти.

Ңурлан балам аял алды үйлөндү,
Ээлей калды сен тутунган үйлөрдү.
Эске албай көрөйүн деп кыздарды,
Эстеп барсам тескерилеп сүйлөндү.

Аран туруп куран окуп кириштим,
Айласыздан болгон дедим бул иштин.
Акылы жок амал издеп түңүлтүп,
Айла кылды акыры деп келиштин.

Айттым Зина сенден мындай күтпөгөм,
Арманым бар өмүр өтөп бүтпөгөн.
Аралашып отургандын ордуна,
Айдап чыктың өз үйүм деп күч менен.

Акыркы ирет көрдүм кармап тутканың,
Айласыздан ыйлап-ыйлап чыккамын.

Араң келип машинама отуруп,
Арман айтып адырыңа чыкканым.

Аңтарылып ыйга баттым кайгырдым,
Аңдадыңбы ошол күнкү кайгымдын.
Ашып ташып жүрөк туйлап токтобой,
Аттиң кылам неге сенден айрылдым.

Ошол бойдон барбай калдым үйүңө,
Оңдум го деп жүрсөң керек сүйүнө.
Омкоромун эми барсам кайрылып,
Ойлоп жүрөм жиним келсе түйүлө.

Кыздарыңды кыйналсам да чакырам,
Кырга чыгып кыйкырамын бакырам.
Канчалаган оордун толгус күндөрдү,
Кызым айтчы кантип ичке батырам.

*1-январь 2014-жыл*

## СҮРӨТҮҢ КАРАП

*Кызым Венеранын сүрөтүнө*

Кеткеним жок өзгөрүп,
Калалбай сени көз көрүп.
Картайып кабак каштарым,
Кабырга бөйрөк бөскөрүп.

Сүйлөшпөй кеттиң сөз бөлүп,
Сүрүлүп жерге көздөнүп.
Сөз чыкпай такыр өзүңдөн,
Созулуп бойуң түздөнүп.

Көз ирмеп такыр ачпадың,
Көрүнбөй алыс качканың.

Көксөдүм ыйлап чыдабай,
Көркөмсүз болуп басканым.

Укпайсың такыр сүйлөсөм,
Унчукпай тиктеп күндө сен.
Убалың болду деп жүрөм,
Убайың тартып эстесем.

Тиктейсиң тиктейм жалдырап,
Тирилтсе кудай жан курап.
Тим эле кеттиң адашып,
Тарсылдап жүрбөй алдуурак.

Колумдан келбей жалдырап,
Көчкөндөй көчүп там кулап.
Кайраттан кетпей өзүмдү,
Кармасам деймин жандуурак

*207-апрель 2014-жыл.*

## САКТАП КАЛДЫМ ЭЛЕСИҢ

Көрбөптүрмүн көпкө жүрүп мындайды,
Көз кыр менен, өтүп менден жылмайды.
Карбаластап байкоо, берип сезбесе,
Кашты серпип көздү кысып жылбайбы.

Көрүнүшү, көркөмдүү кыз жылмайган,
Көп жыл мурда, жөн өтпөгөм мындайдан.
Кыя басып тоспойт белем жүгүрүп,
Кайраның өмүр калбаганда улгайган.

Менин айлым жогор жагы Чымбайдан,
Мени менен жолуккан кыз маңдайдан.
Мага дагы жылмайышың бар болсо,
Маанайыңды көрсөтүп кой жылмайган.

Жолугуштуң кайсыл жерде билесиң,
Жолду тосуп, качан кайра келесин.
Жалт-жалт карап чыгып жатып этажга,
Жаңылбастан сактап калдым элесиң.

*17-май 2014-жыл.*

## БОЛБОЙТ ОКШОЙТ

Адам заты кандай болуп баратат,
Адам кылып деп кудай сени жаратат.
Ассалоому, алейкимди унутуп,
Арак ичип мас жүргөндөр жадатат.

Ойго салып, меерим кетип баратат,
Ошону да кудай өзү жаратат.
Окат койуп, бирөө сыйга чакырса,
Оош-кыйыштуу сөздөр чыгып жаратат.

Көрө албастык өкүм сүрүп баратат,
Көркөмдөгөн ушак сөзүн таратат.
Күн кечкирип, түн келеерин унутпай,
Кудай сени билсе экен деп жаратат.

Жакшы жакты көргүс болуп баратат,
Жамандыкты чагылгандай таратат.
Жакшы жакка, тарбиялоо ордуна,
Жаатка бөлүп карыялар сөз атат.

Насаат айтуу унутулду деп айтат,
Ныктамай сөз көп айтылып келайтат.
Нары эмес, бери болгун деп койсоң,
Наалыба деп көңүлүңдү карайтат.

Болбойт окшойт эркин жашоо кыргызга,
Болчу беле кайаша сөз кыргызда.

Болоор ишти болтурбастан тескери,
Болуп жатат башка жакка тургузма.
Баш ийбестен өзүм билем болушуп,
Баары учуп кетет окшойт жылдызга.

*15-май 2014-жыл.*

## СЕН МҮМКҮН

Сен мүмкүн, ким бирөөнүн жарыгысын,
Сен мүмкүн, туташ өскөн жарыдырсын.
Сүйүнүп, сүйкөп жазган калеминин,
Жуурулуп ыр жасалган камырысын.

Сен мүмкүн, ким бирөөнүн нурудурсун,
Сен мүмкүн, бел байлаган курудурсун,
Сыртындан байкоо салган мен өзүмө,
Сапатын сары алтындай жуурулупсун.

Сен мүмкүн ким бирөөнүн күнүдүрсүн,
Сен мүмкүн, чоң жигиттин гүлүдүрсүн.
Сагынтып алыс кетпей жакында жүр,
Самаган саамай чачтуу күнү күнсүн.

Сакталып эсте калаар жүгүрткөнүң,
Саарбы, кеч кызыктырып үңүлткөнүң.
Сезилип түбөлүккө кала береер,
Салкын жел, шамал айдап түңүлткөнүн.
Самаган ойго жетип, жетпейби деп,
Салмактуу жүрөктөгү үмүттөрүм.

*29-апрель 2014-жыл.*

# МЕН КЕТСЕМ

Мен кетсем сенден мурда түнөгүмдөн,
Мени сен чыгарбай жүр жүрөгүндөн.
Жазмалап китебиме калтырамын,
Жайы, кыш бирге жүргөн күндөрүңдөн.

Сен менин чыгармамсын түгөнбөгөн,
Сулууну көрпөбтүрмүн сен өңдөнгөн.
Суктанып сугум түшүп канбай жүрөт,
Сулуусу жалгыз болуп Өзгөнүмдөн.

Башкача жаралыпсын сен өзгөдөн,
Бааланган туруктуусун өзгөрбөгөн.
Бой мүчөң бир өзүңө жарашыктуу,
Байкалып көрүнөсүн өзгөлөрдөн.

Бир гана өзүңө эмес сулуулугуң,
Билинбей өтөт мага жылуулугуң.
Башкача жаралгансып көрүнөсүн,
Байкадым билбей жүрүп мына бүгүн.

Бир башка көрүнүшүң, түзүлүшүң,
Байкалат камап туткан түзүк ишиң.
Бет орой келе калып көздөшкөндө,
Барынча жарык чачат алтын тишиң.

Бой мүчөң топ келишет мүнөзүңө,
Бой уруп көптөр жүрөт бир өзүңө.
Бейчеки сүйлөбөгөн кыялыңдан,
Бегимай болоор белең бир өзүмө.

*9-май 2014-жыл*

# СЕН ЭКӨӨБҮЗ

*Өзгөн нуру гезитинин 80 жылдыгына.*

Сен экөөбүз, али жапжаш экенбиз,
Сен экөөбүз, таштан катуу бекембиз.
Сезип билип, сезим сактап сексенден,
Сен экөөбүз, той өткөрөөр бекенбиз.

Солкулдаган сексен жашта экенбиз,
Серпилишпей, ынтымактуу бекембиз.
Сен жетелеп, мени салып чоң жолго,
Сексен жаштан жүзгө жетеер бекенбиз.

Катташпаса карын тууган жат болот,
Көрө албастык, катуу кесел онтолоп.
Калыс тутуп, мени колдоп алдыга,
Калемимди сен жаздырдын козголоп.

Өзгөн нуру өзгөрүлүп турасын,
Өзгөчөлөп эл көңүлүн бурасын.
Өтөп жашты, турмуш жолуң жаңырып,
Өмүр бойу калат насаат, мурасың.

Өзгөн нуру өйдө карап жыласын,
Өтө жашсың, ошол бойдон турасын.
Өкүнбөгүн сексен жашка чыктым деп,
Өмүр улап, токсонго да чыгасын.
Өркүндөй бер, картайдым деп кыйылбай,
Өкмөт үчүн, элге кызмат кыласын.

*1-ноябрь*

# СЕНДЕЙ ЭМЕС

Түшүмдө да, өңүмдө да көрбөгөм,
Тулку бою суусар сулуу өңдөгөн.
Түйшүк тартып, бара жатып уролдо,
Таң калыштуу карай бердим күзгүмдөн.

Тааныш болдум аралатып сөз менен,
Эгер болсом сен көрүнгөн күзгү мен.
Такыр сени ала качып кетмекмин,
Түбөлүктүү ээси болуп көздөгөн.

Сендей эмес, кыздар жүрөт жүздөгөн,
Сен башкача жаралыпсын өзгөдөн.
Суранаарым кабарлашып туруугa,
Сөз берип кой байланышты үзбөгөн.

Бирге келип, жолдо түшүп калганың,
Билбейсиң сен мен кеткенде калганын.
Жалгыз өзүм бара жатсам күчөдү,
Жалын эмес, алоо болуп арманым.
Жүрөгүмө өзүм калдым түшүнбөй,
Жакшы эмес, болуп кошо барганың.

*13-май 2014-жыл*

# ЭМНЕ ҮЧҮН?

*9-май жеңиш күнүндөгү эскерүүм.*

Умтулуп, үмүт үзбөйм такыр сенден,
Ушул күнү чыкпайт белең формаң менен.
Укмуштай кубаттанып сүйүнмөкмүн,
Ууртуңдан сөзүн угуп ата деген.

Кызыма офицерлик чинин берген,
Көргөндөй сен өзүңдү элеңденем.
Кыздарды көрүп калсам форма кийген,
Кызым деп ойлой берем Тенең деген.

Кандай кыз болгондугун биле албаймын,
Кой деген, көңүл айтса тил албаймын.
Караанын кадимкидей көз алдымда,
Кантсем да, кызым сенсиз жүрө албаймын.

Эмне үчүн, эл баскандай баса албадың,
Эл кийген формаң менен жасанбадың.
Эрегип ажал келип издегенде,
Эмне үчүн, атам бар деп кача албадың.
Эмкиче, эчен жылдар өткөн менен,
Элге окшоп, көңүл черин ача албадым.

*9-май 2014-жыл.*

## КАЙДА КЕТТИ

Колхоз, совхоз чарбаларын кургандар,
Колун сунуп, салам айтып тургандар.
Коллективдүү иштеп чогуу жүрүшүп,
Канал казып, кенендеп суу бургандар.
Калкыма деп, кажыбас иш жасашып,
Кайда кетти, кайсыл жакта бул балдар.

Жаштыгынан жалтанбай иш кылгандар,
Жылаңач жөө, өгүз айдап жылгандар.
Жаркылдаган жаштык мезгил доорунда,
Жатып албай күн-түн иштеп курбалдар.
Жазда жаздай, кышта кыштай жүгүрүп,
Жалкоолонбой кайда кеткен бул балдар.

Сырколобой, сылык өсүп бул балдар,
СССРди кыйналсада кургандар.
Селкасы жок, кетмен менен жер казып,
Сееп эгинден тонна түшүм алгандар.
Сый урматты бири-бирине жасашып,
Сурайлыкчы кайда ушул адамдар.

Кырчын кезде согушка деп жөнөшкөн,
Килалаган данын төгүп төлөшкөн.
Калбайлы деп, немистерден жеңилип,
Катын-калач, кемпир-чалдар күрөшкөн.
Кабыргасы ката электе тынбаган,
Кайда кетти бирге басып, бир өскөн.

Жеңдик дешип, буттан-колдон айрылган,
Жок болду деп, ажырадык айрымдан.
Жоокерлердин жаны чыгып, чыркырап,
Жоо бетинде нечен мойун кайрылган.
Жер астына, түбөлүк жай кылдырган.
Жарын таппай, үйүн таппай түңүлүп,
Жаштар кана ошол кезде кайгырган.

*9-май 2014-жыл.*

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Бул дүйнө жалган дүйнө окшойт окшойт,
Баспа деп, өмүр жолун эч ким тоспойт.
Баркына жете билип, кор кылбасан,
Барчылык, бай турмушун болот окшойт.

Түбөлүк туткамын деп бул жашоого,
Тааныбай кудайыңды сен жашоодо.
Түртүлүп, түркүкмүн деп жүргөн менен,
Тагдырың байланыштуу дал ошого.

Жалган сөз жаманчылык, бакылчылык,
Желкелеп, көрө албастык такымчылык.
Жаатташып, уруу урууга бөлүнүшүп,
Жамандап, заарлык менен закымчылык.

Көпчүлүк айтканындай жалган дүйнө,
Кетесин бул дүйнөндү канча үйбө.
Калат дейт алып кетпей тиги жакка,
Кампаңа алтын, акча толсо үйдө.
Кымтылап өмүрүңдү кармап калбайт,
Катынып, ороп чулгап бекем үйбө.

*4-май 2014-жыл.*

## КАГЫЛБАЙТ, КАЙРАН ӨМҮР КАЗЫК БОЛУП

Өзгөчө жакшы жашап, жакшы жүрдүм,
Өткөнүн сезбей калып ошол күндүн.
Өмүрүм бийиктиктен эңкейгенин,
Өкүнүп, артты тиктеп анан билдим.

Өксүтпөй, өкүндүрбөй жаштыгымды,
Өзгөдөн суранбадым аштыгымды.
Өз күчүм, усталыгым, өз өнөрүм,
Өлчөмдөн бөскөртпөдүм баштыгымды.

Кыйылам кыймылымды азыр көрүп,
Кайда деп, кайрат күчүм калган көнүп.
Кайрылтып кайра берсе атаганат,
Качаңкы кырчын жаштык кайра өзгөрүп.

Жасагым келип кетет оңдоп түзөп,
Жаштыктын жалын кезин ойлоп күсөп.
Жамбаштап жатып албай, кылбайт белем,
Жаңылап, жаңыланса ойлор күчөп.

Кагылбайт, кайран өмүр казык болуп,
Кайтарып кайтып берсе кыркка толуп.
Картайган ыраң-орой көрүнбөстөн,
Калмакчы кайран жашоо абдан оңуп.

*4-май 2014-жыл.*

## АПАМА КАТ

*Таенеме арналат*

Жетсе дагы, жетпесе да салам кат,
Жаныбекке таштадыңар аманат.
Жаш болсом да үй-жайыңды урунуп,
Жакшылыкка дайым кылдым далалат.

Артыңарда калбасын деп жаман ат,
Ар бир пенде беш күнчөлүк аманат.
Айткан мага акыл сөзүн унутпай,
Айлап, жылдап өзүм кылдым далалат.

Алыс кетпей үй-жайынды кармадым,
Апама деп куран окуп арнадым.
Асты полсуз, үстү ачык үйүнө,
Ал иштерге кудай кошту жардамын.

Үстүн жаптым, шифер менен жаңылап,
Үксөйтпөстөн үйүп-жыйып жабуулап.
Үйдүн ичин топурактан бошотуп,
Үшүк мезгил болсо дагы ал убак.

Жаш болсом да арбагыңды сыйладым,
Жакшы деген сөзүн угуп кыйланын.
Жамбы менен Алым тагам эстесем,
Жүрөк туйлап, абдан келет ыйлагым.

Жарым кылым өчүрбөстөн чырагын,
Жаркыратып жашап келдим турагын!
Жамбы апа, Алым тага силерден,
Жашырбастан бир иш калды сурагым.

Мезгил келди мен да кетеер убагым,
Мейли дегин, мен үйүңдү бузамын.
Мээнет кылып, балдар дешип оңдойлу,
Мындан аркы ойлоп турмуш узагын.

Балалыктан жашап бойго жетилдим,
Баары болду, тилек ойдо неетимдин.
Бала багып, неберелер чоңойтуп,
Баштагыдай баспай азыр секинмин.
Бир чоң үйдү куруп койуп ордуна,
Бул дүйнөдөн калбайын деп өкүнгүм.

*3-май 2014-жыл*

## ТИРҮҮЛҮКТӨ

Тикчийип, тирмеңдешип карашкандар,
Тилиңен уу чыгарып кармашпаңдар.
Телмирип жамандыкты издей бербей,
Тең сунуп кылыч, канжар кадашпаңдар.

Тагынып турбаңыздар кылыч, канжар,
Тарсылдап, так сүйлөшкүн тирүү жан бар.
Турмушка тутка болом деп ойлошот,
Туруугa сезим кылган көп адамдар.

Тикчийип, тирмеңдешпе тирүүлүктө,
Теңдеш жок жылуу жумшак жүрүүлүктө.
Тууганды тууган дебей душман көрсөң,
Таптакыр татыбайт го тирүүлүккө.

Текши бол бардыгына барабарлап,
Тууганды тууган кылып карамалап.
Тирүүлүк өткөнчөктү сыйлашпасаң,
Туугандын эт жүрөгү жараланат.

Туз насип түгөнгөндө өмүр өтөт,
Түбөлүк жарык жайдан такыр кетет.
Тууган деп, күйүп-бышып кейингениң,
Тыйынга турбай калып нени чечет.
Тирүүлүк бар кезинде сыйын билбей,
Таасирин билбей жүрүп көңүл өчөт.
Туугандын кадырын бил өлө электе,
Топурак төгүп, чачып көмө электе.

*25-июнь 2014-жыл.*

## АК БУЛУТТАР

*Асанкалы Керимбаевдин сүйүүсүнө.*

Айланып көлдү бойлоп, келдиң эле,
Ашыктык ырын ырдап эргип дене.
Амалың табылбастан булбул болуп,
Алсырап ак сүйүүңө күйдүң неге.

Атайлап асман мелжеп көл жээгине,
Ак булут макул болуп, не дээриңе.
Асакем сүйүү, арман созобу деп,
Алса деп менчик кылып мэдерине.

Асмандап учуп келди ак булуттар,
Асакем сен эмессиң эл унутаар.
Ак сүйүүң кайтып берет көлдүн жээги,
Артыңа келип кетчи минип тулпар.

Арманың арылбастан муңдуу кеттиң,
Ал жакта абал-жайың канттиң, неттиң.

Айланып ак булутуң издеп жүрөт,
Асаке бир айла таап, келип кеткин.

Армандуу бул дүйнөдө сендей болбос,
Ажалың, ырайымсыз болуп жолдош.
Артыңда ак булутуң калган менен,
Аттиңай өзүң болбой, жыргап оңбос.
Асаке сүйүүң калып, өзүң жоксун,
Атагың элге чыгып, oорду толбос.

*25-июнь 2014-жыл.*

## САЛАМАТ ЖҮР КҮКҮГҮМ

Жүрөгүңдүн арнап болбой бүтүнүн,
Жүрчү элең го чыгарбай чаң, түтүнүн.
Жалгыз койуп, таштап мени алыска,
Жаным бирге кайда кеттиң күкүгүм.

Жарыгы жок, жалгыз учкан үкүмүн,
Жан кыйнаган сен болдуң го күкүгүм.
Жыргай турган, келеер күнүң болсо деп,
Жарып асман жолун ачып күтүүнүн.

Жакшы максат, ойлоруң бар мен үчүн,
Жаным туйлап, кыйын болду көнүшүм.
Жагалмайым кантип жүрөт экен деп,
Жатсам, турсам күтөм кайра көрүшүм.

Жакшы кал деп, аманат сөз айткансын,
Жытым искеп,жактырганың абдан чын.
Жарык маанай баягыңдай күлмүңдөп,
Жолдо узатып кызың менен калгансын.

Жалгыз калып таппайм издеп түн, күнүң,
Жан жыргаткан жалыны бар күлкүңүн.

Жакшы көрүп, жарык кылып өзүмө,
Жамалыңдан ырахат таап жүрчүүмүн.
Жашоо экен, турмуш экен ушундай,
Жаның аман, саламат жүр күкүгүм.
Жабыркатпай сайрап мага үн берип,
Жанын айа жалгыз калган үкүңүн.

*1-июнь 2014-жыл.*

## БЕРГЕНБИ КУДАЙ ӨҢҮНӨН

Билесинби, ашык көрөм көбүнөн,
Бир сен үчүн жаралгансып көрүнөм.
Бөлүп-жарып берген окшойт бир сага,
Баардыгынан башка кылып өңүнөн.

Балбылдайсын сен башкача көбүнөн,
Бассам, турсам жамгыр өңдүү төгүлөм.
Байкай албай кыйналгансып жүрөмүн,
Бөлөктөтүп бергенби дейм өңүнөн.

Бакырайган көзүң башка көбүнөн,
Байкайсынбы бир сен үчүн төгүлөм.
Башкалары сендей жарык көрүнбөй,
Буйруп сага берген окшойт өңүнөн.

Балдай таттуу ширеси бар көбүнөн,
Бармак басым, оозуң оймок көбүргөн.
Бала кезде кайда жүргөн экенсин,
Бир башкача берген өңдүү өңүнөн.

Бойуң көрөм жарашыктуу көбүнөн,
Баткендинби же Кадамжай төрүнөн.
Басышыңдан, бир башкача байкалып,
Берген окшойт, жалгыз кудай өңүнөн.

*15-июнь 2014-жыл*

# САГЫНДЫМ

Кыймылың кыйнап сагындым,
Кудайга тилеп жалындым.
Кыйналып сени унутпай,
Күл болуп өчүп, жалындын.
Күлгөнүң сенин сагындым,
Кеткениң билем жагыңдын.
Кайдыгер болбой баруўга,
Келбесин билгин алымдын.

Көркөмүң абдан сагындым,
Көзүңдөн чыкчуу жалындын.
Көзмө-көз тиктеп калганда,
Көркөмү тийип калыңдын.

Көрсөм деп жаман сагындым,
Күткөндөй самап камындым.
Келгендей сени элестеп,
Көйкөлгөн денең жамындым.

Көп күтүп агай дегениң,
Күкүгүм ушул дегемин.
Кадимки үнүң угулуп,
Күткөмүн сени дегеним.
Кайтарып жообуң болгону,
Каалаган бойдон элемин.
Кабарың бердиң дозвондон,
Кайтарып сүйлөп беремин.

*13-06-2014.*

# АЙТЫП БАРАМ

Айтып барам мен кызыма актанып,
Айрым кеткен каталардан сактанып.
Ай чолпонум, айдай кызым Венерам,
Атам бар деп жүргөндүрсүн мактанып.

Алыс жерде жүрөсүң сен сакталып,
Аа мен жүрөм от жалынга947 кактанып.
Айып койуп, алты жылга кессе да,
Алигиче чыксаң боло акталып.

Адырыңа эстелик таш койулду,
Аткарышып, Нурлан, кыздар ойумду.
Аттиң кызым, шаша качып кеткениң,
Арман болду өткөрөөрдө тоюңду.

Айла таппай чоң магазин тургуздум,
Атын атап, атын койуп бул кыздын.
Аманат деп таштап эли журтуңа,
Айтып жүрсүн перзенти деп кыргыздын.

Акыл калчап, абдан ойлоп койду элем,
Асмандагы эң сулуусу жылдыздын.
Анткен менен өмүрүңдү кыскартып,
Арманы бар адам мени, кылгыздың.

*24-июнь 2014-жыл*

# ЫЙЫК ЖЕРЛЕР ОҢДОЛОТ

*Аким Аттокур Тажибаевдин иш аракетине карата*

Өлбөс-өчпөс мурастарды сактайлы,
Өзүм дебей, эл дегенди жактайлы.
Өткөндөрдөн калгандарды жаңылап,
Оңдоп-түзөп жасалгалап актайлы.

Өкүмөттүн демилгесин жактайлы,
Өнүп-өсүп элим жашап жатпайбы.
Өзү жебей мураска деп арнаса,
Өмүр тилеп, ошолорду мактайлы.

Бир адамдын оюн колдоор эл болот,
Билип айтса, көрүп айтса колдолот.
Башчы болсо талыкпаган, талапкер,
Байкап журту, аракети корголот.

Байкалбаса баары эскирип кор болот,
Баасын билген күч аракет колдонот.
Байыркы шаар, Өзгөнүмдүн мурасын,
Башчы акимдин бул сунушу колдолот.
Баш көтөрүп марафонго эл келип,
Быйыл мына ыйык жайлар оңдолот .

*24-июнь 2014-жыл*

## КАМАЛ АЛИЕВ АГАМА

*Курсташтык мезгил эстелип*

Бой десе бойду беришкен,
Бой сынап өткөн ар иштен.
Болжосом Камал курсташым,
Боз улан бойдон келишкен.

Басканы басык келишкен,
Беймарал жашап жеп ичкен.
Бой керип жүрчүү кезинде,
Болсо деп менин периштем.
Бótодой боздоп жаш кыздар,
Боз белдин гүлүн теришкен.

Бетинен жарык кетпеген,
Бойдок кыз чуркап жетпеген.
Бардыгын айтыш кыйын го,
Бүтпөсүн билем кеп менен.
Биринен тандап бирисин,
Билемин, тааныйм коп жеңем.

Башкарып жеңем жүргөн кез,
Баштагы ойлор болбой тез.
Баары бир жүрөк картайбай,
Боло элек али көңүл нез.
Билгемин жеңем баасынан,
Бул агам дале алтын, жез.
Билбеген билип алсын деп,
Билдирип иниң жазды сез.

*24-июнь 2014-жыл*

## ДЕН СООЛУГУМ БОЛГОНДО

Урмат кылган, урматталган усталык,
Учкан куштай өмүр өтүп кыскарып.
Уста салып үй курдуруп жатканда,
Улутунуп, улам турдум кысталып.
Ушундай иш өз колумдан келчи эле,
Убайланып тура албадым тынч алып.

Көрүп туруп, көзүм түшүп кыйналып,
Көп ишимди кадырлашкан сыйга алып,
Копол кыймыл, копол кылган иштери,
Качып турду кыналышпай сыйгалып.

Карысам да көзүм жетип турамын,
Кайра-кайра оңдоп-түзөп бурамын.
Кап деп коюп жасап жаткан ишине,
Кайра берсе гана жап-жаш убагым.

Көкүрөгүм сезип, көрүп кылганын,
Кыйналгандан келип кармап бир жагын,
Кар болбостон ден соолугум болгондо,
Карап турбай небак бүтмөк кылганым.
Кайтып бер ден соолукту күчөтүп,
Кабак бүркөп, айла таппай тургамын.

*15-июнь 2014 жыл.*

# ӨТӨТ БИР КҮН

Кайран күндөр, капа болуп кайгырып,
Карaанымдан биротоло айрылып.
Караңгыда калсам керек кучактап,
Кара жерди түбөлүктүү жай кылып.

Өткөн күндөр, өтөөрсүңөр кайгырып,
Өткөндүгүн эстей албай айрылып.
Өтөп өмүр, канча жашоо болсо да,
Өкүндүрүп келбейт тура кайрылып.

Өркөчтөнгөн суулар соолуп сай калып,
Өлчөө билбей,буту-колуң кайрылып.
Өтөөр күндүн кадырына жетпестен,
Өмөчөктөп күтсөң келбейт кайрылып.

Өткөндөрдү бирден көрсөң элестеп,
Өкүнүчтүү, өтө кыйын дебес кеп.
Өлүм күтпөй, алып кетет турбайбы,
Өдө-ылдый отурбастан кеңештеп.

Арман калаар, ар бир жандын өзүндө,
Ардактай жүр тирүү жүргөн кезиңде.
Асыл жандан өмүр өтүп өлөөрүң,
Алган жакшы ар качандыр сезимде.
Артты карап кайрылба да кайгырба,
Алдастайсын акыл келбей сезимге.

*10-июнь 2014 жыл*

## ЭСЕН КЕЛСИН

Мен сени кайдан издеп, кайдан табам,
Мосвка жакын эмес алыс кадам.
Мүмкүндүк болбой жаткан болсо керек,
Мен үчүн кылбай койбойт сендей адам.

Күтпөгөн ишеничим айтып саган,
Кабарсыз капалыктын отун жагам.
Келеер деп эч болбосо номериңди,
Кимдендир угаармын дейм башкалардан.

Элестеп баскан жериң карамалайм,
Эрмектеп баштагыдай аралабайм.
Эч кимге теңдештирбей бир өзүңдү,
Эркелик мүнөзүңдү өтө баалайм.

Туруктуу мүнөзүңө ишенгенмин,
Туткунга түшкөн өңдүү кишенделдиң.
Турмуштун ырайына карап калган,
Туткасы бул да болсо бешенеңдин.
Токтобой мезгил өтсө жолугарбыз,
Төйтөйгөн тоту кушум эсен келгин.

*10-июнь 2014 жыл.*

## СЕН МЕНЕН КЕНЕН

Ойлонбой туруп, оң жакка буруп,
Ойлонбой туруп, шол жакка буруп!
Отурган жерде, түшүрбөй жерге,
Оң көзүң өпсөм, сол көзүң калып.

Атайлап барып, адырга салып,
Атайлап барып, алдыма алып.

Алдыма алып, аябай канып,
Ашыктык отко аянбай барып.
Армандуу бул күн өзүмө жагып,
Алыска кетсең, ордумда калып.
Алыска кеттиң, мен жалгыз калып.

Жол бойу келип, үйүңдө калдың,
Жол бойу келип, сүйүнбөй калдым.
Жоготуп сени,таба албай эми,
Жалгыздап калды суу бою жееги.
Жалдырап көзүң жангандай жылдыз,
Жалооруп турам калгандай жалгыз.
Жанымда жүрүп кеттиң го алыс,
Жанымдан кетип өдөлөп алыс.

Ойлонбой сени оң жакка бурбай,
Оңтойсуз жерде кучакта турбай.
Оң көзүң өпсөм, сол көзүң калып,
Оозуңдан сорсом, бешенең калып.
Окшошпой калды ошондо барып,
Ойдогу сырлар айтылган менен,
Отурбай узак убакыт тарып.
Отурбай калдым сен менен кенен.
Ойдогу ойлор айтылбай терең.

*18-июнь 2014*

## МАХАБАТКА БАРАЛЫК

Бүгүнкүнүн болсо керек эртеңи,
Билбейм неге унута албайм мен сени.
Бери кел деп алып кетти чакырып,
Башка бирөө, буруп жолго тескери.

Сендейди мен көрбөптүрмүн таптакыр,
Сезип билем бул жашоодо не жакыр.

Сени мага жолуктурбай эртереек,
Сага, мага тийип турган күн бакыл.

Мен Раймалы,Сен Бегимай жаралып,
Калбасак да тарых болуп таралып.
Качан болсо кол алыша бир болуп,
Кетсе дагы сенден менден балалык.
Көңүлдөрдү калтырбастан өлгүчө,
Көптү күткөн махабатка баралык.

*7-июль 2014 жыл.*

## КӨЙКӨЛБӨЧҮ

Көйкөлбөчү, көптүн көзү тийбесин,
Көңүл бөлүп, көөнү түшүп ийбесин.
Көпчүлүктү айтыш кыйын аныктап,
Кимдир бирөө, ырга жазып чийбесин.

Көйкөлбөчү, көптун көзү тийбесин,
Көзү түшүп, мен сүйгөндөй сүйбөсүн.
Кара тору көпөлөктөр айланып,
Көңүлүңө көлөкө, чөп үйбөсүн.

Суйкайбастан сулуу болбой жөн  жүрчү,
Суранаарым өзүңдү өзүң көндүрчү.
Суусаганда суусун болуп сен мага,
Сууңдан жуткан мен болойун жүргүнчү.

Сулуулуктан жалын чачып күйдүрчү,
Суук түшүп кете электе үлгүрчү.
Сентябрдын этегинде келем деп,
Суранамын жарк-журк этип бир күлчү.
Сагынычым таркап, черим жазылсын,
Саамайыңдан сыйпалатып сүйдүрчү.

*17-май 2014-жыл.*

## СЕН МАХАБАТ

Сен махабат, кайда жүрөт экенсиң,
Сергүү берген чексиз талаа мекенсин.
Сенин жүзүң жарык чачып өзүмө,
Сен бир гана бешенемсин, чекемсин.

Сен аккан суу, тунуктугуң дагын бар,
Сенде терең, толкундаган жагың бар.
Салкын төрүң, ысып күйгөн учурда,
Сергисем деп күткөнүң бар, сагынаар.

Сен Нарын суу жылып аккан, шашпаган,
Сен Ысык-көл, толкуп жээктен ашпаган.
Сени гана, таппай турсам изденип,
Сен мендиксин тарбиялап, жаш балам.

Сен махабат, кучак жайган жаш балам,
Сени издеп, терезеңден башпагам.
Сагынганда таппай калсам өзүңдү,
Сабырым суз, капа болом, таш кабам.

Сени күтүп, кайда экен деп мен жүрөм,
Сергий албай, капаланам үшкүрөм.
Сагынычым ашып ташып ичимде,
Салмактанган, унутулгус түш көрөм.

*23-май 2014жыл*

## ЖОЛУКТУҢ ЭКЕН КАЯКТАН

Жубан да болсоң кыздайсын,
Жүрөктү козгоп туздайсын.
Жүрүшүң кара жоргодой,
Жүрүмүң такыр бузбайсын.

Тунуган тунук муздайсын,
Туйлатып көңүл туздайсын.

Турнадай мойнуң созулуп,
Турпатың сенин кыздайсын.

Сезилет мен деп сыздайсын,
Сүрөттөп жазып сызбайсын.
Сендейди кантип жараткан,
Селкидей эмес кыздайсын.

Болжоомдо сени сезгемин,
Болбопсун бозой кездегим.
Болжошуп мурда жолукпай,
Боору таш учур кез менин.
Болтуруп койсоң мейличи,
Боорумду басып эзгениң

*26-май 2014-жыл.*

## КАЙРАН МАС

Көзү башка, сөзү башка кайран мас,
Көңүл айнып, көрүнүшү карабас.
Көрүнгөнгө көңүл калаар сөз сүйлөп,
Көпчүлүк эл укпай турган каалабас.

Буту, колу бузулгандай кайран мас
Башкаруусуз, басып жүрөт айланбаш.
Булдуруктап бир демени сүйлөнүп,
Бузуп, жарып койо турган тайманбас.

Оозу бузук, оордун таппайт кайран мас,
Оңураңдап сөздү сүйлөйт аралаш.
Оң солу жок бара жатса көчөдө,
Отурган эл, оң көз менен карабас.

Окшоп турат итке окшош алабаш,
Оозу мурдун, кусундусун жалабас.

Ойку-кайкы басыгынан түшүнүп,
Орус ити, кыргыз ити талабас.
Ордун билбей, мас жүргөнү жаштардын,
Оо туугандар, бул жашоого жарабас.

*24-май 2014жыл.*

## ӨЗГӨН НУРУ

Өзгөн шаарым Өзгөн болуп төрөлгөн.
Өзүм жаздым болушунча көрөңгөм.
Өзгөрүлүп күндөн күнгө жашарып.
Өзбек, кыргыз кылып жаткан жөрөлгөң.

Өзгөнүмдөн «Өзгөн нуру» жаралган.
Өзү сулуу, сөзү сулуу таралган.
Өздөштүрүп окурмандар талабын.
Өзгөчө бир гезит болуп саналган.

Өтүп күндөр өзгөрүлдү, жасанды,
Өкүнбөстөн сексен быйыл жаш алды.
Өткүрлөнүп, түстүү түскө боенуп,
Өтсө дагы сексенде эмес жашарды.

Өнүктүрүп. эгемен деп баса алды.
Өдөлөнттү жалкоолорду, кашаңды.
«Өзүм»- деген өнөкөттөн тазалап,
Өңдүү чыгып. ого бетер жасанды.

Өлчөө эмес. өмүр жашың сексениң,
Өмүрүңө өмүр тилейм мен сенин.
Өзгөчөлөп Өзгөнгө нур таратып.
Өзүң билип, өсүү жагын эстегин.
Өтөп элдин кыймылына жараша.
Өмүр бойу өңү өссүн гештеңин.

*22-апрель 2014-жыл.*



*Окуучулук мезгил 1958-жыл.*
*Жаңы Талап мектеби*

Кайран достор, карыгандай көрүнбөйт,
Кадимкидей өңдөрүнөн бөлүнбөйт.
Кайраты бар, жаш жигиттей сезилип,
Калбадым деп, жаштыгынан түңүлбөйт.

Кыйын болуп, төртөө калпак кийишти,
Картайдың деп мага катуу тийишти.
Кара чачын ак болгонун көрсүн деп,
Карсылдашып, тамашалап күлүштү.
Карбаластап таппай калып калпакты,
Көңүлгө алып, билбептирмин бул ишти.

Кантсек дагы катарлашып жүрөлү,
Каткырышып, кыйкырышып күлөлү.
Кудай берсе токсон жашты өткөрүп,
Күч-кубаттуу, талбай өмүр сүрөлү.
Кезек келип, кете турган мезгилде,
Койсо болду кудай кечип  күнөөнү.

*22-сентябрь 2014-жыл*



Байыркы шаар, Өзгөнүмдүн мурасын,
Башчы акимдин бул сунушу жолдолот.
Баш көтөрүп марафонго эл келип,
Быйыл мына ыйык жайлар оңдолот.

*24-июнь 2014-жыл*

## ҮСӨНБЕК САГА ҮЧ СУРОО

*Өткөн күнүн эскерип*

Үсөнбек ай, неге кыска өмүрүң,
Үй-ичиңен калган беле көңүлүң.
Үмүт кылып, келгендерди дарылап,
Үлгүрсөм деп, айтчы элең го көбүнүн.

Кандай болуп, кокустукка жолуктуң,
Кимдер менен келди ажал тоорушкуң.
Көңүлүңдө эч бир кириң жок эле,
Келди беле, ким бирөөгө болушкуң.

Арачалап, жардам бербей койдубу,
Алаксытып, эки көзүң ойдубу.
Асылышып алышканда күч жетпей,
Атырылып, бычак шилтеп сойдубу.

Пайда гана тиер кезде элине,
Пул алса да, ала бербей кемине.
Периштедей учурушпай жашоодон,
Бычак сайган ким болду экен дениңе.
Бере салып, бар дүйнөңдү тапшырып,
Басып кетсең болбойт беле элиңе.

*2-сентябрь 2014-жыл*



# АРЧАЛАРЫМ

*Мектепке эгилген арчалар жөнүндө.*

Келечекте көркүн берип калсын деп,
Калыс ойдо, калыс максат күткөнбүз.

Казган чукур кароолчубуз Алтымыш,
Катуу элек, жолкоолонбой жалпыбыз.
Күрөк кармап, бир кишидей киришип,
Кийинкиге болчу эмес, калтырыш.

Айттым мына, ушул жерге эгемин,
Абдибайит топурак сал дегемин.
Абдан өнүп көтөрүлүп калса деп,
Азыр ойлойм, кандай тамак жегемин.

Он бир түбүн, он бир жан деп элестейм,
Ойлорумду, ортолотуп кеңешпейм.
Жаштыгында, жетекчилик кезинде,
Жаныбектен башка эккен эмес дейм.

Арчаларым, бойуң жетсин булутка,
Адам бойдон  калбайын мен унутта.
Асман тиреп, силер калып түбөлүк,
Аа мен кетем, бирок мени унутпа.
Арчаларым, такыр мени унутпа,
Адам бойдон калбайынчы унутта.

*4-октябрь 2014-жыл*



Кыздар калды, кыйпаңдашып тар жолдо,
Кыйналабы, кысталабы болжомдо.
Кыйкырышып, доошу турмак угулуп,
Кайран кызым, эгер тирүү болгондо.

Күндө эстеп, күндө самап сагынам,
Колдоп жүр деп Нурланыма жагынам.
Каражаттан муктаж болбойт билемин,
Камкор болот акча-тыйын жагынан.
Келечеги кең болсун деп кыздардын,
Күндөп-түндөп бир кудайга жалынам.

*1-сентябрь 2014-жыл*

## БАЙКАЛБАЙМЫН

*Токомдун 150 жылдыгына карата.*

Токтогулду,Токтогул деп айта албаймын,
Током деген, пикиримден кайта албаймын.
Токомдун толгон-токой ырларындай,
Толгонуп, ырларымдан байкалбаймын.

Токомдой, тогуз кайрып,чайканбаймын,
Токомдой Сибирь барып, кайталбаймын.
Толгонуп карагайдын комузунан,
Тоо булбул, торгой ырчы байкалбаймын.

Эркиндик, эгемен деп тайтаңдаймын,
Эски өткөн заманага кайта албаймын.
Эркимче беш каман деп Токтогулдай,
Эбим жок, эптүү ырчы байкалбаймын.

Током деп, араң айтып кайпаңдаймын,
Токомдун ырын ырдап кайкаңдаймын.

Жүз элүү жашы жашка жетсе дагы,
Жүрөгүм сактабайт деп айталбаймын.
Токомдун жүзүн көрүп сүрөтүнөн,
Толуктап ыр жазуучу байкалбаймын.

*19-сентябрь 2014-жыл*

## КАРЫЛАРЫМ

Карыларым, картайбагын карыбагын,
Картайсаң да, өзгөрүлүп арыбагын.
Көңүл чөгүп, көңүлгө алып, капа болбо,
Көзүң чарчап, көзүң талып арыганын.

Карыга, мойун сунуп карыбагын,
Кулактын жардамчысы тагыларын.
Көзүңө очки салып кадимкиңдей,
Каражат керек болсо табылаарын.

Картайып, тагдырыңа таарынбагын,
Күчүнөн пайдалангын кабырганын.
Кемпирдин жамбашынан алыстабай,
Кайтарба, жаш кезиңдей жалынганың.

Кайратты кармай билип багынбагын,
Кимдерге, бирөөлөргө жагынбагын.
Көңүлүң чөгүп барса, төмөн болуп,
Кеткенди,  өткөн күндү сагынганың.

Калатго кош айтышып кармнганың,
Калганы жакшы болот кемпир, малың.
Кылымдап жашасаң да өмүр өтөт,
Карысаң ошол экен жакшы жагың.

Кайкаңдап, койкоңдогон карыларым,
Кадырың сактай жүр дейм жалпы баарың.
Кеткиче тигил дүйнө караңгыга,
Кор болбой өткөн жакшы өмүр жаның.
Картайып, өтө карып болтурбастан,
Кудай да кабыл алаар ошол жагын.

*22-сентябрь 2014-жыл*

## КАЛЫС СҮЙЛӨ

Калыс сүйлө, көздү көздөй түз кылып,
Караштырып, адаштырбай сөз кылып.
Кара ташты как жарылтып тартынбай,
Калың элде,беттештирип көз кылып.

Калыс сүйлө, улуу, кичүү, жашына,
Карабастан ыраң-орой кашына.
Карындашым, алыс жакын дебестен,
Калк ичинде калыс сөзүң жашырба.

Калыс сүйлө, куйсупурлук кылбастан,
Кыр чыгарба, тукум менен жамбаштан.
Кадимкидей, айтаар сөзүң айта бил,
Кайра тартып кетенчиктеп калбастан.

Калыс сүйлө, кызматыңдан чочубай,
Кырында бол, Памир, Алай чокудай.
Келечекте көптү билгиң келсе эгер,
Калпты кошуп, сүйлөбөй жүр токумай.

Калыс сүйлө, кошулбастан жалганга,
Кубанбагын, көптүн мүлкүн алганга.
Көпчүлүктө кошоматчы көп болот,
Көрүнүшкө көз көрсөтүп калганга.

Калыс сүйлө, көп узаган жаңжалга,
Көңүл бөлбө сени мактап калганга.
Кайраштырып, тескерилер жок эмес,
Кайра-кайрып, айтпагам деп танганга.

Калыс сүйлө, ачык сүйлө тартынба,
Калып сезим, калсын чечим аркаңда.
Калайык-калк сага калсын ишенип,
Качан болсо чындык болсун тартууңда.
Кадай учур, кандай шартка карабай,
Кабарлаш бол, калыс сөзүң айтууңда

*15-сентябрь 2014-жыл*

## АРАКТАН

Айраңсын, кее бир балдар ичпейт, чекпейт,
Адамдык сапат сактап, жерди теппейт.
Ал эми кее бир жашты көрүп туруп,
Айтышка жаш жигит деп, эркиң жетпейт.

Айраңсын, ата-энеси такыр ичпейт,
Ар дайым кудайынын барын эстейт.
Аракты ичмек турсун, колго албай,
Адилет, тазалыкты дайым эңсейт.

Арада ата-эненин ичкени бар,
Ал эмес, ичмек турсун кечкени бар.
Алардын уул-кызына башкалардан,
Ар кимден сөз угасын, эстери бар.

Апсаңдап, алтымышта ичкендер бар,
Алкынып, ак жоолугун чечкендер бар.
Алтындай ашык болуп, алган жарын,
Аракка мас болушуп, кечкендер бар.

Аа турсун кее бирөөлөр ууланышып,
Арасат өмүр жашап кеткендер бар.
Аракты оозуна албай, ичмек турсун,
Ардактуу, кадыр баркка жеткендер бар.

*1-октябрь 2014-жыл*

## ТИРҮҮЛӨЙ ТҮШҮП ТОЗОККО

Киришсе балдар арака,
Кеткени үйдөн жарака.
Баш бербей, басса тескери,
Бат эле кетет барака.

Кыздары кошо жарышса,
Конякты колго алышса.
Кыйналып кабыл алышат,
Кемпири менен абышка.

Тополоң турмуш түзүшүп,
Торпоктой түртүп, сүзүшүп.
Тарбия жолдон алыстап,
Тоготпой жибин үзүшүп.
Толготуп тууган апасын,
Таптакыр койбой сезишип.
Тапканын колдон жулушуп,
Топтолсо чогуу, урушуп.
Турса да карып ата-эне,
Турушпайт көңүл бурушуп.

Төрөлсө перзент сүйүнгөн,
Түтөйт деп, очок үйүмдөн.
Тилеген ойго, таш тийип,
Тополоң кайгы үйүлгөн.
Тагдырга айтып кошокту,

Таарынып ыйлап ата-эне.
Тирүүлөй көрүп тозокту,
Таалайым ушул экен деп.
Талаалап, үйдү бошотту.

Азыраак өтүп арасы,
Айланып, баккан баласы.
Арактан алып жуктуруп,
Ашынып, күчөп жарасы.
Ата-эне баркын билбестен,
Артылып, арман санаасы.
Андан да, үйүп мойнуна,
Ашыкча болду жалаасы.

*1-октябрь 2014-жыл*

## АЙАЙ БЕРЕМ

***Аксакалдар сотунун ойу***

Айай берем арасынан элимдин,
Арыз муңун угуп жап-жаш келиндин.
Абдан ичип, мас болгонун сүрөттөйт,
Арак менен бузулганын эринин.

Кечээ жакын тойу болгон келиндин,
Кадыр-баркын байкабайсын элиңдин.
Кандай сөздү бергендигиң унутуп,
Катуу кирип аракка не берилдиң.

Баркын билбей бажырайган келиндин,
Башың барбы аракка не берилдиң.
Баары эстен унутулуп убадаң,
Башка уруп, муш көтөрүп тебиндиң.



*Жийде айылындагы мектептин ачылышы.*
*29-август 2014-жыл*

## МАЗМУНУ

Баш сөз........................................................................... 3
Турмуш, тагдыр-бешене........................................................ 4
Атабайым.......................................................................... 5
Дүйшөнбай Туратов агама..................................................... 7
Ушундай белең Жаныбек........................................................ 8
Сен болдуң го.................................................................... 9
Батасы жок азыркы чындык турмуштан.................................... 9
Насыйкат күүсү................................................................... 10
Бир өзүңө кезигип............................................................... 11
Айай берем........................................................................ 11
Жылдын мыкты акими........................................................... 12
Кеңеш кеп.......................................................................... 13
Туугандар бар..................................................................... 14
Көз тирүүдө........................................................................ 15
Билесинби.......................................................................... 16
Башка жакка кетпегин.......................................................... 17
Бир келет........................................................................... 17
Куттуктайын....................................................................... 18
Айоо керек......................................................................... 19
ЭлТРдин алдында................................................................. 20
Чал турмуштун арманы......................................................... 21
Ашыкеме............................................................................ 22
Ким деп келем..................................................................... 23
Жаз жамгыры...................................................................... 24
Талантына тан берип............................................................ 26
Сабыр кылгын..................................................................... 27
Кызым келди...................................................................... 28
Белгиси барбы сакалда......................................................... 29
Бир кездеги курдашка.......................................................... 30
Өкүнбө Төөчүм карап турам................................................... 31
Экөөңөргө.......................................................................... 32
Айып этпей......................................................................... 33
Тумаржан........................................................................... 34
Жаз келип.......................................................................... 35
Көктөмдө учкан көгүчкөн...................................................... 36
Кайдан келдиң.................................................................... 36
Карыдым деп...................................................................... 37
Өткөндү эстеп айтамын......................................................... 38
Мен ыраазы........................................................................ 41
Катын алсаң........................................................................ 43
Көргүм келбейт.................................................................... 44
Чыңгыз ава......................................................................... 45
Эки тарап булкумай.............................................................. 46
Бириккиле өтүнөм................................................................ 47
Чынын айтам сүйүнүп............................................................ 47
Он сегиз жаш...................................................................... 48
Жыл мезгилин пайдалан........................................................ 49
Кызым менен сүйлөшүү......................................................... 51

Убалың бар........ 52
Ушакчылар........ 55
Атам айткан сөзү эле дегиле........ 57
Көз ирмелип........ 57
Жаштыгында алмашсаң........ 58
Кыз кыялы........ 59
Бозоро жортуп келгемин........ 60
Кадырын бил калкыңын........ 61
Теңдеши жок мезгилиң........ 62
Дос беле........ 63
Ден соолук........ 64
Эпке келет........ 65
Ручкам менен........ 65
Турганда сакаң оңколоп........ 66
Тариель........ 67
Бул күнү........ 68
Тар адам........ 69
Жытын искеп........ 70
Аппагым ай аппагым........ 71
Сүйлөбөй эле койбопмун........ 72
Тиш салдырсаң........ 73
Биз ыраазы........ 74
Суурулуп чыктың алдыга........ 75
Отурганда көрчүү элем карааның........ 76
Жыйырма алтынчы ноябрь........ 77
Тегизчилик тең болот........ 78
Дисик саткан балага........ 78
Мендеги ой........ 79
Көзүң кара........ 80
Интернетиң курусун........ 81
Сулуу өңдөн........ 82
Болбогула бөлүп жарган уядан........ 83
Баткенимдин өрүгү........ 83
Келеер белең........ 84
Тазамын өзүм тазамын........ 85
Кудайдан өмүр тилеп күнүгө биз........ 86
Көрө албастык кылбагын........ 87
Менден калат........ 88
Кел жаңы жыл........ 91
Түзгүм келет келишим........ 91
Каякта элең?........ 92
Айрым келиндерге........ 93
Кусалык........ 94
Жамшит иним........ 95
Жылкы жылы........ 96
Кыздарга........ 97
Ичип жүрүп........ 97
Көрбөптүрмүн сенин кара кашыңдай........ 98
Эстеп дайым жүрөмүн........ 99

Жолуктурдум буларды........................................................ 100
Дүйшөнбай Туратов агама.................................................. 101
Кыргыз деген!........................................................................ 102
Бул күн кетет......................................................................... 103
Сууну буруп жүргүзөм........................................................ 103
Каалайм балам ачык көңүл жүргөнүң................................ 105
Кирип койчу........................................................................... 106
Билесинби Шорону............................................................... 107
Кетет окшойт........................................................................ 108
Тиштеп калбай бармагың................................................... 108
Атым кыргыз......................................................................... 109
Кыргыз деген!........................................................................ 110
Акча чечип............................................................................. 111
Алымым.................................................................................. 112
Казына эки метр жатаарыңар............................................ 112
Эркелетем............................................................................... 113
Сени шашпа............................................................................ 114
Билели жаштар билели......................................................... 115
Сен сулуусун.......................................................................... 115
Азыркынын оп майда............................................................ 116
Түшкө кирсең деп ойлойм................................................... 117
Токсонду аттаң жалтанбай.................................................. 118
Чоң батаны берели................................................................ 119
Кайда кетти............................................................................ 120
Мастан качат.......................................................................... 122
Жүзү начар мамиле............................................................... 123
Авама кат................................................................................ 124
Китебиме аманат.................................................................... 125
Бешене..................................................................................... 127
Бул сүрөт................................................................................. 128
Апама кат................................................................................ 129
Аппак сүйүүң.......................................................................... 130
Жытың кете элек.................................................................... 131
Бейиш даамын жеген окшоит............................................. 132
Болбойт окшойт..................................................................... 133
Бул сүрөт................................................................................. 134
Жалган дүйнө.......................................................................... 134
Жаратылыш............................................................................. 135
Жолуктуң экен каяктан.......................................................... 136
Жыйырма жылдын ичинде................................................... 137
Кагылбайт, кайран өмүр казык болуп................................. 138
Кайран масс............................................................................. 139
Сендей эмес............................................................................. 139
Кечиккеним............................................................................. 140
Көз врачы Акылбүгө.............................................................. 141
Көйкөлбөчү............................................................................. 142
Кызым менен сүйлөшүү........................................................ 143
Кыялдануу............................................................................... 146
Махабатка баралык................................................................ 146

Сен менен кенен........................................................................ 147
Мезгил учат................................................................................. 148
Мен кетсем.................................................................................. 149
Ойлой берем................................................................................ 150
Өзгөндүн Өзгөн нурусун............................................................... 150
Өтө сулуу...................................................................................... 151
Пенделер биз................................................................................ 152
Сактап калдым элесин.................................................................. 153
Сен мүмкүн.................................................................................... 154
Эсен келсин................................................................................... 155
Бакылдын багы.............................................................................. 156
Өтөт  бир күн................................................................................. 156
Ден соолугум болгондо................................................................. 157
Сен Махабат.................................................................................. 158
Сен менин...................................................................................... 159
Согуп турса жүрөгүм..................................................................... 160
Султанга........................................................................................ 161
Сүрөтүн карап................................................................................ 161
Тагама........................................................................................... 163
Тегизчилик тең болот.................................................................... 163
Эй туугандар.................................................................................. 164
Эмне үчүн?.................................................................................... 165
Ээрчип кеттиң................................................................................ 166
Жазды көрүп, Сени жок................................................................. 167
Жалгыз тал..................................................................................... 168
Жолуктум жаш баладдай............................................................... 169
Жаштарга тилеп жакшылык........................................................... 170
Лирикалык ырлар........................................................................... 173
Кетет окшойт.................................................................................. 174
Көрө албастык................................................................................ 174
Суу издеген келинге...................................................................... 178
Сен үчүн......................................................................................... 179
Кадыр баркың элиңде.................................................................... 179
Сулууга........................................................................................... 181
Усталык.......................................................................................... 181
Унутпассын..................................................................................... 183
Токсон, жүз деп байкалды.............................................................. 184
Эгемендик алганда......................................................................... 184
Ишенемин....................................................................................... 185
Арманым бар.................................................................................. 186
Айып этпей..................................................................................... 188
Алдыга койгон алты ой................................................................... 188
Айрым ойлор................................................................................... 191
Болот экен...................................................................................... 193
Билбей жүрөм................................................................................. 194
Бет ачаар тойдо.............................................................................. 195
Мурат менен Гүлвира...................................................................... 200
Балалык жытың кете элек.............................................................. 201
Кечиккеним..................................................................................... 202

Кызым менен сүйлөшүү........................................................ 203
Сүрөтүң карап.................................................................... 206
Сактап калдым элесиң........................................................ 207
Болбойт окшойт.................................................................. 208
Сен мүмкүн......................................................................... 209
Мен кетсем......................................................................... 210
Сен экөөбүз........................................................................ 211
Сендей эмес....................................................................... 212
Эмне үчүн?......................................................................... 212
Кайда кетти........................................................................ 213
Жалган дүйнө..................................................................... 214
Кагылбайт, кайран өмүр казык болуп................................. 215
Апама кат........................................................................... 216
Тирүүлүктө......................................................................... 217
Ак булуттар........................................................................ 218
Саламат жүр күкүгүм.......................................................... 219
Бергенби кудай өңүнөн....................................................... 220
Сагындым........................................................................... 221
Айтып барам....................................................................... 222
Ыйык жерлер оңдолот......................................................... 223
Камал Алиев агама............................................................. 224
Ден соолугум болгондо....................................................... 225
Өтөт бир күн....................................................................... 226
Бакылдын багы.................................................................. 227
Сен менен кенен................................................................. 229
Махабатка баралык............................................................ 228
Бул сүрөт............................................................................ 229
Көйкөлбөчү......................................................................... 230
Сен Махабат....................................................................... 230
Жолуктуң экен каяктан....................................................... 231
Кайран мас......................................................................... 231
Бул сүрөттү........................................................................ 233
Ыйык жерлер оңдолот......................................................... 234
Үсөнбек сага үч суроо........................................................ 235
Арчаларым......................................................................... 236
Түшкөн сүрөт...................................................................... 238
Каап Венера!!! .................................................................... 239
Байкалбаймын..................................................................... 240
Карыларым......................................................................... 241
Калыс сүйлө........................................................................ 242
Арактан............................................................................... 243
Тирүүлөй түшүп тозокко...................................................... 244

Терүүгө 05.09.2002-ж. Басууга 20.10. 2014-ж.
Кагаздын форматы 60x84 15,75 Көлөмү басма табак.
Нускасы 100. Буйрутма №41 Офсеттик ыкма менен басылды.
Ош ш. Курманжан датка көчөсү-236
0779 77 77 89, 0770 13 02 02